65.9(2)32кир
С 19

М. Сапаев

# ЫЙМАН ОТУ



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

1585—2000

книги

07337

…ев М.

…юту

…25 г.

65.9(2)32кырг
С 19

М. Сапаев

# ЫЙМАН ОТУ

Публицистикалык ой толгоолор

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 467337

АБОНЕМЕНТ

ФРУНЗЕ «КЫРГЫЗСТАН» 1990

ББК 65.9 (2) 32
С 19

## МАЗМУНУ

Аянычтуу айыл абалы . . . . . . . . . . . 3
Ыйман оту . . . . . . . . . . . . . 57
Табийгаттын көркү . . . . . . . . . . . 85
Адамдык парзыбыз . . . . . . . . . . . 89
Алай керемети . . . . . . . . . . . . 94
Бүгүнкү малчынын тиричилиги жөнүндө . . . . . . 99
Жайыттын көркү кеттиби? . . . . . . . . . 106
Мал айдоо . . . . . . . . . . . . . 109
Бурганактуу ойлор . . . . . . . . . . . 117

**Сапаев Муса**

С 19 Ыйман оту: Публицистикалык ой толгоолор — Ф.: Кыргызстан, 1990.—128 б.
ISBN 5-655-00680-4

Муса Сапаев өзүнүн очерктери, публицистикалары менен газета, журналдарга басылып, окурмандарга тааныш болуп калды. Автор бул китебинде азыркы мезгилдеги айыл турмушун баяндаган маселелер жөнүндө кеңири сөз козгойт.

Основная тема публицистики Мусы Сапаева — многообразие жизни современного села. Автор остро ставит вопросы экологии, и социальных проблем которые требуют решения в процессе новых экономических отношений.

С $\frac{0605010411-17}{М\ 451\ (11)-90}$ без объявл. ББК 65. (2) 32

ISBN 5-655-00680-4

© М. Сапаев 1990.

## АЯНЫЧТУУ АЙЫЛ АБАЛЫ...

Тээ, белгисиз доорлордун уюлуна катылган башаттан сансыз мезгил аяр басышта келген «буудан» улам арышын ылдамдатып, текирең таскакка сала, анан жоргосун чайкап, мына төрт аягын кере таштап таноолору демиге кара терге түшүп марага жакындап баратат. Бул мара адамзаттын аң-сезимдүүлүктү эсепке ала баштаган мезгилден бери марасы — эки миңинчи жыл. Эки миң жылдын ичинен марага чейинки мезгил адам деген инсандын кайдан, кантип, каякка баратабыз деген суроосуна жооп берүүгө, жалпы эле өнүгүү-өсүү, калыптануу багытындагы бир жыйынтыктуу бүтүмгө келерине бараандуу себеп болору бышык. Мына ушул мараны көздөй бараткан элибиздин ат жалында ойногон шайдоот мүнөзүн калыптандырган, таштан-ташка урунуп, шаркырап аккан ак шапата тоо суулары, күлкү коштогон күмүш сымал булактары, кыркырда гүл жайнап, бетегеси белден сырттары, асман тиреген тоолору, аяк-башына көз жетпеген түздүктөрү курчаган айылдарыбыздын бешене тагдырына сарасеп салуу кезмети келип, пайнабы жок убадачылыкты четке кагып, нукура демократиянын күчү менен жаңылануууга багыт алуудабыз. Анан да, кайра куруунун күжүрмөн кубаты айкындык, маалымдуулук, адилеттиктин шарданасы ого бетер буга дем берип, чечкиндүү жана кебелбес чындыкты талап кылып турган чагы.

Айылым Дароот-Коргон айтылуу Алай өрөөнүндө. Мен

ушул айылда туулуп өстүм, ушул айылда жашап жатам. Айыл Ош шаарынан үч жүз чакырым алыстыкта, Чыйырчык, Талдык, Катын-Арт деген түтөктүү бийик ашууларды ашып, далай жол басып жетебиз. «Жердин аты — элдин аты» деген экен бир белгисиз даанышман, бул сөзгө ал кандай маанини камтып кеткенин айтпаптыр, кыязы өздөрү талдап түшүнсүн деген го. Мен бул ылкаптын мааниси жөнүндө кийинки кезде көп ойлоно турган болдум, ой учугун табуу кыйын.

Ашуулардын аттарына эле токтололучу. Чыйырчык — бул чымчыктын аты эмес, тетиги койдун чыйыры менен белеске чык деген мааниде болсо, Талдык, арыдык, чарчадык, талыдык деген сөздөн улам жаралган. Ал эми Катын-Арт деген ашууда басмачылардан качкан бир киши атка жүктөлгөн отунга кошо аялын таңып, жашырып кордуктан сактап калат. Ушундан улам «Отун арт, отунга кошуп катын арт» деген макал эл ичинде айтылып кеткен. Ошентип, Дароот-Коргонго чейинки бирде демиге өр тартып, бирде тик ылдый кеткен жыландай ийри-муйру жолдо баратканда тарых көз алдыңа бир катар элестеп, орошон ойду мажбурлай талпынтып, кээде денени дүркүрөтө кейиштүү аралап өтөт. Алай өрөөнү кыйла кызыктуу, далай таң каларлык жер: бир тарабы Памир, экинчи тарабы Алай тоолору менен курчалып турган коондун бир тилиминдей, узундугу эки жүз чакырымга жакын түздүк, бир дагы аймак менен түздөн-түз туташпайт — жалаң ак мөңгүлүү ашуу менен, жалаң асман мелжиген аскалуу тоо менен сепилдей айландыра курчалып барып биригет. Мына ушул өзгөчөлүк жалпы эле айылдарыбыздын өнүгүп-өсүш тагдырына сарасеп салууга оңтойлуу бир жагдай түзүп бергенсийт.

Тээ, көөнө заман, айылда «төрөлүп» айылда «торолот» да анан андан калаа өсүп чыгат. Кыскасы, айылдан токоч алып, акылын жөнөтүп турган жерди калаа деп атап коюшат. Жүрүп олтуруп калаа айылды тоотпой «сенин келечегиң жок, сен жоюласың илимий-техникалык прогресстин же-

ишенимдиктери менен — өнөр жайлык жол менен биз сени турмуштан чанабыз» деп маселе козгойт. Бирок, бара-бара өз түйшүгүнө өзү чалынып, ойлору чаташып, «төбөсү көк түтүн» чала баштаганда: «Ээ, жок, сен да керек экенсиң, бирок, капа болбо колдойбуз, коргойбуз, жардам беребиз, өнүктүрөбүз биздей эле, калаадай эле турмуш шарттуу, маданий-каадалуу аймакка айланасың, мына ишенбесең» деп айылдын «далысын» таптайт. Бул мындан ондогон жыл мурда болгон иш. Андан кийин калаа айылдын көңүлүн эчен курдай жубатпады, эчен курдай соороттподубу?

«Эң оболу материалдык-техникалык базаны түзөлү, бул үчүн айыл чарбасын ар тараптан өнүктүрөлү: талаачылыкты, мал чарбасын кирешелүү тармакка айландырабы. Ошондуктан, эң негизгиси — азыр планды аткаруу маселеси, колдон келсе милдеттенмени да өтөөсүнөн үзгүлтүксүз чыгып туралы, анан, «шаар менен айылдын ортосундагы социалдык-экономикалык жана маданий турмуш-тиричилик айырманы жоюу улуу ийгиликтердин жыйынтыгы болот... Эмгектенүү адам үчүн рахаттуу алектенүүгө айланат» деген убада айтылат. Бул бир миң тогуз жүз алтымыш биринчи жылдын октябрь айы эле. Ал эми бир миң тогуз жүз сексен сегизинчи жылдын июнь айынын аягында болуп өткөн XIX партиялык конференцияда Азык-түлүк проблемасын чечүү маселеси кайрадан биринчи планга коюлгандыктан, «шаар ушул кезге дейре айылдан алган карызын кайтарып берсин, айыл жергесин гүлдөтүп өстүрүү биздин бүгүнкү күндөгү биринчи даражадагы ишибиз парызыбыз» деген ойлор айтылды. Эмесе, сөз ошол айыл тууралуу болсун.

## Жашоонун сапаты

Республикалык газета-журналдар ден соолук жөнүндөгү маселеге кайрылганда айрыкча бир жашка чейинки балдардын чарчап калышы миң балага эсептегенде шаар-

га салыштырганда айылда көп болуп жаткандыгы тууралу далай жолу жазышты. Бул өксүк Алайга да таандык. Маселен, райондук, чарбалык жыйындарда да далай ирет көтөрүлөт, анан келип эле дүкөндө балдардын атайын тамактарынын жетишсиздигине, сүт кухняларынын жоктугуна эгер болуп калса начар иштеп жаткандыгына, медициналык тейлөөнүн тиешелүү деңгээлде эмес экендигине тоңкөө менен чектелет, жыйында «катуу каралган» кездерде айтылган абал бир аз оңоло түшөт, анан кайра унутулат. А негизинен канааттангыдай жылыш байкалбайт. Анткени, проблема айыл адамынын жалпы социалдык-маданий шарты менен мүнөздөлөт. Айыл жергеси оор түйшүктүн очогу бойдон кала берүүдө, ал түгүл дагы оорлошууга карай ыктап баратат. Айыл адамы — демек бул негизинен малчы же дыйкан.

Ал эми мекемеде иштегендер сезон сайын айыл чарба жумуштарына тартылып турат. Ошондуктан, алар көп учурларда бала-бакырасына, үй-бүлөсүнө үй-тиричиликтен жардам бере албайт, мал кыштатуу, сакмал, айдоо-себүү, кыркым, сугат, тоют даярдоо, жайлоого көчүп чыгуу, көчүп келүү, короо-сарайларды оңдоо, куут, кышка карата даярдануу баары кыска мөөнөттө бүтүш керек, баары шашылыш, бири-бирине байланыштуу. Тиричилик менен алектенсең муну ким бүтүрөт? Анан үй тиричиликтеги зарыл түйшүктүн баары аялдын мойнуна жүктөлөт: таң заардан туруп малын карайт, уй саайт, отун жарат, күл чыгарат, от жагат, тамак даярдайт, үй жыйнайт, баланы карайт, кир жууйт, малдын кыгын чыгарат, дүкөнгө чуркайт, огород менен алышат, тандырга нан жабат, анан алыстан суу ташыйт. Кышында чана менен жазында кол араба менен, көбүнчө эшекке жүктөлгөн кубуркөйлөр менен суу алып келишип флягаларды толтуруп салат, антпесе болбойт. Убараланганга жараша үч-төрт күнгө жеткидей суу ташыйт, дем алыш, эс алуу дегенди билбейт. Үч маал тамакка олтуруу айылдагы аялдар үчүн эс алуу катары. Чоңойгон балдары кол кабыш кылбайбы деген

суроо туулат, өтө сейрек, анткени мектептин түйшүгү мындан кем эмес, сабак бүттүбү, эжекеси же агайы тамактанып кайра мектепке кел дейт, аларга да тагылган ар кандай кошумча тапшырма, чарбанын жумуштары болот. Мектептен үйгө чейинки аралык алыс, бир кыштактан экинчи кыштакка баруу керек, көпчүлүк убакытты окуучулар жолдо өткөрөт, анан сабакка даярдануу деген болуш керек эмеспи.

Ушинтип айылда түйшүк оор. Түйшүктүн оордугу бош убакыттын жетишсиздиги, бул өз кезегинде маданий сабаттуулуктун жетишсиздиги. Ошентип, убагында эс алуу, сейилдөө, дене тарбия дегендерден айылдыктын түшүнүгү болбойт. Бир жагынан шарты туура келбегендиктен, экинчи жагынан жакшы маани бербегендиктен туура жана түрдөнтүп тамактанууну билбейт. Аялдар болсо боюндагы баланын ден соолугу эненин ден соолугуна жараша болоруна көңүл бөлүүгө чамасы жетпейт. Ооруканага келгенден кийин жалпы ден соолугунун бошоңдугунан кыйналып төрөйт, баласынын да салмагы төмөн, арык. Үйүнө келет. «Баланы ар түрдүү витаминдүү жашылча ширелер, сүт оокаттар менен тамактандыруу керек» дейт айылды кыдырган чакылдаган медсестра. Буларды кайдан табасың. Өрөөн боюнча беш чарбанын ортосунда бир гана Дароот-Коргондо жашылча дүкөнү бар. Орто Азияда турганыбыз менен жашылчанын баасы Сибирдин базарынан айырмасы жок. Ал эми жайлоодогу малчы үчүн жашылча-жемиш Москва, Ленинграддан белекке алынып келген базарлыктай эле бар. Ушинтип баланы ыйлай-сыктай бир жашка жеткирет, бирок маселе аны менен эле чечилип калбайт, бир жаштан кийин да бала тез-тез ооруп турат, көбүнчө жугуштуу оорулар менен. Мунун биринчи себеби врачтардын айтуусу боюнча жанагы флягадагы сууга байланыштуу. Дароот-Коргонду аралап аккан сууну Дара суусу дейт. Ал Теңизбай ашуусунан башталат. Жай айлары Теңизбайдан Дароот-Коргонго жеткенче сууну бойлой он бир, он эки жерге короо жайгашат, демек сууну ты-

нымсыз мал кечип турат, кыштакка келгенден кийин суу эки арыкка бөлүнөт, эл ушул арыктан суу ташып ичет, ал эми арыктын абалы жөнүндө айтпай эле коё туралы. Демек, суу чакага сузуларга чейин эле кыйла даражада булганыч болот, бала деген бала эмеспи ары-бери чуркайт, ойнойт, чаңкап келип идиштеги суудан чөмүч менен сузуп ичет да, дагы чуркап кетет, муну эч кайсы күч менен токтото албайсың. Анын үстүнө идиште сакталып турган суу бир суткага чейин гана ичүүгө жарактуу, сакталган суу убакыт өткөн сайын сапатын жогото берет, санитардык-гигиеналык талапка жооп бербей калат. Ал эми балдардын атасы талаа-түздө иштеген механизаторлор, сугатчы, жумушчу, мурда ташылып келинип идиштерге толтурулган сууну он, он беш күндөй сактап пайдаланат.

Айылдыктардын айрыкча малчылардын негизги оорусу тиш оору. Жашы отуздан ашкандан кийин тиши бүтүн айылдыкты кездештирүү өтө кыйын, кырктын тегерегинде тишинин жарымынан ажырайт, бул да жанагы сууга байланыштуу. Тоо суусу көбүнчө мөңгүнүн, кардын суусу, демек организм үчүн керектүү, айрыкча тиш үчүн керектүү фтор жетишпейт. Экинчиден, жогоруда айтылгандай айылдыктар да жайлоодогулар да көбүнчө эскирген сууну пайдаланат. Тоо-ташты аралап жүргөн адам демигет, оозду ачып дем алат, тоонун муздак абасы тиштн какшатат, ысык-сууктан да тиш урай баштайт, анан албетте, бийиктиктин табигый таасири да оңой эмес. Тиш ооруусу, бөйрөк, ашказан ж. б. ооруларды пайда кыларын көп эле окуп жүрөбүз, ошентип организмдин жалпы начарлашы башталат.

Бийик жердин абасы кескин өзгөрүлүп турат. Күн ачыкта тердетсе, күн бүркөлөр менен чыйрыктырат. Кышында ызгардуу суук, ушундан улам айылдыктар көбүнчө тизе, бел, жамбаш сыяктуу муун оорусуна чалдыгат, өпкөсүнө суук өтөт дарылануу керек, курорт, санаторияга баруу керек. Анте албайт. Себеби? Мына ушул темада мен районубуздагы атактуу чабандардын бири, эки жолу Ош

областтык партия комитетине мүчө болуп шайланган, райондук советтин бир нече жолку депутаты, бир топ орден, медалдардын ээси Сүйүндүков Бөрү аке менен аңгемелешип калдым.

— Бир миң тогуз жүз кырк сегизинчи жылы жай айында колума таяк кармадым эле,— дейт жашы пенсияга жакындап калган Бөрү аке. — Чабан болуп иштегениме мына кырк жылдан ашты, бир жолу да курорт-санаторияга же кайсы бир жакка саякатка бара албадым.

— Коомдук иштерге активдүү катышып аркы-беркини кыйла ажырата түшүнүп калган адам ден соолугуна кам көрүүгө маани бербей отурса, анда башкалар кантет? — деген суроону бердим.

— Чамбыл чарк, кол байлануу, чолоқ тийбесе кантесин? — деди ал тутала, — Чарбанын конторуна барып табелди карасаң малчынын убагында отпускага чыкканын, дайыма сегиз сааттан иштеп дем алыш берилгенин көрөсүң, а иш жүзүндө такыр андай эмес, эгер чындап малчылык кесиптин өтөөсүнө чыгам десең баш көтөрбөй эмгектенишиң керек. Жумуш көбүнчө кара күчкө байланыштуу болгондуктан өжөрлүк менен гана ийгилик жаралат. Албетте, жардамчы чабан бар дечи, бирибиз жер жарылгандан кан карайганга чейин кой менен жайытта болобуз, кичине эле алагды болсоң карышкыр тийиши мүмкүн, көчкүгө алдырасың, аска-ташты аралап жоголот, жылдык мээнетиң заматта талаага учат. Экинчибиз короонун түйшүгүнөн чыга албайбыз. Шыпырып тазалоо, отун-суу, жем-чөп дегендей, кыскасы, токсон түйшүк ал эми жазында жардамчы да колго тийбейт, бирде сугатка десе, бирде чөп чабыкка дагы башка жумуштарга алып кетет. Ошентип, отпуска учурунда да аялдарыбызды приказдан өткөрүп коюп мал менен болобуз. Бул биринчиден, экинчиден, айыл адамынын түйшүгүн билесиң го, там-таш салуу керек, бул канча каражатты, күчүңдү, убактыңды алат. Турмуш-тиричиликке зарыл буюм-кийимди убагында таппай далай түйшүктөнүп алыскы шаарларга чейин жол ке-

зүүгө мажбур болобуз. Мисалы, балдардын кийими, кайыш өтүк, чырак шише деген дагы башка майда-барат. Жанагы сен айткан курортко чарбанын активи же малчылыкка тийди-качты убактылуу аралашкан адамдар барбаса, башканын барышы кыйын го.

— Курорт-санаторияга же саякатка барып кел деген сунуш болдубу?

— Болду, көбүнчө борбордук курортторду сунуш кылышат. Социалисттик өлкөлөргө барып келгиле деп дайыма эле айтышат, а бизге мынабу өзүбүздүн Жалал-Абад эле керек. Үйгө жакын, кабарлашып турганга. Дал ушул ашказан, суук өткөн оорулууларды дарылай турган жер экен. Путевка болсо көздү жуумп туруп барат элем, бирок Жалал-Абадга барууга чарбага жылына бирден ашык путевка бөлүнбөйт имиш.

Эми аксакалдардан кийинки муундарда ден соолугун чыңоого, маданий аң-сезимин көтөрүүгө, жалпы эле жашоо, дүнүйө деген философияны аңдаштырып билүүгө кандай умтулат деп Чоң-Алай совхозунун белгилүү чабаны А. Куттугалиев жана Кашка-Суу асыл тукум кой заводунун алдыңкы чабаны А. Турдумаматов менен көпкө аңгемелештим. Экөөнүн тең чабан болуп эмгектенгенине жыйырма сегиз жыл болуптур. Бирөөсү да курорт-санаторияга же саякатка бара элек, алар да Бөрү аке айткан сөздүн дал өзүн айтты. Эми бул көрүнүш жалаң эле малчыга таандыкпы? Жок, жалпы көрүнүш. Чоң-Алай совхозунда малчылыкта, талаачылыкта, механизатор болуп иштеген миңден ашык адам эмгектенет. Совхозго жылына курорт-санаторияга, дем алуу үйлөрүнө араң эле отуздай путевка келет, ошонун да жарым-жартысы таңулоо менен пайдаланылса калганы кайтып кетет.

Ден соолуктун айынан путевка болсо Жалал-Абадга, Ысык-Атага, Чолпон-Атага барат элек дешет, а бирок дал ушул санаторияларга путевка аз берилет, бирок ошол эле учурда бул жерлерде ар кандай күмөндүү жол менен арзан наркта (териштирип келсең малчынын эсебинен) путевка

алган, жарым-жартылай дарыланып калган убактысын сайран куруу менен өткөргөндөрдүн арбын экендиги таң калтырат.

«Айыл адамы кандай тамактанат?» — деген суроого айылга барып келген шаардыктар: «Жалаң эле эт жейт экен», — деп жооп берет. Айылдыктар берешен эл болот, меймандос эл болот, мейман келсе ары-бери ойлонбой өзү союп жебеген бир соолугун көтөрө чабат да жакшылап сыйлайт, мына ушундан улам негизсиз жерден айылда эт арбын деген пикир айтылып жүрөт. Ал элдин бар тамагы нан, чай, кант, май. Май да саан уйу болсо болот. Кээде эти жок картошка бышырат, сейрек гана менчик малынан соют. Жазында да, кышында да ушул. Айран, сүт да такай боло бербейт, кызыгы ушунда, себеп дегенде мисалы биздин Дароот-Коргондо жайында бир саан уюнду баткырыш тоюк. Тегерете айдоо жер, кыяны тос, көпүрөнү тос деген буйрук болот. Мындайда талаа күзөтчүсү адамдын кыйыны, оного кудай берет, анын ишмердикти көрсөтө турган бир эле өнөрү бар элдин уюн тындырбай камай берүү.

Коркутуп-үркүтүп акты жазам деп, бирдеке үмүт этет, ага да канааттанбайт, кыскасы — ишмер. Анан аргасы кеткен эл ат кечип өтө албаган Кызыл-Суу деген чоң дайрадан агызып-кулатып дегендей аркы өйүздөгү чакан токойго уюн айдап өтүүгө аргасыз болот. Токойдун четинде дале жанагы күзөтчү даяр, дагы камайт. Кыскасы, сазайыңды колуңа берет, буга чыдаш кыйын. Ошентип, уйдун ээси «кайран мала уйду» белгисиз тарапка жеткирип жаны тынат, анан наристеге нан чайнап берүүдөн башка арга калбайт. Сүт кухнясы деген кыйын эле болсо он беш, жыйырма үй-бүлөнү бир күн ооруу, бир күн соо болуп араң тейлейт. Наристеге да, анын ата-энесине да каймак бере турган уйдун тагдыры жанагыдай. Башка айылдарда да абал мындан дурус эмес.

Азыркы заманда бардык билимдүү өлкөдө «жашоонун сапаты», «ден соолукту коргоо системасы» деген адамдын жашоо-турмушун комплекстүү камтыган чара ишке ашы-

рылып жатат. Анткени, ар кандай оору-сыркоо бул бир учурдук эле көрүнүш эмес, анын тукум куучулук адаты бар. Ошондуктан, адамзаттын түбөлүктүү генетикалык калыптанышы жөнүндөгү маселе ар бир аң-сезимдүү адамды терең ойлондура турган ири маселе. Ден соолугу чың үй-бүлөдөн чымыр денелүү бала төрөлөт, сергек мүнөз баладан өнүккөн коом калыптанат.

## Айылда кантип эс алат

— Эс алуу! Ушул сөз адамзаттын бардык умтулуусунун туу чокусу, каймагы. Жөнөкөй жана катардагы иш сыяктуу сезилген бул жагдай иш жүзүндө жогорку тарбия-таалимге, акыл-эс, баам-парасатка, а эң негизгиси өндүрүмдүү эмгекке таянып гана ишке ашат, ыракат табат. Илимий-техникалык прогресс чиеленген мамлекеттик саясат, коомдун өнүгүү багытын тандап алуу эгер чын-чынына келсек дал ушул адам үчүн маданияттуу жана ырахаттуу эс алууну камсыз кылуунун куралы, адамдык нукуралыктын өнүгүүсүнө жол издөө. Мына ушул саамалыкты самап бараткан айыл «Алибек алына жараша» дегендей, ар жердин өзгөчөлүгүнө, колдо бар шартына, ички өз ара адамдык карым-катнаштарына жараша эс алат, көңүл ачат. Кыргызда тээ атам-замандан бери карай келаткан жана да азыр айыл жергесинде кеңири салтка айланган эс алуу — бул дасторконду тегерете чайга олтуруу мезгили. Кылымдар бою Орто Азия элинде тамактануу учуру адамдарга эс алуунун негизги түрү болуп келүүдө. Ошондон бери карай, жаңылыктарды алмашуу, акыл насаат айтышып өнөр-кесип үйрөнүү жана да ата-эне менен бала-бакыранын осуяттуу маеги мына ушул жай, шашпай пияланы чайпалта чай ичип олтуруу менен айкалыша жүрүүдө. Ал эми бүгүнкү гезит-журнал, адабият, кино, телевидение жалпы эле маданий өнүгүүнүн чексиз жана чектөөнү билбеген таасири шаардык менен айылдык жаштарга бирдей эле өкүмчүл сунушун таңуулоодо. Дү-

нүйө жашоого ушул кабылдоо менен калыптанган көз караштан аңдаштырган, багыт издеген азыркы замандын жаңы өкүлү анын дурус да буруш да жактарын анча талдай бербей массалуу маданияттын жолуна түшкүсү келет. Ал гана эмес буга бөгөт коюуга жарамдуу бийик руханий байлыкты айыл турмушунун күнүмдүк көрүнүшүнө айландыруу колубуздан келбей тургандыгына көшөрө коюп бүткөндүгүбүз жаңылыкпы?

Айыл жаштарынын негизги таянычы түшүнүксүз жана шалдырак-шарак музыкалар жазылган магнитофон. Кечке жуук айылдык дүкөндүн айланасында же жөн эле кимдир бирөөнүн үйүнүн жанында, көчөнүн боюнда өткөн-кеткенден ой келди сүйлөп, ыктуу жана ыксыз сөздөр менен тамашалашып топтолушуп турган жаштарды күн кур эмес жолуктурам. Алар түн жарымына чейин көчө кыдырышат, бул жылуу кезде — жаз айларында. Ал эми кышында мекеме-гараждардын кароолканасында, от жагылчу жайларда, тамекинин коюу көк түтүнү каптаган чаңдуу чакан комнаталарда карта ойноо, «дурак», «пирра» анан «жыйырма бир», «господин» деген тыйын коюп ойнолчу, магниттей жылдырбай кармай турган түрү бар, ошонусу көпчүлүккө жагат, кажы-кужу менен кээде таң да атып кетет. Кээ бир айылдарыбызда бильярд деген бар. Эскирген, таштары талкаланган, баркыты жыртылган ага да карабай ала күү балдар ошону менен алек. Чоң айылдарда бирден китепкана бар, китептер жетишерлик эле, жетишпейт деп айтууга негиз жок. Бирок, ал китепканаларга анчалык барышпай турган болушту. Азыр бардык эле жерде китепти менчикке сатып алып үйдө байлык катары сактоо салтка айланган. Ушул муктаждыкты канааттандыруу маселеси да ойдогудай эмес.

Айылыбыздагы китеп дүкөндө китеп аз сатылат (башка айылдарда бул да жок). Себеп, эмне? Эл китеп сатып албайбы? Алмак, бирок элдин көңүлүнө жаккан адабий жана кызыктуу илимий-техникалык китептердин сатылганын көрө элекмин. Анткени, жергиликтүү соода уюму үчүн ки-

тепти шаардык базадан тандап алуу да, ташуу да, сатуу да такыр эле майдаланган, жүдөткөн ашыкча түйшүк. Бир машина китеп саткандан көрө бир түрмөк баркыт сатуу керек,— дейт соода уюмунун жооптуу кызматкери. Өкмөт, китептен түшкөн бир сом жыйырма тыйын менен эмес, андан алынган акыл-билим менен өнүгө тургандыгын түшүнүү биз үчүн жат нерсе. Биздин Дароот-Коргондун универмагы, чарбалык, бут кийим жана башка дүкөндөрү бир жерде жайгашкан. Ушул жерде бөлүмдөн-бөлүмдү кыдырып жүргөн жаштарды көп жолуктурам, алар эчтеке деле сатып алышпайт, тааныш болсо «эмне кылып жүрөсүңөр?» деп сурап калам, «жөн эле жүрөбүз» дейт, жөн эле жүрүү да айылда эс алуунун бир түрү.

Өрөөндүн кооз жерлерине кыдырып, табигаттын ырахат алууга кызыккандар бизде да чекеден, а бирок максатты ишке ашыруу кыйын. Себеп дегенде буга кенен убакыт керек, жок эле дегенде бир күн бүтүндөй. Айыл чарба жумушу сезондуу, күн сайын эртеден кечке дем алышсыз иштөөгө туура келет. Анын үстүнө кыштактарга жакын кооз жерлер да калбай баратат, бүт ээленген, мал жайылып булгүнгө учураткан, анан да техника деген болбосо азыркы заманда кайда жете аласың, демек саякат атайын уюштурулуу керек — аны ойлогон жумушчулар комитети кайда?

Ушинтип айылдык, кайсы бир алыскы капчыгай-төрдүн атын айтып, барсак болмок, эс алсак болмок эле деген арманда жүрүп кышка жетебиз.

Жетекчи кызматкерлер үчүн убагында эс алуу айрыкча кийинки кезде кыйын эле иш болуп калды. Айылда жетекчинин турмушу алакандын отундагыдай баарына дайын Негизинен өзү менен өзү, ыңгайын келтирип түшкү тамактын айланасында үйүндө бир-эки саат гезит окуйт, телевизор көрөт же уктап алат. Эртең мененки, кечки маал жетекчилердин иштей турган убагы. Анан ар кандай себеп-шылтоолор менен конокко барып ошондо кичине буту-колду жазып алышат. Кээ бирөөлөр, катташ мами-

леле жүргөндөр бөлүнө калышып бир жерде тамак даярдап эс алгандай болушат, булардын турмушу да татаал.

Дасторкон үстүндөбү, аш-тойдобу, кайда болбосун адамдардын өз ара сүйлөшкөнү, ой толгоосу, аңгеме маесинин багыты, маңызы ошол элдин аң-сезими, түшүнүгү кандай, канчалык даражада экендигин даана билдирет эмеспи. Айыл адамын ушул өңүттөн андасак негизинен мансаптык мааниде көп сүйлөшөрү назар салган адамга даана эле сезилет, «баланча чоң кызматка көтөрүлөт экен, тигил жакында түшөт, анын ордун чоңдун тууганы алат» ж. б. Илгери эмгекти даңктоо, талантты даңктоо, чебер өнөрдү даңктоо деген болоор эле, бул райондук гезитте эле болбосо турмушта анча таарипи болбой баратат. Анан кимдир бирөө жөнүндө узун сабак аңгеме куруу — айылдыктар бирөөнү сындоого, кемчилигин аныктоого, ал гана эмес тууроого өтө маш келет, ал эми өзүнө баа берүү өзүнүн жүрүш-турушун талдоо дегенге караманча эле чоркок. Өкүнүчтүү жагы — ушул пейил жаштар арасында да кенен тарап калды. Адабият, искусство, маданият жөнүндө масектешүү, мындайча айтканда азыркы замандын закондуу багытын айыл өздөштүрө албай жатат. «Кемигинде да, керкисинде да» таандык бул теманы баяндоо бир далай сөз. Дароот-Коргон чоң кыштак, клуб бар (башка айылдарда клуб да жок) күн сайын кино коюлат. Шаардык кинотеатрлар, «жарабайт» деп ыргытып салган киноленталарын жалдыратып жүрүп айылга берет. Сызылган, кыркылган, үзүлгөн бул тасмалардан кыштын кычыраган суугунда (Алайда жети ай кыш болот) тизени тизеге койгулап, калтырап олтуруп кино көрөбүз.

Ойногон артисттердин жүрүм-туруму, кийген кийими, биздө алиге бери жупуну жышаанда жок турмуштун көрүнүшү кандай болору кызыктырат. Ушуга да ыраазы болобуз, биз ыраазы болор себептер деле бир далай, мисалы, он жыл илгери болгон катуу жер титирөөдө биздин клубдун жарылып-жарылып барып кулап калбаганына тобокелчилик кылабыз. Кулап калса кинону көрүү эмес атын укпай

калмакпыз. Анан да биздин бийик ашууларды ашып шаарлардан айлан-жылдап бир келген артисттерге абдан ыраазыбыз. Биз аларды көргөнгө, алар бизди көргөнгө ыраазы. Дүкөнгө кээде кант түшсө, май түшсө сүйүнүп калабыз. Көзгө басар жалгыз уюбуз тууса бул чоң кубаныч! Айылда агартуу ишин өнүктүрүү жөнүндө «эр төштүктөй» эле узун сөздөр далай жылдардан бери айтылып келатат. Алгачкы жылыштарды үмүттөндүргөн чечимдер бар, оного ыраазы болобуз. Ыраазы болбоско арга канча!?

Мени ойлондурган спорттун улуттук түрү. Айрыкча мыкты аттардын тандалып тапталышына өбөлгө түзгөн, жигиттик камбылдыкка, шайыр-шайдоот мүнөзгө тарбиялаган ат чабыш, тыйын эңмей көк бөрү ойнуна айыл чарба жумуштарына тоскоол болот деп, жыгылат экен, башы-көзү жарылат экен деп уруксат бербей коюу туура эмес. Эгер башкарган адамы болсо, жөндүү уюштурулса, эрежеси так сакталса жакшынакай эле өтөөрүн көп эле көрүп жүрөбүз. Демек, бул дале «ач кулактан, тынч кулак» деп аракетсиздикке биротоло көнүп алгандыгыбыздан, жалпы эле мажиреөлүгүбүздөн болуп олтурат, чындаса колдон келе турган эле нерсе. Жөнөкөй, кызыктуу, маданияттуу оюндардын бири ордо. Ар бир айылда жайы-кышы пайдалана турган жабык ордо стадиондорун куруп, чемпионат уюштурса тез эле дүркүрөп өнүгүп кетмек. Ал эми ордо стадионунун күнгө бет тарабын айнектеп койсо күнөстүү жергебизде кышында от жакпаса деле жылымак.

Бирок, социалисттик мелдеште Союздун ардак грамотасын, республикабыздын кызыл туусун жеңип алган, жайы кышы бел чечпей иштеп төрт түлүк малды күтүрөтө күткөн эл үчүн жупуну клуб, стадион, эс алуучу жай курууга чарбаларыбыздын экономикалык да инсандык да дарманы келбей олтурат. Ошентип, мал дегениң адамдардан каражатты да, убакытты да, күчтү да бардыгын ылгабай алат. Бирок, берүүгө келгенде дым-дарек, узун жылдардан келаткан чечилбес табышмак болуп, мал адам үчүн эмес, адам мал үчүн жашап жатат.

Бош убакыт — адамды ар тараптан өнүктүрүү үчүн чечкиндүү кызмат өтөп жаткан кылымда жашап, анын кадырын түшүндүрүү баскычында олтурушубуз ар бирибиздин намысыбызды козгоп ишкердүү аракетке келтире турган жагдай.

## Турмуш таразасы

Айылдарыбыз тоо арасында, кышы узакка созулуп аязы чыкыроондуу болот. Ошондуктан, кыштан биротоло камдуу чыккыдай отун камдоо айыл адамынын көңүлүн өйүткөн бирден бир орчундуу маселе. Айталы, өткөн кышта биздин дароот-коргондуктар областыбыздын борбору Оштон соода уюмуна какыс-кукус көмүр жүктөп келе калган машиналарды күтүп, тизмеге жазылган кырк-элүү адам селолук совет менен жумушчулар кооперациясынын кеңсесинин ортосунда күтүрөп далай күн жүрүштү. Өчөшкөндөй жаз да кечигип туруп алды. Ала жаздан ташбиштүү машакатка түшүп жүрүп камдаган анча-мынча чапкан көңү да, тоо-токойдон токой чарба кызматкеринен жашынып жүрүп жыйнаган отундары да түгөнүп такыр айласыз абалда калышты. Ошентип, жүрүшүп азан-казан үй-бүлөлөр жулундөй отко жүзүн тосушуп, көк муштум болуп кыштан араң чыгышты. Бирок, муну ойлогон район жетекчилери болбоду. Айылда эптей-септей күн көрө беришет деди го, кыясы!?

Кыштакта жашагандардын жаккан отуну негизинен өзү баккан малдын кыгынан жасалган көң. Андан көрө ушул кыкты жер семирткич катары пайдаланса кандай сонун болор эле деп ойлоп кетесиң. Бул минералдык жер семирткичтен азап чеккен бүткүл адамзаттын самаган тилеги. Башка аймактарда жетишерлик кыкты кайдан табарын билбей башы маң, а биз «колдо бар алтындын баркы жок» дегендей өзүбүздүн областыбыздан чыккан көмүрдөн өксүп, көң жагып, далай акча коротуп жер семирткичтерди алыскы шаарлардан ташып келүүнү оңой олжо



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 467337

деп жүрүп атабыз. Мындан элге да кыйын, жерге да кыйын, табигатка болсо андан да салакалуу болуп жатканын мектепше келсең түшүнбөгөн адам жок. Ооба, кыштакта жашаган ар бир үй-бүлөгө кыштан кыйналбай-кысталбай чыксын үчүн кеминде 6, 7 тоннадан көмүр жеткирип берүү керек. Азыр Алай районуна бөлүнгөн жалпы фондулук көмүрдү үй башына бөлүштүрө келсең эки тоннага жетип-жетпейт. Ушул жерде суроо туулат, канчага чейин көмүргө таянууга болот?

Анткени, табигый ресурстардын жер бетиндеги запасы уламдан улам түгөнүп, өндүрүп алынышы татаалдашып баратканы айкын эмеспи. Алыска барбай, бар болгону Ош шаарынан отуз чакырым аралыкта жайгашкан Алмалык көмүр кени кийинки жылдары туруктуу иштей албай жатканын айтсак жетиштүү болор. Демек, отун проблемасын чечүүдө элге жетерлик көмүр, газ берүү менен эле чектелбей илимий техникалык прогресстин алдыңкы тажрыйбасын турмушка кийирүү аркылуу тиричилик түйшүктөрдү жеңилдетүүгө умтулуу керек, же болбосо жалпы эле айыл абалын оңдоого киришүүдө биз үчүн эки миңинчи жылдын жетишкендиктеринин өңүтүнөн баштоо гана туура болмокчу.

Үйлөрдү жылуулук менен камсыз кылуудагы негизги багыт көп өлкөлөрдүн күнөстүү аймактарында ишке ашырылган күндүн энегиясын кеңири пайдалануу болуп эсептелет. Кышы катаал жерлерде да катуу суук күндөрү гана жардам иретинде бир аз табигый отун же электр энергиясы сарпталат да башка эчтеке талап кылынбайт. Сиз, биздин Дароот-Коргонго келип калсаңыз анда үйлөрдүн эшиги, терезеси, айнектелген далиси негизинен күнөскө каратып салынганын көрөсүз. Жергиликтүү эл өз мүмкүнчүлүгүнө жараша күндүн аптабын пайдаланууга аракеттенет, эгер бул аракетке илимий негизде жардам болсо отун-энергетикалык чоң үнөмгө жетишер элек.

Ал эми айылдык аялдардын ташбиштүү түйшүгүн жеңилдетүү үчүн үй тиричиликке керектүү универсалдуу

сыяктуу электр жабдууларын кеңири жайылтуу зарыл. Бир кездерде коомдук тамактануу жайларын, турмуш тиричилик комбинаттарын иштетүү менен айылдык турмуштун көп маселелерин чечүүгө болот деген пикир өзүн актаган жок. Ал гана турсун тиричиликке таандык бардык түйшүктү үй-бүлөнүн өз күчү менен бүтүрүүгө умтулуусу биздин эле эмес тейлөө жагынан бир далай жетишкен башка өлкөлөрдө да байкалууда. Ошондуктан, электрлештирилген универсалдуу кухниялык машиналарды, нан бышыра турган, идиш-аяк жууган, кургаткан, уй саачу, чарбалык жумуштарды аткаруучу электр машиналарын чыгарууну союздун көрсөтмөсүн күтпөй эле ишке ашыруу керек го?..

Республикабыз электр кубатын иштеп чыгуу боюнча өлкөдө алдыңкы орундарда экендигин дайыма баса белгилейбиз, анан негедир айылдыктар пайдаланган бир киловатт кубаттын баасы төрт тыйын! Көпчүлүк республикаларда айылдыктар киловаттына эки тыйындан төлөсө Алайга коңшулаш Жерге-Тал районунда (Тажик ССР) бир эле тыйындан төлөйт. Электр энергиясынын кымбатка турушу аны тиричилик муктаждыкка пайдаланууда көмүргө салыштырганда бир кыйла чыгымдуу болуп, кайрадан эле көмүргө, карагай, арча, кайың, чычырканакты кыюуга умтулууга түрткү болууда...

Демек, жаратылышты коргоо маселеси айыл адамынын социалдык шартына жана экономикалык мүмкүнчүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу экендигин эске алышыбыз керек.

Айталы, эмне үчүн айылдыктардан алда канча мыкты шартта жашап жаткан шаардыктар үчүн такай пайдаланууга шаардын сыртынан «дачалык» жер бөлүнүп берилет да ал эми айылдыктарга жайында менчик малын багуу үчүн туруктуу жайыт бөлүнүп, ал жерге боз үй, чатырдын ордуна чакан үй куруп алууга, электр энергиясы менен камсыз кылууга уруксат берүүгө болбосун? Эгер анткенде үй кызматындагы аялдар, чоң энелер, балдары, небере-

лери менен бөжүрөшүп татынакай турмуштун очогуна айландырар эле. Албетте, антсе болмок, эгер кошкөңүлдүгүбүздү, калктын тагдырына кайдыгер кароо пейлибизди жеңе алсак, закон өздүк чарбаны өнүктүрүүгө кеңири жол берди. Малды багып жетилтүү, жемишти бышырып ысырапка учуратпай жыйып алуу албетте чоң жумуш, бирок мына ушул байлык качан керектөөчүлөргө сапаттуу жеткенде гана, ал акчага айланганда гана, турмуш-тиричилик маселелерди чечүүгө кызмат өтөй баштаганда гана өз маанисине ээ болот эмеспи. Бирок, дале болсо элдин колундагы жашылча-жемишти, менчик малды сатууну уюштуруу жагы бүгүнкү күндө, учурдун талабына татыктуу деңгээлде эмес. Менин баамымда, базар жалаң эле бизде эмес, менимче баш калаабыз Фрунзеде да ушул кезге дейре, элге ыңгайлуу жерде жайгашкан мал базары жок. Ош шаарындагы базардын этегиндеги жардын астындагы үстү ачык мал сатылчу аянтча кур дегенде олтургучтары жок кантип азыркы талапка жооп берсин? Убагында сатылбай калган мал элге, дегеле экономикага, анын өнүгүү жолуна залакасын тийгизбес бекен.

## Үч көрүнүш

Ар бир адамга, жашоо-турмуштун өнүгүү сересине назар салып нагыз даражасын баамдоого мүмкүнчүлүк бере турган ачык-айкын көрүнүштөр бар. Мына ушулардын бири кокту-колот, тоо-ташты аралап кеткен айыл-кыштактарыбызга карай алпарчу жолдордун абалы.

Тээ, көөнө заманда, мындан эки жарым, үч миң жыл илгери эле байыркы Египеттин фараондору мезгилине жарашкан чыйыр жолдордун ташын тердирип, уңкул-чуңкулун тегиздетип, ал гана эмес шыпыртып турчу экен, ошол кезде эле адамдар кандай жерге, кандай элге бара жаткандыгын жолдун абалына карата бааланарын алар түшүнүшкөн. Алай өрөөнүнүн тарыхы да өтө узак. Кээ

бир алыскы төрлөргө, жыл бою мөңгү, муз кетпеген кардуу капчыгай-даралarга барып жолдун эски соктуларына назар салсаң бабалардын асканын бир жерин барскан менен тешкилеп өткөнүн көрөсүң, дагы бир жерде тоодой таштарды кыпап жол салганын, да бир заңгел асканын жаракасына арчаны кагып, үстүнө шак таштап чебердик менен жолго айландырганына кумарланасың. Бекеринен байыркылар «нан кадыры менен жол кадыры бирдей» деген эмес да.

Мына ушуларды эстегенде адамзаттык өнүгүүнүн азыркы кубатынын айыл жолдоруна көңүл бөлүүгө чама-чаркы келбей жаткандыгы таң калтырат. Дагы айтам биздин Дароот-Коргон Алай өрөөнүндөгү эң чоң кыштак, өрөөндүн маданий борбору катары эсептелет. Кыштакты кап ортодон жарып өткөн кара жолдун абалын канааттандырарлык деп эле коёлу, ал эми мектептин арты менен мына ушул жолго жанаша кеткен жол, же оңго-солго бурулган көчө жолдор каз таман трактор менен гана жүрүүгө жарамдуу, жол эмес жөн эле тамтыгы чыккан бош жер, тизеден баткактуу көлчүк. Алыска барбай Дароот-Коргондон жети чакырым аралыктагы Чак кыштагына чейинки жолду мисалга алсак «отуз-адырдын» кичирейтилген көчүрмөсү, жан боордон өткөн малдын туягынан кулап түшкөн таштардын жатканы-жаткан.

Калык жери, жолду чоң-кичик бардыгы пайдаланат, сүйөнөт, сөгүнөт, түкүрүнөт, кантсе да таманы менен таптайт, ал эми жол үчүн жооп бере турган эч ким жок. Андан да жаманы — бул маселенин качан чечилерине көз жетпейт, аракет жок, сөз жок. Талды-Суу, Кашка-Суу, Ачы-Суу, Кара-Мык сыяктуу ири кыштактарда да абал дал ушундай. Мындай көрүнүшкө республикабыздын бардык тоолуу аймагында кабылабыз—кыскасы жалпы өксүк. Тоодо жашаган малчы турмуш-тиричилик маселелерин чечиш үчүн аймакка кантип келип кетет? Бул өзүнчө узун жомок. Күнүмдүк керекке жарайт го деген үмүттө жылдап акча чогултуп, «Жигули», «Москвич», «Запорожец» сатып алат.

Аларын алат, бирок чыгымына жараша пайдалана албайт. Аң-дөңгө урунуп, кечүүдө далай тыгылып тез эле тамтыгы чыгат. Анан кантет? Анан бизде өкмөттүн чоң машинасын минген «Алманбет аке» деген бар, ал малчыны жайлоосуна түн жарымы болсо да жеткирүүгө даяр. Ага эмне керек? Ага чөп керек, жем керек.

Экинчи омоктуу маселе жаш балдардын оюнчугу. Ооба дал ушул дүкөндөрдөн сатып алып ойной турган кадимки эле оюнчук. Жаш баланын бүткүл өмүрүнө таандык кулк-мүнөзү, адамдык дараметинин негизи үч жашка чейин эле калыптанарын илим далилдеп чыкты. Ал эми азыркы жетерине жете татаалданган доордун татыктуу адамын тарбиялап өстүрүү үчүн балага беш жашка чыкканча беш миллиондон ашык ар кандай суроо бере тургандай түрдүү жагдайды түзүш керек экен, беш жаштын айланасында баланын инсандык зоболосуна пайдубал коюлуп бүтөт. Мына ошондуктан түрдүү мамлекттердин балдар үчүн фантастикалык дүйнөнү элестеткен «Айлуу бактарды куруп, компьютердик татаал оюнчуктарды кеңири чыгарып, аң-сезимди өстүрчү атайын берүүлөрдүн көрсөтүлүшү, ал гана эмес бала сууга чөмүлгөн кезде да убактысын текке кетирбесин үчүн ным тартпас сүрөттүү китептердин чыгарылышы бул жөн эле ашынгандыктын же акчанын артынан түшкөндүктүн ыгы эмес, илимий негизде иштелип чыккан программа. Ал эми айылдачы? Чыбык ат минип, темир машинасын жипке байлап сүйрөп алган, убактысын топурак дөбөдө өткөргөн, короо менен малдан башканы көрбөгөн айыл баласынын мектеп жашына чейинки тагдырына көңүл бөлсөк кантет?

Дасторкон үзүрү — мына ошол үзүрдү камсыз кылган үйдө дайыма боло турган тамак-аш продуктысынын түрү. Кандайдыр бир себеп менен жердештердин үйүнө барганда маселенин ушул жагына кызыгып көрсөм көпчүлүк үйлөрдө негизинен оокаттануусу окшош экендиги маалым болду. Мешок-мешок уну бар, унду мүмкүн болушунча көбүрөөк камдаганга аракеттенет. Себеби, ун да бирде

болсо, бирде кыйлага дейре дүкөнгө түшпөй калат. Анан картошканы өзүбүз эгебиз жетишерлик. Пияз, күрүч болот. Каймак, май дүкөндө сатылбайт. Ошондуктан, саан уй күткөндөрдө бар, болбосо ал да жок. Анан акмай деп коебуз же пахтанын майы, эт маселеси бир топ татаал, бирде бар бирде жок, калганы кант, конфет тамактын негизги туруктуу түрү ушул. Ал эми жашылча-жемиштин ширесин жасоо жана аны жыл бою пайдаланууга жергиликтүү калк эми гана бирин-серин үйрөнүп келатат, ал да «колу-бутуу» узун шаарга барып даярдап алууга мүмкүнчүлүгү жетишкендерде. Деги эле жашылча-жемиш күнүмдүк тамак катары эмес жетишсиздигинен ыңгайы келе калганда гана бир черди жазып алчу сейрек ырахат сыяктуу пайдаланылат.

Анткени, айыл дүкөндөрүндө жашылча-жемиш, мөмө-чөмө деген өтө сейрек сатылат. Соода уюмдары планды толтуруунун оңой жолуна — кымбат баалуу таңсык буюмдарды дүкөндөргө таратуу жолуна биротоло ыктап алышкан. Ошол эле учурда алдым-жуттум шылуундар бастырып ат гердебеген Алай жерине эмес, алыскы Сибирь калааларына барып дүр-дүйнө жер жемиштерди сатып жатканын көргөнүндө жергиликтүү соода тармагынын кызматкерлерине ачуун келет.

Ушул жерден айылдыктарга айтчу дооматым бар, бу биз үй-бүлөнүн бюджети, үй-бүлөнүн экономикасы дегенди тыкыр түшүнө албай, көнө албай олтурабыз. Союш сойсо аны казанга кепен таштап тез эле түгөтүп салабыз, европалыктарча же өзбек туугандарча этин, жашылчасын калемпир-мурчун бап келтирип түрлөп-түрлөп тамак даярдаганды качан үйрөнөр экенбиз?

Картошка, пияз, сабизди эгип камдаганды, жыл бою сактоону орто азиянын эли болуп туруп билбей олтурушубуз дурус эмес го? Эсептүү жашашты, үнөмдүү турмушту үйрөтүү үчүн да сабак керекпи? Көптөгөн элдер өнүктүргөн рационалдуу жашоонун маани-маңызына жетиштүү түшүнбөй биздин салт ушундай деп чыгымчыл-

дыкты, жылдап жыйган байлыкты бир күндө чачып салууну өзүбүздүн мүнөзгө айландырып алганбыз, бул нейлибиз дурус эмес го?

## Көндүм адат

Айылдыктардын негизги турмуш-тиричилик маселелери өздүк чарбадан алган кирешеге жараша чечилет: үй куруу, уул үйлөнтүү, кыз берүү, балдарын окутуу, алыш-бериш, баалуу үй-буюмдарды, жеңил машина сатып алуу мына ушунун бардыгы базарга алпарып саткан малдын, жемиштин, акчасы менен ишке ашат. Айыл адамынын жарымынан ашыгы гана туруктуу маяна ала турган иште, бирок булардын да алган айлыгы ары-бери каттоо, чай оокат, күнүмдүк керектелчү буюмдар, ашып баратса эле кийим-кечеден ашпайт. Көпчүлүк үй-бүлө көп балалуу, үйдөн бир гана адам эмгектенет, ошондуктан там-ташын убагында бүтүрө албай, турмуштук максаттарын көп жылдар бою ишке ашыра албай катуу убараланышат. Анткени, кыргыздын тээ илгертеден салттуу таянчы болуп келген менчик чарбанын абалы жыл өткөн сайын оорлоп баратат. Мунун кедергиси жайыттын жоктугу, тоюттун жетишсиздиги, жемдин жетишсиздиги, менчик малдын тукумдук сапатсыздыгы. Күн жылып, көк чыгар менен айылдыктарга «жайлоого көчкүлө» деген буйрук дембе-дем айтылып турат, а бирок кайсы жайлоого көчүү жөнүндө, жайлоого көчүп барган ар бир үй-бүлөгө жетишерлик жайыт бөлүнүп берилиши тууралу эч ким ооз ачпайт. Дароот-Коргондон алты чакырым аралыкта Жар-Башы деген кыштак жайгашкан, кыштак Чоң-Алай совхозунун бир бөлүмүнүн борбору. Ушул кыштактын эли жакын эле жерге жайлоого көчүп барышат, жайлоо алыстан жашыл тулаң сыяктуу, барсаң мал жебей турган өсүмдүктөрдүн, бадал-талдын, арчанын арасында кыпкызыл топурактын үстүндө олтурушканын көрөсүң. Жайлоо такырайып, чаңы чыгып, мазеси кеткиче беш-алты ай бир конушта олтуруп

качан уруксат болгондо кыштакка көчүп келишет. Тойдум, ушул малды күтпөй эле койсом болмок, бирок кантип тиричилик өткөрөбүз деген далай кептерди угасың. Ушинтип ыйлай-сыктай жайлоодон түшүп-түшө элек «ыктыярдуу» эт төгүү деген башталат. Мындан бир нече жыл илгери элден эт, торпок, тай алууну райондук өкүл башында турган айыл активдери жети-сегиз милиционер менен «жумшак» сүйлөшүү аркылуу жүргүзөөр эле, азыр бул да салтка айланып калган. Бирок, дале кыйлачылык ташбаш менен бүтөт — ким эле токсон түйшүк менен тапкан мүлкүн арзан наркта бере койсун? Эгерде Оштун базарында беймарал миң сомго сата турган букаңыз болсо аны чарбага этке төгүүдөн үч жүз, ашып эле барса төрт жүз сом акчаны бир жылдан кийин алла-тообо менен аласыз. Анан да тай, торпок тапшыруу керек эмеспи — бардыгы биригип базар наркына салыштырганда сиз жыл сайын сегиз жүз, миң сом накта чыгаша тартасыз. Албетте, элден этке мал алуу жайыттардын оттуулугу кескин начарлап кеткендигинин кесепетинен чарбалардын рентабелдүүлүгү төмөндөп, ушул кырдаалды түзүп олтурат, бирок буга эл күнөөлү эмес да. Үч жылдан бери эки баласынын бирин үйлөнтө албай жүргөн айылдык бир аксакал менен сүйлөшүп калдым. Карыя арызданып кирди. «Уул үйлөнтүү кандай оор түйшүк экенин билесиң го,— деди.— Болор-болбос малым бар, бирөө жарымын багып базарга сатып акча жыйнайын десем совхоз жыл сайын бирден уюмду, бирден торпогумду шыпырып кетишет, жүрөм арганын таппай.

— Уулуңуздун сүйлөшүп жүргөн кызы бардыр, алып келбейбү? — дедим.

— Бар, алып келем деп апасына айтыптыр. Ай, коё турчу, шерменде болобуз деп тосуп олтурам... Ыйлай-сыктай уулумду үйлөнтсө го үйлөнтөм, анан аны каякка бөлүп чыгарам? Кантип, башпаана дегендей үй салып берем, ушугу башым мал,— деди туталанган карыя.

Дагы бир маселе, алайлыктар үчүн ошол колунда бар

малын акчага айландыруу да тозок иш. Сатайын десең айылда мал алгыдай кардар өтө сейрек чыгат, анткени көпчүлүк мал күтөт, ошондуктан базарга жеткирүү керек. Базар Ош шаарында, үч жүз чакырым алыстыкта, үч жерге малдын ылаңын текшерүүчү карантиндик күзөт коюлган. Селолук советтен, башкы ветеринардык врачтан справка аласың, анан малды жүктөгүдөй машина издейсиң, бул да табылбайт. Бир айдын аржак-бержагында эптеп бир шофер менен макулдашып, малды жүктөгөндөн кийин райондун аймагынан өткөрүп сатууга уруксат эмес экен деген сөздү угасың. Болгондо да жанагы карантиндик күзөттөрдүн бирине барганда угасың, көздү жумасың чөнтөккө кол саласың... Деги ушул карантиндик жайлар кандай пайдалуу кызмат өтөп жаткандыгын түшүнүү кыйын, малдын ыланынын таралышына эч кандай тоскоолдук көрсөтө албай тургандыгын бир нече жолу Алай өрөөнүндө жайылган малдын жугуштуу оорусу далилдеди, анткени керек болсо күмөндүү малды тоонун арасы менен посттон оңой эле айландырып алып өтүп кетүүгө болот, анын үстүнө, көпчүлүк короолор ашуулар аркылуу айдалат. Демек, малдын ылаңын жолдон тосуп эмес кыштоодо жана жайлоого барган жерде текшерүү керек. Ал эми иш жүзүндө Сары-Таш кыштагынан Ошко чейинки аралыктагы карантиндик күзөттөр элдин социалдык муктаждыгын чечүүгө каршы турган оор кедергиге айланып алган.

Мына ошондуктан, көпчүлүк адамдар малын күзүндө Алай өрөөнүнөн жайлоодон кайткан республикабыздын Кара-Суу, Фрунзе райондорунун, коңшулаш Өзбекстандын Андижан, Фергана областтарынын малчыларынын малына кошуп Ош, Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Үч-Коргон, Кубасай, Фергана ж. б. базарларга жеткирет. Мал узак жолдо арыктайт, 180—340 чакырым айдалат, чыгашага учурайт, анан айтылган базарларда азган-тозгон мал бир топ арзанга сатылат. Малын саткандан кийин алыстан арып-чарчап барган адам бала-бакырасына деп базар-дүкөндөн бир далай буюм алып акчасынын көбүн ошол жакта иштетет,

а бул, башка жактар менен карым-катнашы жок. Алай өрөөнүн тейлеген Дароот-Коргон мамлекеттик банкынын кассалык планынын толбой калышына алып келет. Кенемтенин толтуруп эмгекчилердин өз убагында айлык алышын камсыз кылыш үчүн Чоң-Алай жумушчулар кооперациясы «сериектик зонасында» айына ондогон миң сомдук аракты дүкөнгө чыгарууга мажбур болот. Бул айыл адамынын «кошумча» түйшүгүнүн бир эле чекеси, эт төгүү, жүн чогултуу, май жыйноо, тиги жерде мектеп куруп жатабыз бирден союш бергиле, эми чайхана курабыз дагы кура турган курулуштар бар акча чогулткула деген сүрөөндөр биринин артынан бири куйрук улаш «жарыяланып» турат. Бул «салт» окуучуларга чейин таратылууда. Таң каласың, чарбалык экономиканын кубаттуулугу кайда? Айыл чарбасын башкаруунун буйруктук тескөөчүлүк ыкмасынын жарамсыздыгынан, айыл жетекчисинин экономикалык, социологиялык, демографиялык сабатынын ашкере төмөндүгүнүн кедергисинен жаралган финансалык мажирөөлүк келип эле элдин мүрүсүнөн жылып чөнтөгүнө кол салат.

Албетте, калайык-калк үчүн бул да көнүмүш иш, а бирок элдин айкөлдүк, берешендик боорукерлик пейлине ар кандай шылтоого жамынуу менен кол салуу болуп жатканын, айыл сактап турган улуттук мүнөздөн ансыз да аз келген көрөңгүсүн какшытып бараткандын качан түшүнөбүз? Инсандык экология деген сөз бүткүл адамзатты ойлонтуп жатканда ага биздин түркөй карашыбыз коошобу? Мындан сырткары айылдык жумушчу кызматкерлер ар түрдүү кесиптин ээлери, айыл чарба жумуштарына тынымсыз тартылып турат, негизги жумушун таштап бир нече айлап соймалчы, сугатчы болот, тоют даярдайт, кашар ремонттойт ж. б. Бул шефтик жардам негизги иш үчүн жоопкерчиликти жардам бергендер тарабынан да, жардам алгандар тарабынан да төмөндөшүнө алпарып чарбанын экономикасын көтөрө турган чара экендигин далилдей албады. Демек, биз «пландуу түрдө чарба жүргүзүүнү» ишке ашыра албадык. Ал эми айылдыктарды ар кандай

өйдө-төмөн жумушка тартуу кысымчылыкка алуу, опузалоо, мажбурлоо менен айкалыша жүргүзүлөрүн айтсак, анда адамдын укугун коргоо маселесинде да көп өксүктөр бар экендиги айкын болот.

Айылдыктар ар кандай турмуш-тиричилик муктаждыктарынын айынан эптеп убакыт тапса маасы-көлөч, чайнекчыны, жеңил машинанын запастык бөлүктөрүн ж. б. издеп белгилүү шаарыбыз Ошко карай жөнөйт. Көп жылдык арызданууларлан соң, азыр жай айлары Ошко күнүнө бир рейс автобус каттап калган, ал эми дал татаалчылык мезгилде кыш айлары — алты ай бою каттабайт. Албетте, беш чарба, ондон ашык мекеме жайгашкан Алай өрөөнү үчүн бул кендир кескендик. Бир кезде Дароот-Коргондон Ошко күнүнө бир-эки жолу коңшулаш Тажик ССРинин Жерге-Тал кыштагына эки жолу самолёт каттаар эле, азыр бул маршруттардын бири да жок. Авиамаршрут кайрадан ачылат деген убаданы чогултса «бир самолет эле жүк» болуп калса керек. Анча-мынчада шаардан жүк тартып келип калган машиналардын айдоочуларына жалдырап жүрүп, эптеп шаарга жетебиз, дал мына ушунда далай жолу айылдын кымызын ичип, козусун жеген, конок болуп келген шаар айылдыкты тетири карайт. Жүрөктү өйүгөн эле бир ой — кайда барып түнөймүн? Оштун мейманканасынын аты «Алай», алайлыктардын азабын тыңшабаган да ушул «Алай». Жетекчи кызматчылар, анан соода-сатык, материалдык камсыздоо тармагында иштегендер, такай шаарга каттап тургандар эптеп «өздөрү билип» мейманканага жайгашат экен, а малчы, сугатчы, дыйкан, механизатор, карапайым эмгекчи эл эмне кылат? Кур дегенде ушул мейманканалар да кимдир бирөөлөрдүн шылуундугун, жойпулугун кадырлай турган жайга айланып алганы жан күйгүзөт. Ош базарындагы эптеп баш калкалагыдай жайы бар кербен сарай менен (азыр бул да жок) «Алай» мейманканасынын ортосунда ары-бери чуркап жай таппай кайсалап жүрүп канча адамдар караңгыталашта кысапырга акчасын тонотту, хулигандардан таяк жеди. Мын-

дан эки эле жыл илгери алыска окуу жайынан үйүнө каникулга келаткан бир кыз далай убараланып «майманканадан» орун ала албай жүрүп зөөкүрлөрдүн колуна түшөт... Башка кейиштүү мисалдар канча!

Улуу Октябрь Социалисттик революциясы адамдын татыктуулугун, укугун коргоо үчүн, анын ар тараптан өнүгүшүнө шарт түзүү максатында ойлонулган жана ишке ашырылган, социалисттик өлкө «бардыгы адам үчүн, бардыгы адамдын жыргалчылыгы үчүн» деген ураанды ишке ашыруу багытында гана өнүгүүгө акылуу.

## Кыз тагдыры — эл тагдыры

Мына ушул кыска бирок нуска сөз кайсы бир белгисиз замандардан ушул күнгө дейре эл менен бирге жашап келе жаткан мезгилдин деминен дасыккан акылдын туюндусу. Ырасында, адамдын акыл-эс, инсандык көрөңгүсү, парасат-туюм даражасы тарыхтын бизге белгилүү башатынан бери карай аял затынын тагдырынын тегерегиндеги чындыктан чагылып келатканын көрөбүз — адамзаттын бүгүнкү жана келечек күрөө тамыры жубайлардын жүрөгү менен кагып турат. Айылдык кыздарыбыздын бүгүнкү күнүнө сарасеп салсак, улуттук ыйык салтты демөөр туткан аксакалдардын ыймандык жөрөлгөсүнөн таалим алган орто муундун өкүлдөрүнүн кыраакы мамиле-тарбиясынын таасири менен шаар чооланган беймаанилик пейилдерден дурус эле сактанууда. Ошол эле мезгилде, азыркы турмуштун сан түр зарылдыктары айыл жергесине да пас пейилдерди уламдан улам ташып жатканы ойлондурбай койбойт. Жыйырманчы кылымдын чуулгандуу борошосу ыймандык туруктуулуктун такпайын олку-солку чайкап турган чагы.

Улуу жана ыйык махабат жөнүндө адамзаттын даанышман өкүлдөрү далай дастандарды жараткан, кыз-жигит кантип бири-бирин табат, кандайча бири-бирине көзү түшөт, өз ара кандай байкоо-сыноолордон өтөт, кантип бак-

тылуу үй-бүлө түзөт. Бизге, баарыбызга тең эле ошол жаркын мисалдар түшүнүктүү жана жетишерлик сыяктуу сезилет, ушундан улам биздин балдарыбыздын «үй-бүлө түзүү маселесин өз алдынча чечүүгө кудуретибиз жетет» деген талабы закондуудай.

Ооба, туура. А бирок... Ушул кезде биздин Дароот-Когондо токсондон ашык кыз маалында турмушка чыга албай үйүндө олтурушу кандайдыр бир катардагы көрүнүш эмес го?... Эки-үч кызы турмушка чыга элек үй-бүлөлөр бар, башка айылдарда да абал ушундай. Мунун бир себеби, айылдык балдар мектепти бүткөндөн кийин армиянын катарына кызмат өтөөгө чакырылат, окуу жайларга өтүшөт, же шаарда иштеп калып ошол жактан үйлөнөт. Ал эми кыз бала көбүнчө ата-энеге айланчыктап алыска кете албайт. Экинчи себеби, жанагы түр өзгөртүп турган бирок жоюлбаган калыңга байланыштуу. Келин алат элем бирок, калыңын төлөчүдөй каражат жыя албай жүрөм,— деп калат адамдар, ыймандай сырын жашырбай айтар учурларда. «Эч кандай тоскоолдукка ээ-жаа бербеген махабаттын жалындуу эрки кайда? Бала кызды чындап сүйсө ала качпайбы дегендер болору бышык. Болот эле, болмокчу эгерде биз ошол маданияттуу таза жана нукура сезим өнүгүп, гүлдөй турган мамилелер жаралгыдай кырдаал түзгөнүбүздө. Ооба, кудалашып балдарды баш коштурууну чаптык, эми өзүбүзгө өзүбүз суроо берелиничи, ушул азыркы бойго жеткен кыздарыбыз, балдарыбыз, өзүнө өмүрлүк жар табуунун илимин өздөштүргөнбү? Ал өзүнүн кайсы ички дүйнөсүнө жана кандай адамдык сапатына таянып теңдеш издейт? Же баягы айтылып жүргөн тамаша сөздөй «бала өзүнөн мыкты кызды издеп, кыз өзүнөн жакшы жигит менен сүйлөшкүсү келип аягында тагдыр туш келтирген бирөөгө жолугуп» маселе жыйынтыкталып жатабы. Сүйүү — махаббат деген түшүнүк андай эле сан миң табышмактуу сыр эмес экендигин, ал жаштардын калыптанган аң-сезиминдеги белгилүү эле туюмдар аркылуу жаралары илим небак далилдеп салган. Демек, ошол мүнөз-

дук туюмдарга таянып махабат маселесин стихиялуу чачыранды таштап койбой жөнгө салса болот, буга бир эле кошумча талап бар, бирөөгө бирөөнү таңуулабоо керек, биздин милдет — сунуш кылуу. Сунуш, азыркы психология илиминин жетишкендиктерине таянса оң жыйынтык берерин бир далай өлкөлөрдүн иш практикасы далилдеп жатат. Мындай алдын-ала ар тараптан байкаштыруунун артыкчылыгы кийинки боло турган мүнөздүк, адаттык, пикирдик, келишпөөчүлүктөрдү минималдуу азайткандыгында. Ошондуктан куудалашуу маселесин уламдан улам эле жамандай берүүнүн кажети жок, мунун эски, караңгылыкка байланыштуу жактарын турмуштан четтетип жаңы түшүнүктө, жаңы деңгээлде колго алса турмуш зарылчылыгы аркылуу келип чыккан учурларда туура эле болот. Анткени, биз көпчүлүк үй-бүлөлүк ажырашууларга кудалардын пикир келишпестиги себепчи болуп жатканын кантип эске албай коё алабыз? Дал мына ушул кудалардын ынтымагы жаштардын келечегинин тез калыптанышына, (үй жай, эмерек) андан аркы бекемдигине өбөлгө түзүүдө демек маселенин бул жагы да маанилүү. Анан, ушул өзүбүздүн эле айылдык жигиттер, шаардык жаштар андан бетер, айран, курут ичип, жайлоонун салкын абасына чыйрылып бойго жеткен, упа, бетмайсыз эле эки бети анардай кызыл, мойтойгон айылдык кыздарды турмуштан артта калган деп чанып жүрөт. Кантип эле шаардык эсепчи дүйнөнүн сабагын жатка өздөштүргөн бийкечтер айылдын ыйбалуу, кары-жашты кадырлай билген эмгекчил кыздарынан өөдө болсун. Сырткы бир көрүнүшкө айланчыктоонун өзү эле далай катачылыктарды жаратты го. Жаштардын үй-бүлө түзүүгө умтулуусу көпчүлүк учурда алардын тилегине анча баш ийбеген шарт-жагдайларга байланыштуу баш аламан ишке ашып жаткандыгы да бул маселеге көңүл бөлүү зарылчылыгын туюндуруп турат. Куда түшүү уул тараптын эле эмес кыз тараптан да укугу — азыркы замин теңчилик.

## САЛТ ТУУРАЛУУ СӨЗ

Ошентип, бир жагынан айыл жашоосу али да телчиге албай жаныңа батып жатканда, ага көңүл буруп, элдин турмушун көтөрүүгө, алардын маданий-социалдык шартын жакшыртууга бийлик өкүлдөрүнүн дарманы жетпей жатканда, бир жагынан эл ичиндеги жабышкан жаман салттар тамырлап, жинкиниңди соолутууда.

Мына, узак жылдардан бери карай жаңы салттарды, ритуалдарды турмушка кийирүү боюнча бир топ активдүү иш жүзгүзүлүүдө. Бир катар документтер кабыл алынып, шаарларда, райондордо, чарбаларда, эмгек коллективдеринде комиссиялар түзүлүп, алардын иш пландары бекитилди, жер-жерлерде, областын борборлорунда семинар-кеңешмелер өткөрүлүүдө. Албетте, алгылыктуу он жылыштар бар, бирок негедир эле чечкиндүү өзгөрүү байкалбайт. Айталы, үйлөнүү тойлору али да калың алып, калың берүү менен, сарыпай кийит кийгизүү менен, күтүрөтө мал союлуп ичимдик ичилип, бир далай акчага музыкант чакырылып өткөрүлөт. Айыл ичинде дагы бир салт бар. Ал балдарын армиянын катарына узатуу. Байкуш ата-эне баласын узатканда коюн союп, арак-шарапты жайнатып бир чыгым тартса, келгенде дагы ошондой тосушуп, бир чыгым тартышат. Ал эми сөөк коюу расмичи? Кээде маркумга кайгырбай эле кара курсактын камын көрүшүп, ала-шала түшүп той сыяктуу дасторкон жайып, додо-додо эт желип, айпараңга айланганын көргөнүңдө зээниң кейийт.

Жыйындарда чыгып сүйлөгөн адамдарда каада салттар түрүн өзгөрткөнү менен түпкү маңызын «дат баскан бойдон» калып жаткандыгын, дал ушул ашкере чыгымчыл жагы көпчүлүк үй-бүлөнүн турак-жайынын оңолушуна, турмуш-шартынын жакшырышына, маданий чөйрөсүнүн кеңейишине жүдөтө тескери таасир берип жаткандыгын жан күйгүзө айтышат. Бирок, ал сөз айтылган жерде калып эл өздөрү эртеси кайра көнгөн адаттарын жасашат. Эски салттын жоюлбай келе жатышы мусулман динине

байланыштуу деген пикир көп айтылып жүрөт. Бул туура эмес экендигин мен, 1982-жылы Бириккен Араб Республикасына туристтик саякатка барганда толук ишендим. Мусулман дини тескерисинче ашыкча чыгымга, ысырапкорчулукка, молдо-кожого негизсиз эле акча, буюм берүүгө карши турат. Жетим-жесирге, бей-бечарага, жардыга кайыр садага бер, жардамдаш дейт экен. Ал эми эски салт диний түшүнүккө байланыштуу деген көз караш, кээ бирөөлөрдүн, диний окулдордун айтканына ылгабай эле ишене беришинен пайдаланып өзүнүн керт башынын кызыкчылыгын, ой-мүдөөсүн диндин эрежеси катары сунуш кылып «канча көп берсең ошончо сооп аласың» деген көкүтүү менен, «сооп сатылбайт» деген жагын жашырып, пайдага туйтунуп жеңил баюунун жолуна түшкөн молдо сымактардын кесепетинен келип чыккан.

Эми түзүлгөн жагдайдын чоо-жайын иликтейличи: демек, адамдар эски салттын салакасын, акылсыз чыгымдуулугун эң сонун билет, түшүнөт, анан эмнеге, аң-сезим, акыл-эс, илим-билим өскөн заманда феодализмдин саркындысынан чечкиндүү кутулуп чыга албай жатабыз. Эмнеге мынча тамыры терең? Менин пикиримде буга мына бул үч себеп негизги кедерги болууда: Биринчиси, биз ушул кезге дейре көңүл бөлбөй келаткан, кубанычтуу той кечедеби же кайгылуу кайтыш учурлардабы карпа-курпа даяр боло калчу, бирде өзүн айылдын «акыл-насаатчысы», бирде «той башы», а башка бир учурда «жан тарткан жардамчы», кээде «кеченин уюштуруучусу» деп эсептеген кеңешчилердин жан талашкан аракетинен улам салт жоюлбай келатат, ошолордун «баалуу» сунушу менен жаңы салт да эскиче пейилге кабылып калууда. Келип эле оңой сый-урматтан, оюн тамашанын, олжолуу «түйүндүн» пайдасына канында мындайлар чокчо сакал карыялардан да, орто муундардан да, солкулдаган студенттердин арасынан да арбын чыкчу болуп калды. Деги эле сөзү курч, а түгүл уулуу «ой сен да адамдын эсебинде болсоң керек, жаның барында элдин көзүнө бир көрүнүп албайсыңбы? Эч-

текем жок деп каткан теридей тырышып олтуруп иттин арткы шыйрагындай шерменде болоруңа көзүң жетеби? Мал-мүлк деген колдун кири, алтын башың аман болсо көптү табасың, өнөсүң-өсөсүң, чыгаша болбой киреше жок» деп, шайынды оодарат, намыстантат, ардантат, айланды түгөтөт, уламдан-улам «элден уялсаң боло» деген сөзүн кыпчый кетет, а өзүндө уят дегендин кыпыны да болбойт. Бир жолу, эртең менен ишке баратсам жогорку класстын эки окуучусу кудундап чөнтөктөрүндөгү акчаны эсептеп жанаша келатышты, көрсө алар окуучулардан акча чогултуп олтуруш кече өткөрүшүп андан бир кыйла сомду ашырып калышыптыр.

Жекенди айылында өткөрүлгөн «салт тууралуу» жыйын аяктаган соң бир киши «айтарын го бизге айттыңар, айтканыңарга биз макулбуз, бирок мынабу үйдүн ээси аялдар менен да бир сүйлөшсөңөр» деген сөзүнөн улам териштире келсек жети-сегиз баланын кадырлуу энеси, үй-мүлктү жыйып-терип олтурган аялзаттын үй-тиричиликте, көчөдө, чай ичип олтурганда үстөккө-босток атаандашмай пейлине, буюм-терим жыйноочулук ички дүйнөсүнө салт маселеси чиелене байланып турганына көзүбүз жетти. Биз, көбүнчө жаңы салтты жайылтууну айыл активи, аксакалдар, жумушчулар менен жүргүзөбүз, булар негизинен эркектер, эски салтты жоюуга жыйында бир добуштан макул болот да анан үйүнө барган соң аялын ишендире албайт. Аялы «бетим ий, бетим элдин көзүн кантип карайбыз» дейт, дароо эле. Ал анткени, аялы дагы бир сырдашына, айылдашына «мына көрөсүң таң каларлык той өткөрбөсөм» деп убада берип салган. Айылда көп балалуу — негизинен үй кызматында ошондон улам өз ара таасирленүүсү, жашоо турмушка карата көз карашы дал ушул «тымызын» чөйрөгө карата калыптанат, ошол деңгээл менен турмушка аралашат.

Ошентсе да эски салттын жоюлбай келе жатышынын негизги себеби: бай-манаптык, мансапкордук, өзүмчүлдүк пейилдерден сенектик мезгилде жанданышы — бюрокра-

тизм менен тыгыз камыр-жумур болуп алгандыгында. Республикабыздын кайсы аймагында болбо буга мисал мишмиш кептин далайын угасың. «Калк айтса калп айтпайт» деген эмеспи, кимдир бирөө жогорку окуу жайындагы студент баласынын келечекте кызматтан кызматка көтөрүлүшүн камсыз кыла алгыдай куда издейт, анан ал кантип «капчык толо» калың бербей кое алат? Дагы бирөө бараандуу жетекчинин жаңы төрөлгөн баласын беш жүз сом көрүндүк берип көрөт, экинчи адам жетекчисин «туйтунта» туулган күнү менен куттуктайт, курортко узатат, башка бир чоң кызматкердин атасы маркум өмүр бою жыя албаган дүйнөнү, көзү өткөндөгү шылтоосу» менен бир күндө табат. Шибегени капка ката албайсың дегендей, мунун баары жөө тумандай жылып эл аралайт, тетири мисал болот, көпчүлүктүн пикирин бузат, «канын» бузат. Анткени, дал жанагы жетекчилер трибунадан далай ирет эски салтка каардуу чабуул жасаган, ал эми азыр «кайра куруу» деп кыйкырууда. Демек, эски салттын жоюлушу бюрократизмдин саркындылуу залалын коомдук турмуштан сүрүп салуу аркылуу гана ишке ашат.

Салт, тээ байыркы замандан келаткан элдик пейил, ал жүрүп олтуруп мүнөзгө, жашоо образга айланган, өз ара катташуунун, дидар көрүшүүнүн, ал-ахыбалды билип ой-пикир бөлүшүүнүн себепчиси болуп келүүдө, ыймандык парасаттын сактоочусу болуп келүүдө. Салтты — адамдык жигердин уюткулуу көрөңгөсүн — иренжитме алабарман чүмбөттөрдөн тазалап, ыйык нукуралыгын кастарлоо, сактоо, өнүктүрүү ар бирибиздин мойнубуздагы ыйык парзыбыз!

## БАА МАСЕЛЕСИ

Кийинки эки жылдан ашуун убакыттан бери Бүткүл Союздук басма сөздө баа реформасы тууралу кызуу талкуу жүрүп жатат. Бул боюнча эттин баасынын айланасында түрдүү пикирлер айтылууда. Талкуунун башталышында

белгилүү экономисттер, публицисттер жалпы эле мал чарба продуктысын, анын ичинде эттин баасын жогорулатуу керек, бул — тармактын тез өнүгүшүнө шарт түзөт деп далилдүү пикирди айтсак, кийинки кезде буга каршы чыккандардын, эттин баасын жогорулатуу төмөн кирешелүү үй-бүлөлөрдүн турмуш-тиричилигине кошумча татаалдыкты алып келет дегендердин үнүн басымдуулук кыла баштады. Ошондой эле баанын өзгөрүшүнө байланыштуу эмгек акы маселесин кайрадан карап чыгып мал чарба продукциясынын баасын жогорулатуу төмөн кирешелүү үй-бүлөлөргө оорчулук келтирбей тургандай чечүүгө болот дегендер да өз сунушун айтууда. Баа жаатындагы азыркы абал кандай? Чарбаларыбыз, мисалы, уй этинин бир килограммын өкмөткө 2 сом 10 тыйындан, 2 сом 24 тыйындан сатат, ал эми ошол эле этти өндүрүүгө кеткен бардык чыгымдарды эсептегенде кило эттин өздүк наркы орто эсеп менен 4,75 сомго барабар айырма 2 сом 51 тыйын, кой эти боюнча айырма мындан да көп. Ал эми Ош шаарынын базарында уй этинин килосу 5 сомдон кой — эти 7 сомдон сатылууда, мал киндиктүү Алайдын эли да жергиликтүү соода уюмунун дүкөндөрүнөн, базардан ушул баада сатып алынган этти пайдаланат. Мамлекеттик дотациянын жардамдын эсебинен жабылып турган баа менен өздүк нарктын ортосундагы айырма кимдин пайдасына ыйгарылууда? Дал мына ушул маселени талдоого алганда таң калыштуу фактыга туш келебиз, же болбосо пайда ири ишканаларда, завод-фабрикаларда, башкаруу аппаратында иштегендерге, жогорку айлык алгандарга (трест, бирикмелер, министерстволордо ж. б.) такай мамлекеттик фондудан бөлүнгөн — мамлекеттик арзан баада сатылган этти пайдалангандарга таандык болуп жаткандыгы, ал эми майда мекемелердин жумушчу-кызматчылары ошол этти өндүргөн айыл эмгекчилери бүтүндөй, кооперациялык дүкөндөрдө жана базарда сатылган базар баасындагы этти сатып алып, фондулук эттен пайдалангандарга салыштырганда ар бир үй-бүлө жылына 600—900 сом өлчөмүндө

ашыкча чыгым тарткандыгын, ошондой эле эмгекчилердин дал мына ушул катмары төмөн айлык алгандарды тү-юөрүн айтсак анда эттин баасынын азыркы абалы тескерисинче адилетсиз кырдаалды түзүшү ойлондурбай койбойт. Анын үстүнө кийинки 10—15 жылдын ичинде эл керектөөчү товарлардын баасы орто эсеп менен 30 процентке (ЛИФ № 44, 87-ж.) айыл чарбасында пайдаланылып жаткан техникалардын баасы эки эседен ашык өссө да эттин өкмөттүк баасы бир калыпта келе жаткандыгын эске алуу керек.

Мына ушулардан улам айыл эмгекчисинин эмгегинин эффективдүүлүгү анча байкалбай жатат, бул эмгекке кызыгууну жандандырбай жатат. Демек, айыл чарба продуктыларына таандык баа маселесин өздүк нарктын негизинде чечүү айыл жана айылдын таянчы болуп келаткан азыр чоң өксүккө айланып кеткен жайыт маселесин, ошондой эле социалдык маселелерди чечүүнүн практикалык алгачкы кадамы болор эле..

## Шаар менен айылдын алакасы

Мителер келиптир деген сөз Дароот-Коргондо чагылгандай эле тарады. Бул, бир миң тогуз жүз элүү сегизинчи жылдын жаз айы эле. Эч жерде иштебей көчө таптап күн өткөргөндөр, кызыл кулактар жана арасында жети-сегиз шуркуялыгы менен жан баккан аялдар бардыгы болуп отуздай күнөөсү аныкталгандар айылдын эмгек резервин толуктоого келип калды. Шаар менен айылдын ортосундагы айырманы жоюу жөнүндөгү үмүттүү маанайды жандандырган ураанга коошпогон бул көрүнүш айыл абийирин ыйык туткан аксакалдарды таңдандырып «ой то-обо» дешип жакасын кармашты. Мына ошол кезде шаар өзүндө дагы байкала баштаган мажесттик пейилдерден арылуунун айласын «айылга синдирип жиберүүдөн» издеп жаткан экен. Ал эми 1979-жылы «Алай өрөөнүн өздөштүрүү» деген маселеге карата, ар кандай мөөнөткө кылмыш жооп-

керчилигине тартылгандар жүздөн ашык адам Дароот-Коргонго жакын жерге жайгашып эртели-кеч кыштакты ээнэркин аралап жүрдү... Албетте, мындай «окуялар» айыл жергесине өзүнүн кусурлуу таасирин тийгизбей койгон жок, деги эле узак жылдар айыл, шаарда жана анын айланасында «таканчыктай албаган» кадрларды оңдоп-түзөөчү мектеп катары пайдаланылып келүүдө. Мына эми гана, далай катачылыктардан соң, айыл улуттук салттын, кайрымдуулуктун, көөнөрүп бараткан меймандостуктун, жалпы эле адамгерчиликтин жан тарткан сактоочусу — көрөңгөсү экендигине көз жетип, түшүнүп олтурабыз.

Айылдын милдети шаарды азык-түлүк менен камсыз кылуу, өз кезегинде шаар илимий-техникалык прогрессти жетишкендиктерине таянып, кубаттуу экономикалык бирдикке айланып, күрдөөлдүү көмөк көрсөтүп айыл проблемаларын биринен сала бирин чечмек — дал ушундай болмок эле. А бирок... шаар айылдан тамак-ашты, өздүк нарктан бир далай арзан баада алуу укугуна «марып» кенемтени толтурууну «дотация» атап, айылга «бала ыйлабаса эмчек жок» дегендей, «көңүлү» келгенде жардам деп анчамынча каражат бөлүп жубатууну чоң кайрымдуулук катары көрсөтүүдө. Мына ошондуктан айылдын абалы көп жылдап оңолбоду, мына ошондуктан аргасы кеткен Алайдын айылдары да «ашар» ыкмасына өтүүдө — ушундай жол менен Дароот-Коргондо чайкана курулуп жатат.

Өлкөдө жүрүп жаткан кайра куруу процесси биринчи жолу социалдык маселелерди алдыңкы планга койду да азык-түлүк жана турак жай муктаждыктарды чечүүнү биринчи кезектеги милдетибиз деп жарыялады,— ушул эки орошондуу багыт айыл аркылуу ишке ашмакчы.

Азыркы күндө шаар менен айылдын ортосундагы айырма кандайча? Тамак-аш жагынан азыноолак айтып өттүк эми башкаларына токтолсок: Шаардык эртеби-кечпи кезеги келгенде чыгым коротпой эле муздак, ысык суусу бар жылуулук жана газ менен камсыз болгон үй алат. Дарооткоргондуктардын абалы жылдап акча жыйып цемен-

тин «соодагерден», устунун Оштон, чангегин Кара-Суудан чогултуп, бирде үшкүрүнүп, бирде түкүрүнүп жүрүп он жылдан ашык убакытта эптеп сокмо дубалдуу — «башпаналуу» болот, анын аты «куржун там», мындайча айтканда кирееберииш далиси, оң жагында бир бөлмө, сол жагында бир бөлмө — болгону ушул. Биздин айылдардагы үйлөрдүн көпчүлүгү ушул «куржун проектиси» менен бүткөрүлгөн. Дагы бир айырма, оштуктар жумасына эки күн дем алып, жылдын ыңгайлуу учурунда отпускага чыкса, аайлыктар дал «чеке жылытар» мезгилде таң заардан кеч карайганча сезондуу жумуштарды бүткөрүүнүн аракетинде болуп, дем алыш эмес күнүмдүк турмуш тиричилик муктаждыктардын өтөсүнөн чыга албай бушайман, өнөктүн отпускага кычыраган кышта чыгат. Дагы бир «ат чабым» айырма жол-катнаш, соода-сатык, турмуш-тиричилик жана маданий жактан тейлөө.

КПССтин XX съездиндеги (1956-жыл) реформалык чечимдер Памир-Алай тоолорунун ортосунда жайгашкан Дароот-Коргонго да күрдөөлдүү таасирин тийгизип 1958-жылы суу проводу пайдаланууга берилет, ага удаалаш клубдун курулушу бүткөрүлүп, Ош шаарына күнүнө бир жолу, коңшулаш Тажикстандын Жерге-Тал кыштагына эки жолу самолёт уча баштайт. Тилекке каршы азыр, дароотноргондуктар бул үч артыкчылыктын бирине да ээ эмес. Суу түтүкчөсү бузулуп олтуруп качан эле такыр иштен чыккан, самолёт учуусун токтоткон, клуб болсо он жыл илгерки жер тербөөдөн жараксыз болгон бойдон жаракасынан ай көрүнүп турат. Ал гана эмес мындан отуз жыл илгери уюштурулган Дароот-Коргон көчмө курулуш колоннасын Ош областтык агроөнөр жай бирикмеси белгисиз себептер менен «көздөн кайым» кылды. Албетте, адамзаттык өнүгүүгө жараша болуп жаткан жаңылыктарды (балдар бакчасы, совхоздун кеңсеси, телекөрсөтүү, жаңы мектеп) да белгилей кеткенибиз туурадыр, бирок, прогресске умтулган кылымда жашап жетишилген позицияны жоготуу эч кандай актанууну кабыл ала албайт да.

Азыркы тапта айылдарыбыздагы эң бир артта калган тармак өзүмдүк үй курулуш. Кийинки жылдары ата-эне менен үй-бүлөлүү баласынын бир үйдө жашашы кеңири таралган жагдай болуп баратат. Айылдарыбызда калктын өсүшү союздук орточо көрсөткүчкө салыштырганда үч эсеге жогору — албетте бул кубанарлык, бирок да азыр жаш бүлөнүн бир-эки балалуу болгон соң «ойлонуп» калышы айыл аксакалдарын тынчсыздандырууда, демек, биздин Дароот-Коргондо да жакынкы 8—10 жылда көп балалуу үй-бүлөнүн сейректеп калары баамдалууда. Арийне, турак жайдын тартыштыгы, отун-газ, жалпы эле энергия менен камсыз болуудагы кыйынчылыктар, оокат-тиричиликтеги өтмө катар ташбиштүүлүк, маданий спорттук тейлөөнүн караманча карапайым бойдон калышы жаштарды уламдан-улам айылдарыбыздан шаарды көздөй сүрүп чыгууда.

Жогорку, орто окуу жайына окууга өтсөм деген ниет же кесипке ээ болууну шылтоолоп айылдаштарыбыз шаарды көздөй жол тартат. Алардын кээси гана окууга өтөт, калгандарынан бирлери кесиптик-техникалык окуу жайына кирет, кесип үйрөнүү үчүн эмес, шаарды өздөштүрүү максатында — буга далил ПТУну бүтүргөндөрдөн өнөрүн аркалагандар чанда гана.

Шаарда токтоп калган жаштар кандайдыр жагдай-шарт оошсо айылга кайра кетем деген ниет менен, кесиптик чеберчилигин жогорулатууга, турмуш ордун бекемдөөгө анчалык аракеттенбей, ар кандай жөнөкөй жумуштарга (күзөтчү, жүк ташуучу, слесарь ж. б.) орношуп жатаканада, бирөөлөрдүн үй бөлүкчөлөрүндө жашоодо. Жалпы эле шаардык болууну көздөгөн айылдыктарга көмөк көрсөтүү маселеси ушул кезге дейре колго алына электигинен республикабызда шаарга жайгашуу бир далай татаалдашып кетти, ушундан улам жаштардын андан ары, кең мекенибиздин башка аймактарына, айрыкча Россия федерациясынын шаарларына кетүүсү, ал гана эмес айылдык кыздардан да алыска жол тарта баштады.

Мындай айтканда өзүмдүк үй курулуш маселеси жалаң эле социалдык маселе эмес, эбак демографиялык — экономикалык маселеге айланган. Ошондуктан, шаар айылга көмөк көрсөтүүсүн өзүмдүк үй курууну өнөр жайлык негизге коюудан баштаса, мезгилге татыктуу улуттук өзгөчөлүктөгү курулушту кеңири жайылтса, маданияттташууга жардамдашса жаңы жумушчу орундарды түзсө, сөз менен иштин биримдүүлүгүнүн үлгүсүн көрсөтсө, айылдын социалдык өнүгүүсүн так аныктаган конкреттүү план болсо, бир сөз менен айтканда ушул кезге дейре баш калаабыз Фрунзеге бөлгөн көңүлдү эми айылды көздөй бурсак.

## Айыл дүйнөлүк өнүгүүнүн өңүтүнөн

Бул дүйнөдө бардыгы салыштыруу аркылуу гана татыктуу баасын алат. Коллективдештирүү жылдары, же кийинки каардуу согуштан соң эл чарбасын калыбына келтирүүнү бешене-тагдыры аркылуу өткөргөн улуу муундун өкүлдөрү азыркы жетишкендиктерди ошол мезгилге салыштырып «кой үстүндө торгой жумурткалаган заманда жашап жатабыз» деп айтып калышат. Чынында эле, кийимибиз бүтүн, курсагыбыз ток, үй жайыбыз буюм-теримге толо сыяктуу, бир даарыбызда өзүмдүк жеңил машинабыз да бар, анчалык кейип-кечпигидей жөнүбүз жоктой. Ал түгүл ар кандай себептер менен байма-бай боло калчу жыйындарда жетекчилерден кээси «биз караңгы эл болгонбуз, биз сабатсыз эл болгонбуз» деген сөздү айтып «теңдешсиз ийгиликтерди» далилдешке карыяларга сөз берип калат.

Өз таасирин тийгизбеген жер шарынын булуң-бурчу калбаган экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан баштап жеңген мамлекеттердин да жеңилген мамлекеттердин да өнүгүүсүн салыштыруу эреже катары келатат.

Совет элинин залкар жеңиши дүйнөлүк аренада социализмдин кадыр-баркын бекемдеди, социалисттик система-

ны кеңейтти. Согуштун азап-тозогу мамлекеттерде келечек өнүгүүгө карата жаңыча көз карашты жаратты.

Алгачкы жылдары ийгилик жалпысынан алганда биз тарапта болучу: Оор индустриянын күрдөөлдүү кадамдары, стахановчулар, дүнүйөдө биринчи болуп жүрөккө операция жасоо, биринчи болуп жердин жасалма спутнигин учуруу, Юрий Гагариндин дүйнө элин таң калтырган эрдиги. Анан да, жыл өткөн сайын өлкөдөгү башкаруунун буйруктук-тескөөчүлүк ыкмасынан шарт-ыңгай тапкан бюрократиянын тамыр жайышы, уюмдашуусу, коррупциялык мажестикке чейин көтөрүлүп чыгышы. Бюрократиянын уламдан-улам илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктеринен, чечкиндүү жаңылыктан, прогрессивдүү табылгадан обочолонуусу, бардык маселеге өздүк жана группалык кызыкчылыктын мүдөсүнө карата мамиле жасоо, жагынуучунун, кошоматчынын арааны жүрүп буйрук берүүчүлүктүн «даамына» кумарлануу, «ийгиликке» кошуп жазуу аркылуу жетишүү, «сыртын жылтыратма» шаңдануучулук өкүм сүрүп турмуштук реалдуулук менен эсептеше билүүнүн ордуна ойдогу максатты чындык катары таңуулоонун күч алышы ушундан улам дүйнөлүк өнүгүүнүн тенденциясын философиялык сын көз менен аңдаштырып кайра куруууга өз учурунда киришүүгө кыйлага чейин бюрократиялык бийликти сүйүүчүлүк тырышчаактык менен жол бербей келди.

Коомубузда төрөпейилдиктин тереңдешининин кесепетинен айрыкча апрель (1985-жыл) пленумуна чейинки жыйырма жылда «Американы кууп жетүү жана озуп кетүү» мындай турсун артта калуу уламдан-улам дааналана баштады — бул айырма азыркы кезде канчалык?

Кайра куруунун улуу жеңиши маалымдуулуктун деми менен ачыкка чыккан маалыматтардын кээ бирлерине токтолсок, коомдук өнүгүүнүн деңгээлинин негизги көрсөткүчү эмгек өндүрүмдүүлүгүнөн баштасак — мындайча айтканда кандай иштесек ошондой жашайбыз деген таризде:

— Биздин өлкөдө айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүү-

луугу Америкалык деңгээлдин 20—25 процентин түзөт («Известия» газ. № 167. 1988-ж). Же болбосо бизде, айыл чарбасында эмгектеген ар бир адам өлкөнүн 10—11 адамын азык түлүк менен камсыз кылса, америкалык бир айыл чарба адамы 80 кишини тоюндурат (А жана ф жумалыгы № 32. 1988-жыл). Ал эми биздин республикада эмгек өндүрүмдүүлүгү союздук орточо көрсөткүчтүн 72 процентине барабар («Советская Киргизия» газ. № 282. 1987-жыл), ошондуктан Совет бийлигинин орногонуна жетимиш эки жылдан ашса да чарбаларыбыз элден эт, жүн, май чогултпай, шефтик жардамчыга таянбай «абалдан» чыга албайт.

— Турак жай менен камсыз болуу жагынан биздин өлкө АКШга салыштырганда үч жарым эсеге төмөн («Известия» газ. № 190. 1988-жыл). Ал эми биздин айылдарда калктын өсүшү союздук орточо көрсөткүчтөн үч эсе жогору экендигин эске алуу менен өнүккөн мамлекеттерде шаарда болсун айылда болсун борбордоштурулган жылуулук жана суу менен камсыз болбогон үйдү бүткөн үй деп эсептебей тургандыгын айта кетсек.

— Эми, негизги көрсөткүч — адамдардын өмүрүнүн орточо узундугу боюнча: — Америкада аялдар —77 жаш, эркектер —73 жаш, биздин өлкөдө — аялдар —67 жаш, эркектер —65 жаш («Правда» газ. № 271. 1987-жыл). — бул шаар калкында. Айылдыктардын өмүрүнүн узундугу шаардыктарга салыштырганда алда канча төмөн экендиги үстүртөн гана айтылып так маалыматтар келтириле элек.

— Дарооткоргондуктар жалпы эле жолдорубуздун начарлыгынан тез-тез бузулган авто-мототехникасын оңдоп жүргүзүүнүн айласын издеп Ош, Андижан шаарларынын базарына чейин кыдырып, азаптанууга, артыкбаш чыгым тартууга аргасыз болсо, америкалык айылда жашагандар үчүн бул маселе «өтүгүнүн жешилген таманына наал каккандалык гана» ташбишти талап кылат.

— Дароот-Коргондон райондун борбору Гүлчө менен

телефон аркылуу байланышуу үчүн кеминде эки-үч саат убакытты коротуп «ал-ло, Гүл-чө, Гүл-чө...» деп акыйууга мажбур болосуң.

— Бир далай мамлекеттердин айылдарында элдин суроо-таламын канааттандырууда ар бир адамдын эмнеге, кандай сапатта, кайсы баада муктаж экендигин майда-чүйдөсүнө чейин так эсептеп жеткирип берүүнү ишке ашырып жатса (маркетинг) биздин дарооткоргондуктар жумуру жана калың жыгач устунду кайдан табарын билбей жылдап үйүн бүтүрө албай жүрөт.

— Дароот-Коргондук мектеп окуучусу «компютер» деген сөздүн маанисин чечмелеп түшүндүрүүнү дадил өздөштүрө элек болсо, Америкалык мектептеги «дубал гезити» деген түшүнүк, айына эки жолу окуучулар өзү компютер менен чыгарган төрт барактан турган, көп тираждуу, сүрөттүү китепче («Комсомольская правда» газ. № 238. 1987-жыл).

Экинчи дүйнөлүк согушта жеңилүүгө учураган Жапан өлкөсүнүн жетишкендиктери АКШдан да жогору, ал гана эмес өзүбүз фашисттик баскынчылардан бошоткон Чехословакия, Венгрия, ГДР мамлекеттери айыл чарбачылыгында бизге караганда алда канча жогорку көрсөткүчтү камсыз кылууда — план-милдеттенменин такай ашыра аткарылышы жашоо-турмуштун онолушуна өбөлгө түзбөй жаткандыгынын өзү эле көп адамды ойлондуруш керек.

Мунун баарын ачык айтуу, тике моюнга алуу айрыкча маалымдуулуктун өзгөчөлүгүнө көнө элек кезибизде серт да, ачуу да — бирок башка жол жок. Анан да, дал ошол, бизде баары жайында деп көкүрөк кагуучулук күрдөөлдүү кадамдын чылгыйлуу каскагы болуп келгенине мингин ынанып олтурбайбызбы? Алдыда чуркап бараткан «күлүктү» кууп жетүү үчүн андан канчалык аралыкта артта экендигибизди даана билип ошого жараша чымыркануубуз керек. Окумуштуулардын аныктоосуна караганда илимий-техникалык прогрессте өнүккөн мамлекеттерден жалпы

артта калуубуз 10—12 жылга барабар,— демек кийинки кырк жылдын аралыгында ушунча айырма түзүлүп олтурат, мына ошондуктан «токтоп калуу мезгили» деген баа алды, мына ошондуктан кайра курууну ишке ашыруу зарылчылыгы турмуштан келип чыккан чечкиндүү талап.

Албетте, капиталисттик системанын төрт тарабы төп деп айтуудан алыспыз: жумушсуздук, улуттук теңсиздик, алдуунун алсызды кордоосу, буржуазиялык сатылма психология, башка да чылыктар бизди иренжитпей койбойт, бирок, илимий-техникалык өнүгүүнүн таламына ыңгайлашууда капитализм чапчаңдыкты көрсөтө алгандыгы билинди .(«Известия» газ. № 192. 1987-жыл. А. Бовин).

Мына ушундай! Өкүттүү жагдай: экономиканын ырааттуу жогоруланшын камсыз кылуу милдети жүктөлгөн бир далай майда жана жогорку жетекчи кызматты ээлеген жолдоштор өзүнүн жеке кызыкчылыгы үчүн бардамалуу шарт-ыңгай түзүү, кызмат абалынан кенен-кесир пайдалануу жагынан гана сабатын жоё алды. Алар үчүн: философиялык, экономикалык, социологиялык илимдин алдыңкы жетишкендиктерин өздөштүрүү, социализмдин артыкчылыгын иш жүзүндө далилдей билүү, армандуу бийиктик бойдон калууда. Аң сезимдүүлүктүн азыркы доордогу принциби — правалык экономика деген түшүнүк: моралдык-этикалык эрежелерди таза сактоо, адамгерчиликтүү алакалар аркылуу жетишилген адамдык татыктуулуктун, социалдык канагаттануу сезимдин зоболосун көтөрүү ого бетер табышмак.

Айтылгандарды төгүнгө чыгарууга далаалаттангандар болору калетсиз. Тике чындыктын курч далилине маңыздуу өврасен салып иштиктүү бүтүмгө келүүнүн ордуна сынды кызмат абалына тийген доо катары кабылдаган дымыкчыл жылдардын өкүлдөрү азбы? Эгер андайлардын тыкан сөзү, айпараң сүрөөнү туура болсо, эмне үчүн биздин күнүмдүк турмуш-тиричилик жалдыроосуз, жагынуусуз, жойпулануусуз акыюусуз, сурануусуз, ташынып-жылпынуусуз өтпөй турган болуп калды? Эмне үчүн адам-

дардын аң сезиминде «бербесең мүдөөң ишке ашпайт» деген пикир ушунчалык бекем орношуп кетти? Эмне үчүн окумуштуулар ак ниет жашоого умтулуу мүнөз-пейил катары гана эмес, бүтүндөй турпат-генофонд катарында да сейректеп баратат деген кооптонууга чейин жетип олтурат?

Бул кырдаал миллитаристтик үгүтчүлөрдүн чырагына май тамызууда. 1987-жылдын октябрь айында Англиянын борбору Лондон шаарына жакын жерге жайгашкан Уистан-Хаузда капиталисттик өлкөлөрдүн советологдору бизде жүрүп жаткан кайра куруу процессине карата талкуу өткөрүп анда,— социалисттик системада эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү табигый көрүнүш, социализм бул дүкөндөрдөгү кезек күтүүлөр, социализм бул бюрократизмдин уюгу деген сөздөрдү айтып, мисалдар келтиришти. Демек, кайра куруу жөнүндөгү сөз социализмдин ар намысы үчүн салгылашуу, социалисттик системанын нукура бийиктиги үчүн жүрүп жаткан революция. Ошондуктан жоголсун бюрократия! Жашасын демократия!

### Айыл жана ижаралык, кооперативдик кыймыл

Бир маселенин оң чечилиши экинчи бир күтүлбөгөн кырдаалды жаратаары турмушта кенен эле кездешип жүрөт эмеспи. Эмгексиз кирешеге каршы закондун кабыл алынышынанбы, же чарбалык эсептин таасириби, болбосо күйүүчү майлардын тартыштыгынан келип чыктыбы, айтор, кийинки кезде жумуштук жана турмуш-тиричилик зарылдык менен кыштоодон, алыскы короосунан, жайлоодон, акыс-кукус барып калган транспорт менен чарбанын борборуна, кыштактагы үйүнө түшүп келип кайрадан жетип алыштын айласын таппай жүргөн малчы-чабанды көп кездештирчү болдук. Булардын дээрлик көпчүлүгүнүн өзүмдүк жеңил машинасы бар, ушул кезге дейре кенен кубатталып келаткан эмгектик жетишкендиктери үчүн жеңил машинаны сыйлыкка ыйгаруу салты бир топ адамдарды

транспорттун ээсине айландырды, анан өз алдынча машина сатып алгандар да аз эмес. Иштин «кокую» дал мына ушул менчик машиналарын малчылардын күнүмдүк муктаждыктарда кенен пайдалана албагандыгында, буга негизги тоскоолдук айылдан короого чейинки жолдун жылдар бою каралбай суу жеген аң-жарга, чоң машинанын дөңгөлөгү казып бүткөн тилкеленген арыкка айланып кеткендигинде. Чарбалар үчүн жайлоонун жолун оңдоп, тегиздеп туруу, тоонун толгон-токой колотторунан агып түшкөн майда сууларга көпүрө салуу такыр эле ашыкча түйшүк, пландаштырылбаган чыгым. Улам көбөйүп жаткан малды жайгаштырыш үчүн кайсы бир алыскы төргө кашар курулуш материалын ташып жеткирүү максатында эптеп техника жүргүдөй соктулуу чыйыр салышат да, анан ошол бойдон көңүл бөлбөй таштап коюшат. Маселе жыйындарда айтылат, чечимдер кабыл алынып токтомдор жазылат, анча-мынча аракет кыймыл байкалат, бирок абал баягысы баягы бойдон кала берүүдө.

Кайра куруу жарыяланган апрель (1985-жыл) Пленумунан бери карай КПССтин XXVII съезди, пленумдар, партиянын XIX конференциясы болуп өттү. Мына ушул, өлкөнүн турмушунда чечүүчү мааниге ээ болгон жыйындарда бир өзөктүк ой улам кайталанып айтылууда, бул экономиканын күрдөөлдүү өнүгүшүн камсыз кылыш үчүн ар бир адамдын эмгекке болгон жеке кызыгуусун арттыруу менен ар кандай туурадан кийлигишүүлөрдү четтетүү керек, буйрукчулдук-тескөөчүлүк адаттарды тыюу керек деген талап. Бул максат ириде ижаралык ыкма, кооперативдик түзүлүш, жекече иш аткаруу, өздүк чарбаны мамлекеттик маанидеги деңгээлге көтөрүп чыгуу, аркылуу ишке ашат. Анткени, өндүрүш каражаттарын, техниканы имаратты, малды, жерди, жайытты узак мөөнөткө же биротоло пайдаланууга алуу менен ижарачылардын материалдык байлыкка, ресурстарга болгон көз карашы такыр өзгөрөт, эсепчилдик, үнөмчүлдүк, аракетчилдик пейилдер жанданат, жоопкерчилик сезим күчөйт.

— Социализмдин, ар кимдин жөндөмдүүлүгүнө, ар кимге эмгегине жараша деген принциби реалдуу күчкө ээ болот.

— Билимди, кесипти, жөндөмдүүлүктү өрчүтүүгө чындап умтулуу башталат, талантка, чыгармачылык жигерге жол ачылат.

— Ийгиликтин автору көп да кетирилген кемчиликтин күнөкөрү жок сыяктуу жоопкерсиздик кырдаал жоюлат. Ийгилик да мүчүлүштүк да кайдан жаралып, эмнеден болуп жаткандыгы айкын болуп турат.

— Эмгек коллективинин ар бир мүчөсүндө мамлекеттик саясатка түздөн-түз катышуу кызыкчылыгы өнүгөт, демократиялык аң-сезим ойгонот.

— Чыгымчылдыкка жана зыян тартуучулукка моюн толгогон сүрмөчүл тоотпостуктардын жолуна бөгөт коюлат. Ижарачылык, кооперативдик кыймыл биздин өлкөнүн турмушунда жаңылык катары кабыл алынып жатканы менен башка социалисттик өлкөлөрдө эбактан эле кеңири таралган көрүнүш, ал гана эмес дүйнөлүк практикада өзүнүн артыкчылыгын далилдеп келүүдө. Мисалы, миллиарддан ашык калкы бар, Кытай эл республикасы ижаралык кооперациялык тармакты өнүктүрүүгө киришкен кийинки он жылдын ичинде улуттук кирешени 2,5 эсеге өстүргөн, дан эгиндерин өндүрүп алууну өлкө боюнча орто эсеп менен гектарынан 34 центинерге жеткирген. Же болбосо, климаттык жагынан биздин өлкөдөн айырмаланбаган, европанын орто бөлүгүндө жайгашкан Чехословакияда 1677 айыл чарба кооперативи, 162 госхоз (бизче совхоз) өлкөнү азык-түлүк менен толук камсыз кылып турат. Алыскы айылдарынан да жылдын кайсы мезгилинде болбосун эч кандай кезексиз эле эттин кеминде он-он эки түрүнөн тандап сатып алууга болот экен («Огонек» жур. № 17, 1988-ж.) өлкө боюнча 1985-жылы ар гектар аянттан 47 центнерден дан эгиндерин жыйнап алган. Мындайча айтканда биздин өлкөгө салыштырганда орто эсеп менен үч эсеге көп. (Биздин өлкөдө, түшүмдү 1986-жылы орто эсеп

менен ар гектарынан 18 центнерден дан алынган). Чехословакияга барган биздин саякатчылар ал жактан чет элдик чүпүрөк-чапырак, буюм-терим алып келүүгө жанталашса, чехословакиялык кооператорлор биздин өлкөгө саякатка келгенде атактуу академик В. Н. Ремеслого жолугуп андан буудайдын жаңы чыгарылган сортунун уругунан белекке алып, чемодандарына салып кетип турушкан. Демек, ижаралык, кооперативдик багыттын мүмкүнчүлүгүнө жана келечегине күмөндүү кароо билимсиздиктин бир көрүнүшү.

Ош областынын «Ленин жолу» газетасы 1988-жылдагы № 81-санында Россия федерациясынын Ясногорск районундагы «Зыбино» совхозунун арендага алуучулардын кооперативи болуп түзүлгөндүгү тууралуу иш-тажрыйбаны жарыялады. Тилекке каршы бул татыктуу тажрыйба Алай районундагы чарбалар тарабынан да, жалпы эле областыбызда да тиешелүү колдоого алынбай жатат. Менин пикиримде, климаттык шарты катаалдыгына карата экономикалык өнүгүү келечеги тунгуюк абалда турган Алай сыяктуу аймактар үчүн кооперативдик багытка бүтүндөй жана биротоло өтүү күрдөөлдү жаңы перспективаны ачары бышык. Мына ушул жөрөлгөнү колго алууда бир маселе турат: башкаруунун буйруктук-тескөөчүлүк ыкмасын көндүм пейилге айландырып алган айыл жетекчисинин саясий-экономикалык сабаттуулугу, инсандык атуулдугу, жаңыча ой жүгүртө билүүсү, уюштуруучулук дараметн жетишер бекен? Демократиялык принциптерге баш ийүүгө ак-сезимдүүлүк менен бара алар бекен — кеп ушунда. Ижаралык-подрядга жана кооперативдик түзүлүшкө, жекече иш аткарууну кеңири жайылтууга өтүүнүн деңгээли райондордун партиялык жана советтик жетекчилигинин кайра куруудагы негизги иш көрсөткүчү катары бааланышы учурдун талабы болууда.

Эмне үчүн, көп маселелер козголуп далай чечимдер кабыл алынса да жайлоонун жолу оңолбойт, анткени, малчы буга кызыкпайт, келерки жылы башка кашарга көчөт,

башка жайытка кетет, анан да колунда зарыл каражаты жок. Чарбанын жетекчиси андан бетер жолду оңдогусу келбейт, анткени бул пландык көрсөткүчү эмес, ансыз да алар маянасын алат. А эгерде короо-сарай, кышкы, жайкы жайыт малчыга узак мөөнөткө биротоло бекитилип берилсе ал ойлонмок. Мал-чарба продукциясынан алынган кирешенин ээси болсо чарбанын жетекчисине жалдырап олтурбай эле мехпарктын кооперативдик бригадасы менен келишим түзүп жап-жакшы жол салдырып алмак, жолбайлыктын негизи экендигин кимдир бирөөгө түшүндүрүп олтуруунун такыр кажети болбой калмак, экономика экономика үчүн эмес конкреттүү адам үчүн иштөөгө өтмөк...

## Жетекчи — элдик өкүл

Адамзат жер жүзүнө жаралып аң-сезими калыптана баштагандан бери карай анын ыймандык умтулуусу, далай азаптуу күрөштөрдү баштан кечирип, өмүр бою сындырым нан, ууртам сууга кайыл болуп, өзү жетпей калса да келечек урпактар үчүн деп багыштаган тилеги — эркиндик. Ач көздүк өкүм сүргөн жерде бирөөлөр башкалардын эсебинен эркиндикке жетишүүгө умтулса, социализм өлкөсүндө журтчулукка тегиз эркиндикти тартуулоо — адам деген сөздүн эң бийик мааниде ишке ашкандыгы болууда. Ал эми эркиндиктин нукура өлчөмү адамдын жашоосуна, турмуш-тиричилик муктаждыктарына, руханий өнүгүүсүн канаттандырууга зарыл байлыктарды камсыз кылган өндүрүмдүү эмгек аркылуу жетишилген бош убакыт. Мына ошондуктан, Карл Маркс «Коммунизм учурунда байлык жумушчу убакыт эмес бош убакыт» деген. Мына ошондуктан, социализмдин артыкчылыгы катары биздин өлкөдө жумасына эки дем алыш белгиленген. Коомдун мүчөлөрү саламаттыкты чыңдоого, эс алууга, эстетикалык ырахаттанууга, интеллектуалдык өнүгүүгө жетишерлик бош убакытка ээ болушу үчүн адамдык жашоо-турмуштук муктаждыктарды канааттандырууну жогорку деңгээлге

жеткирүү керек. А бул, коомдук карым-катнаштарды жөнгө салып, өнүгүүнүн тактикалык жана стратегиялык багытын аныктап, аны ишке ашырууну алдыңкы илимий негизде уюштуруу вазипасы жүктөлгөн жетекчиликтин дараметине кыйла даражада байланыштуу. Демек, адамдардын бош убактыга ыраатгуу ээ болушу, ошол бош убакытты маданияттуу жана аң-сезимдүү пайдалана билиши, коомдун өнүгүүсү канчалык даражага жеткендигинин негизги көрсөткүчү — жетекчиликтин туурлыгынын далили.

Мына, ушул жерде айыл жана жетекчи деген маселе келип чыгат. Эл башкаруучу деген ыйык наам, кесиптин, билимдин, маданияттуулуктун, эчен замандардан бери карай жетишкен алдынкы идеаларын рухий дүйнөсүнө сиңиргөн, мекендин гүлдөп өнүгүшү үчүн татаал проблемаларды ийгиликтүү чечүүгө жөндөмдүү таза ниеттүү патриотторго гана таандык. Жетекчилик кызматты аркалаган ар бир адам анын бир далай түйшүктүү, татаал ташбиштүү ар тараптуу өнүккөндүктү талап кылган, ар намыстуулукту талап кылган жооптуу иш экендигин — негизги милдети элге берилип кызмат өтөө экендигин айкын түшүнгөнү абзел. Жетекчилик кызмат кыраакылыкты, чыгаандыкты талап кылат. Нукура адамдык сапаты, даанышмандыгы менен элдин кадырлоосуна, сыймыгына татыктуу болгон адам гана чыныгы жетекчи. Бригаданын, бөлүмдүн, чарба, мекеменин, райондун, бүтүндөй аймактын мүдөөсү, ийгилиги жана абалы жетекчинин инсандык бийиктиги аркылуу чагылып турары маалым эмеспи. Же болбосо азыркы учурдун талабы менен демократиялык өңүттөн карай турган бөлөк татыктуу жетекчинин тандалышы — шайланышы эмгек коллективинин аң-сезимдүүлүгүнүн деңгээлине, саясий сабаттуулугуна түздөн-түз байланыштуу, коллективдин алдыңкы окулдорунун канчалык принципиалдуулугун айгинелейт.

Тилекке каршы, сенектик жылдары жетекчилик кызмат номенклатуралык жол менен жогортон дайындалып келгендиктен, көп бир учурда жогорку жетекчиге «жаккан»

элдик пикирге төп келбеген жолбун адамдардын жылуу ордуна айланып кеткен эле. Дал мына ушундан жетекчи көпчүлүктүн пикири менен эсептешпей өз ниетин элге таңулоону адатка айландырды, дал мына ушундан улам бюрократиялык кылык-пейилдер жамырай баштады. Жетекчилик кызмат жылуу-жумшак кеңсеге, кызматтык жеңил машинага, складдан, базадан эч ким таппаган таңсык буюмду табуучу шартка, ал түгүл элдик мүлккө кол салууга жол ача турган жагдайга айланып кетти. Дал ушул кесепеттен айылдарыбыздын абалы абдан эле кейиштүү бойдон кала берүүдө. Ошондуктан, жетекчи маселесин тыкандык жана иш билгилик менен чечүү, айылдын кутмандуу өнүгүшүн камсыз кыла турган уюткулуу маселелердин бири. Бул максатты турмушка ашырууда айыл адамынын демократиялык принциптерди пайдалана билиши өзгөчө мааниге ээ болуп турат. Кайра куруу демократиялык укуктун күчү менен ишке ашат, ошондуктан ар кандай ооз көптүрмөлөргө, тымызын ушакчыларга, сүрмөлүккө салуучуларга жол берилиши керек эмес. Бүгүнкү күндө айыл адамынын демократиялык аң-сезими өтө эле мажирөө, саясий кызыгуусу солгундугун эске алып, жаңы саясий кырдаалга карата демократиялык сабаттуулугун өркүндөтүүнү кечиктирбестен чечкиндүү колго алуу баштапкы партиялык уюмдардын чыныгы авангарддык ролу болууда. Кайра куруу жарыялангандан берки төрт жылда айыл турмушунда — жашоо шартында кандай өзгөрүүлөр болду? Ачыгын айталы — азырынча эч кандай жылыш жок. Сөзүбүз көп да ишибизде майнап жок.

## «Күжүрмөн эмгек» жөнүндө

Биз көпкө дейре мактанып келдик, бир кезде негиздүү мактанар элек, анан уламдан-улам элге негизсиз мактана турган болуп алдык, өзүбүзгө-өзүбүз, мактана турган жасалма кырдаалдарды түзүүгө киришип кеттик. Ой, тообо, э-эй! Бул кылыгыбыз кайда алпарат деп ойлоп койбогону-

бууну кара! Дүйнөдөгү эң алдыңкы адамзаттык идеалдарды ишке ашырууга ниеттенген социализм өлкөсүндө жашап, анын граждандары болуп туруп жалган айтууга, көз боймочулукка, кошуп жазууга барганыбызды айтпайсызбы!

Сөздүн кыскасы, мактанычыбыз манчыркоого айланарын, көз жумду кош көңүлдүккө айланарын, ыйман парасатты өксүтөрүн, экономиканы бечел абалга кабылтарын эми түшүндүк. Кечигип көзүбүз ачылды, кеч жетилмейлерден окшойбуз. Көрсө, адамзаттын келечекти карай умтулуусуна, өнүгүүсүнө кубаттуу түрткү бере турган күч маалымдуулук тура. Коомдук ички карым-катнаштарды, жалпы эле турмушта болуп жаткан оң да терс да көрүнүштөрдү кашкайган чындыктын күчү менен жарыкка чыгарып турсак, ал бирөөгө таттуу тийип, бирөөгө ачуу тийип акыл-эсти дүүлүктүрүп ойду чымырканта иштетип, талаш-тартышты, түрдүү пикирди жаратып, туура чечимди калыптандырат экен. Анан бул, коколой башын, үлпүлдөк креслосун «коругандан» башкага кызыкпагандарга «кепер суук» келерин да байкап калдык.

Кайра куруу процессинде басма сөздүн ролу күн санап өсүүдө. Катардагы өткөн-кеткен кабарды билдирип турууЧудан, элдин үнүнө, элдик трибунага айланды. Ири жана олуттуу проблемаларды чечкиндүү көтөрүп чыгып, жаңыны жайылтууда, демократиялык принциптерди калыптандырууда татыктуу салымын кошууда. Биздин Алай районубузда «Күжүрмөн эмгек» аттуу газета чыгат. Газетанын ишин Ош областтык «Ленинский путь» газетасы атайын макаласында кеңири талкууга алып андагы материалдардын көпчүлүгү «же таптуу эмес, же муздак эмес» деп адилеттүү сынап чыкты. Кайра куруу, маалымдуулук жарыяланган мезгилден бери газета, алайлыктардын жандуу кызыгуусун жараткан, акылды козгоп, ойду эргиткен кардиналдуу бир проблеманы көтөрүп чыгууга батына албады. Ал эми көңүл бөлүүгө арзый турган маселе бир далай, кунары кеткен жайыт, малчыларды тейлөөдөгү терс көрүнүш-

төр, далай депутатка наказ катары берилип кадырлуу жыйындарда айтылып келатса да курулбаган суу проводдору, орнотулбаган радиотүйүндөр, бүтпөгөн клуб ж. б...

Газетанын редакция кызматкерлери менен көп жылдардан бери жакшы таанышмын, далай номерлерди көкүрөк оту менен жарыкка чыгарган тажрыйбалуу журналисттер, негедир өз деңгээлине көтөрүлө албай жатышат. Бул бир эле биздин районго таандык абал эмес, бул республикабыздын көпчүлүк райондорундагы басма сөздө типтүү көрүнүш. Ал эми «ач кулактан тынч кулак» өмүр сүрүүгө берилип алуу — жөн гана жүрүү, бул «жөнөкөй жүрүү» эмес экендигин, мындай коймаарек жашоо түпкүлүгү оңдурбай тургандыгын, элдин-жердин тагдыры үчүн зыяндуу экендигин сенектик мезгилде коомдук турмушубузга чылгыйлана тамырлашып кеткен мажес көрүнүштөр, бюрократиялык пейилдер далилдеп олтурат.

Айылдарыбыздын келечек тагдыры үчүн күрдөөлдүү күрөштүн алдыңкы катарында болуу ар бир журналисттин атуулдук парзы, ыйык милдети болууда.

## Соңку сөз

Борборлоштуруп жылуулук менен камсыз болгон муздак, ысык суусу жеткирилген, газдаштырылган бардык ыңгайы бар үйлөр, кышында жылытылган кенен бассейиндүү жабык спорт комплекстери, эң алдыңкы техникалык жабдуусу бар заңгыраган кенен маданий борборлор, көңүлдү эргиткен дүр-дүйүм буюму, түр-түрлөп мыкты сапаттагы жашылча-эти дайыма белен сатылган дүкөндөр, анча алыс эмес кооз капчыгай-тоолордогу татынакай саякат жана эс алуу жайлары, ар бир үйдүн босогосуна чейин жеткирилген асфальт жол, эң негизгиси — жай күндөрү шаардай эле эки күн дем алыш айыл жергесине качан келет? Биотехнология, компьютер, маркетинг, менеджер деген мезгилдин алдыңкы өрнөгү айылдарыбызда качан күнүмдүк турмушка айланат? Социализм деген түшүнүктүн

маданияттуу деңгээлин кандайча элестетебиз? Деги ушул суроолорду берүүгө мезгил жеттиби? А эгер бул деңгээлге жетүүгө дале шарт-ыңгайыбыз туура келбей жатса анда биз эмне максат менен жашап жүрөбүз?

Мына ушул жерде бир сөздү тике жана ачык айтышыбыз керек, ушул кезге дейре биз практикалап келаткан башкаруунун буйруктук тескөөчүлүк ыкмасы айрыкча айыл проблемасын чечүү жаатында өзүнүн толук ийкемсиздигин жана жарамсыздыгын көрсөттү, бюрократиялык пейилдердин жамырашына жагдай болуудан башка анын келечеги жок экендиги айкындалды. Дал мына ушундан жеке мүдөөлөрүн бапестөөгө «белчеден» берилип алган бюрократия нукура демократияны — демократия ойнуна айландырууда, өзүн-өзү башкарууну тескөөгө салып экономикалык реформанын күрдөөлдүү ишке ашышына тымызын тоскоол жасоодо.

Айыл проблемасын чечүүнүн кайра куруу аныктаган бир гана туура жолу бар, ал башкаруунун экономикалык-демократиялык методуна өтүү.

Бул чарбадагы бардык эмгектик каражаттарды, жерди, коллективге узак мөөнөткө арендага берүү, бул бир нече кандидаттын ичинен мыкты программалуу жетекчинин чыныгы демократиялык жол менен шайлоо, бул жетекчиликтин жүргүзгөн ишин эмгекчилердин алдыңкы өкүлдөрүнөн түзүлгөн Советтин реалдуу контролго алышы. Бул толук чарбалык эсеп, ижарачылык, кооперативдик түзүлүш, үй-бүлөлүк жана жекече иш аткаруу. Бул депутаттын коомчулукка баш ийиши, чыныгы элдин өкүлүнө айланышы, элдик пикирдин чечүүчү мааниге ээ болушу. Бул акча-товардык экономика, ар кандай тармактардын экономикалык өнөктүгү (социалисттик конкуренция) жана бул бюрократиялык ниеттерге чечкиндүү каршы турган аңсезимди коомдун ар бир мүчөсүнө таандык мүнөзгө айландыруу. Экономикалык башкаруу өз деңгээлине жеткен жерде эмгектик ички алаканын, карым-катнаштардын табигый талабы менен кызмат орундардын кыскарышы, сөз

сүз түрдө кирешенин алынышы, убактылуу «шефтик» жардамчылардын артыкбаш болуп калышы, адамдардын эч кандай көрсөтмөсүсүз эле эмгектенүүгө умтулушу өкүм сүрөт. Толук чарбалык эсеп өз өктөмүн сүргөн жерде директордук креслодо олтурган мыкты экономистти, статистиканы кошо тейлеген бухгалтерди, диспетчердик милдетти аткаруу менен техникаларды заправкалоого үлгүргөн операторду, бригадирлик менен сугатчылыкты айкалыштырган эл башкаруучуну, механиктик менен слесарлыкты бириктирген жөнгө салуучуну (мастер наладчик) жолуктурабыз. Теңдемечилик жоюлуп эмгекчилдик, чыгармачылык жигерди, талантты кадырлоо кутмандуу даражага көтөрүлөт. Андай болбогон учурда биз экономикалык реформанын шөкөтү-жасаты менен, чарбалык эсепке окшоштуруу менен, бюрократиялык жорук-жосун менен ишибиз болуп жаткандыгын даана түшүнүшүбүз керек.

Кайра куруу бизге өз алдынча ой жүгүртүүгө жана мүдөлөрдү ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берип жол көрсөттү, аны татыктуу деңгээлде пайдалана билүү ар бирибизден өзүбүздөн. Кандайдыр, кимдир бирөө келип биз үчүн абалды оңдоп бербейт.

Кайра куруу процесси эч кандай жасалмалуулукту кабыл албайт, ага нукуралык керек.

Дүйнөлүк өнүгүүнүн азыркы этабы электрондук, компьютердик, роботтук техникалардын экинчи баскычын — логикалык андаштыруу сересин өздөштүрүп жаткан мезгил, бул биологиялык технологиянын революциялык тасири. Мына, ушул алааматтуу жарышта бир гана жол туура: ал илимий-техникалык прогресстин эң алдыңкы катарында болуу. Ушул багытты көздөй бараткан биз үчүн, кайра куруунун, маалымдуулуктун, айкындыктын күжүрмөн деми менен социализмдин нукура артыкчылыгын бүткүл адамзатка жаркырата көрсөтүү вазипасы — эрдик жасоо милдети турат.

## ЫЙМАН ОТУ

### I

Бүгүн жайыт маселеси республикабыздагы эң татаал да, түйүндүү да маселелердин бири болуп калды. Анткени, бул элет адамынын инсандык көрөңгөсүнө демөөр болуу менен бир тарабы Ысык-Көлдүн айлана-чөйрөсүндөгү көңүл ойүткөн көрүнүштөрдү ээлесе, экинчи канаты токой корук — жалпы экологиялык өзгөрүүлөрдү камтып өтүп, курч туяк жылкынын көбөйүшүнө кедерги болгон себепке айланат да, ал гана эмес мөмө-жемишинин молдугу, малынын арзандыгы менен Орто Азияга кеңири белгилүү болгон Ош шаарынын атактуу базарынын агыл төгүлдүгүнө өзүнүн таасирин тийгизип олтурат.

Бар болгону мындан сегиз-тогуз жыл илгери Ош базарында саратан өз өктөмүн сүрүп турган күндөрдө коондарбызды таразага тартуу деген болчу эмес. Бакжайган жайдары мүнөз дыйкан жадырай күлүп, жарыла албай чатырап алаканга араң токтогон дарбызды канча десең, бир сом деп коёр эле, ал эми терип-текшерип келгенде килосу 6—8 тыйындан ашчу эмес. Азырчы? Мына кийинки жылдары дарбыздын килосу 20—25 тыйындан, коондун килосу 30 тыйындан төмөндөбөй койду. Бир кезде, Ош, Анжиян, Фергана, Кокондун ашпозчуларын таңшанткан өзгөн күрүчүнүн бир килосу жайы-кышы беш сомдун айланасында. Эмне үчүн? Себеби, эле багбанчылыктын өрчүшү күн санап өсүп жаткан элдин талабына шайкеш өспөй жатат — аны тоют аянттары кысып салды. Мына ушундай тартыштыктан пайдаланып, кызыл кулактар минералдык жер семирткичке «чыланган» жашылча менен базарды толтуруп жаткандыгы тууралу газета-журналдар бир нече жолу жазып чыкты. Базар дыйканчылыктын күзгүсү деп коёт, базардагы абал биздин айыл чарбадагы абалды даана чагылдырып турат. Бир кезде колхоз-совхоздордун айдоо жерлеринин жака-белинде жакшы иштетилген, эч кандай шылтоо дооматсыз эле жумушчуларга берилген жер-жемиш

эгилүүчү чакан-чакан аянттар болор эле, бүгүн андай жерлерди атайлап издеп жүрүп араң табасың, ал тургай жол салуу, курулуш куруу үчүн айдоо аянтынан жер бөлдүрүү тозок.

Ысык-Көлдүн азыркы ал-ахыбалы баарыбызга кеңири белгилүү. Ал эми көздүн жоосун алган, кумарыңды кандырган, миң кыялды, толготкон атактуу токой коруктарды айтпай эле коёлу, андан алда канча кичине болсо да ошол аймактын ажарын ачкан кооз кокту-колот, коолдогон капчыгай, сан кереү тайпалар огеле көп десеңчи. Бирок аларды табигаттын көркү, өмүрдүн даңазасы катары кастарлап пайдалануунун ордуна малга тебелетип-тепсетип каржайган карт токойчого айлантып отурабыз. Эмне, муну көрүп-билип туруп ичибиз күйбөйбү, туталанбайбызбы? Барибиз калбай баарыбыз тең: сактоо керек, коруу керек дейбиз, үшкүрүнөбүз, кейийбиз, бирок келип эле жайыттын жетишсиздигинен алаканды жайып өзүбүздү-өзүбүз алдоого чейин барабыз: «Быйылча мал жайып турсак эчтеке болбос, келерки жылы ойлонуштурабыз»,— деп сооронобуз, түпкү максатыбыз эптеп эле жылды томолотуп кийинки жылга өтүү. Анан кийинки жылы деле баягы эле таз кейпибизди кайрадан кийип, андан кийинки жылга ыксалабыз. А жайыт жерлер болсо чаңы чыгып, уламдан-улам такырга айланууда...

Ушундан улам мындай бир нерсе эске түшөт: 1271 жылы Алай өрөөнү аркылуу Италиялык белгилүү саякатчы Марко Поло венециялык көпөстөр менен Чыгыш Кытайга бара жатып күндөлүгүнө мындай деп жазган экен: «Эки чокунун ортосундагы мына ушул бийик жерде ойдуң созулуп жатат, бул ойдуңду кесип өткөн өзөн адамдын көңүлүн эргитпей койбойт. Мындагы жайыттардын оттуулугун айтпа, эң арык мал бул жерде он күндүн ичинде кадимкисиндей семирип, аркасы ачылбай чыга келет. Ал эми мындагы жапайы айбанаттарчы, тим эле сан жеткис. Бул жерде аркар-кулжалар да көп, алардын мүйүздөрү укмуштай чоң».

Беш жыл илгери токсон эки жаш курагында каза болгон Мамажан чоң атам Кызыл-Кыядан алгачкы жолу Алай жайлоосуна келгени жөнүндө минтип эскерген эле: «Мал айдап, мөңгүлөрдү аралап, ашуу ашып Дамжайлоого келдик (азыркы Кашка-Суу айылына жакын жер). Жайлоо жашыл тулаң, ортодо кашкайган тунук суу агып жатат, жолдошторум ушул сууда эти ширин кызылчаар (форель) балыгы болот, кайрымак салалы эле деп калышты. Ал кезде азыркыдай кайырмак кайда, ийнени иймейтип жипке байлап, сөөлжан илип, сууга ыргыттык. Алеки саатта чака толо кызылчаар балыктырды кармап алдык... Анан өрөөнду көрүш үчүн Бүркүттүн чокусу деген чокуга чыктык, карасам алдымда жайлоо эмес, учу-кыйрына көз жетпеген укмуштай чоң көл толкуп жатат. «Оой, бул деңиз го?» десем, жолдошторум күлүп калышты, көрсө тизеге жеткен бетеге Алайдын ар дайым согуп турчу шамалына ыргалып көлдөй толкуп турган экен... Ушундай болчу, неберем». Ал го ал болсун, кечөө эле алтымышынчы жылдардын баш ченинде, Така, Көк-Кыйык, Ачы-Суу, Миң-Жар жайлоолору көз жоосун алган көркөм жайлоолор эле. Ышкын, карч, бүлдүркөн, козу кулакты мындай кой, миң түркүн гүлдөр жайнап, беттен калың өскөн бетегенин үстүнөн жылгаяк тепчүбүз.

Жаздын кызыл-тазыл кырмызы гүл аралаш өскөн жайкалган тулаңына кумарлана кыялыбыз дүргүп доорлор түнкүрүн сүйгүй чабыттап жөнөйт, «Манас ата мына ушундай жайлоодо күлүктөрдү марага жарыштырып чоңойгон да» дейт,— арадан бирөө, анан экинчибиз «а Каникей апачы! Ал жайлоонун арман түрлүү гүлдөрүн терип атыр жыйнчу экен!» Табигаттын түркүн жасалгасы балалык ойго канат болуп айкөл сырын ача берет... Чар тарабың шашпа билинүп адам деле, үй деле, буюм деле, мал деле шибер жыттанып калчу.

Ооба, айтылуу Алай өрөөнү совет бийлигине чейин эле окумуштуулардын көңүлүн өзүнө буруп келген, ал эми совет бийлиги орногондон кийин, 1923-жылдан баштап

Памир-Алайдын жаратылыш ресурстарын, экономикалык абалын, жер кыртышын, пайдалуу кендерин изилдөө иштери кеңири кулач жайды. 1973-жылы «Илим» басмасынан О. Д. Сахарованын «Алай өрөөнүнүн ландшафтары жана аны айыл чарба максаттары үчүн райондоштуруу» деген китеби басылып чыкты. Көптөгөн илимий изилдөөлөргө таянып жазылган ошол китепте мындай деген жери бар: «Жайытта мурда басымдуулук кылган бетеге сыяктуу баалуу чөптөр азыркы тапта өтө суюлуп, абалы начар. Алардын ордуна мал жебей турган чөптөрдүн үлүшү 50 процентке жетет».

Демек, алтымышынчы жылдын аяк ченинде эле Алайдын кунары кете баштагандыгы айкын болгон. Кийин Алай өрөөнүнүн айдоо, жерлеринин, жайытынын кейиштүү абалын фактологиялык маалыматтар менен баяндаган жердешибиз Ж. Парманасовдун эмгеги жарык көрдү. Жаратылышты коргоо, токой-корук — жалпы эле экологиялык жагдайды талдоого алган китептерде, макалаларда жайыттын абалы тууралу коогалуу ойлор жана жайыттарды сактоо, калыбына келтирүү, аларды рационалдуу пайдалануу боюнча практикалык бир катар сунуштар айтылды. Алар: жайытты, карталаштыруу, түшүмдүүлүгүнө жараша бөлүү жана малдын түрүнө карата пайдалануу, жайыттын өзгөрүүсүн жыл сайын байкоого алуу, бадалдарды эгүү, токой тилкелерин түзүү, эрозиядан сактоо иштерин жүргүзүү, тосмо тилкелерге бөлүү, маданий жайыттарды түзүү, суу проводдорун куруу, сугаруу, малды загондук жол менен багуу жана түз эле жайлоодо этке төгүүнү уюштуруу, социалдык-маданий маселелерди чечүү ж. б. Алтымышынчы жылдары эле академик А. М. Мамытов жайыттын түшүмдүүлүгүн, жалпы сапатын аныктоонун шкаласын иштеп чыккан. Окумуштуу И. В. Ларин жайытты которуштуруунун үч жана алты жылдык бир нече вариантын сунуш кылган. Бирок буга карабастан О. Д. Сахарованын китебинин корутундусунда айтылгандай али да болсо «тоют базасынын негизи болгон табигый жайыттарды пайдалануу

чарбалар тарабынан системасыз жүргүзүлүүдө. Жайыттарды түп тамырынан жакшыртуу иштери дээрлик жокко эсе, аларды кезектештирүү эрежеси бузулууда, маданий жайыттар жок».

Ооба, бир кездеги жапжашыл болгон жайыттардын бара-бара кунары кача баштаганы белгилүү болгон соң жайыттын табигый ресурстарын аныктоо, аны рационалдуу пайдаланууга белсенип аракеттенүү республикабызда элүүнчү жылдын башында, жайыттын абалы азыркыдан дурус кезинде эле башталган. Ушундан улам Алай өрөөнүнө да көңүл бөлүнүп, өрөөндү ар тараптан изилдөө иштерине союздук илим изилдөө мекемелеринен окумуштуулар чакырылат, республикалар биргелешип жайытты жакшыртуу иштерин жүргүзүү тууралу сөз козголот, алай жарым уяң жүндүү койдун тукумун чыгаруу иши кеңейтилет. Окумуштуу-агрономдор В. М. Шалухин менен Г. И. Длинныхтын жетекчилиги астында Дароот-Коргон айылында бир жылдык жана көп жылдык чөптүн, кызылчанын, капустанын, сабиздин, буурчактын, картошканын бийик тоонун шартына ыңгайлашкан жаңы сортун чыгаруу үчүн илимий станция ишке киришет. Бирок, өз убагында туура башталган бул иш кийин, алтымышынчы жылдын орто ченинде, негедир эле жалын өчкөндөй жалп өчтү да калды. Анын ордуна дароо эле тоют үчүн айдоо жерлерин кескин көбөйтүүгө кириштик, «тоют жана тоют!» деген ураан пайда болду. Ал ураан жер ресурсу али кенен кезинде, улам жаңы жерлерди өздөштүрүп жатканыбызда чагында эле жакшы жыйынтык бере тургандай таасир калтырды, анан жайыттын уламдан-улам начарлап баратканына назар салбастан малдын башын кескин көбөйтүү жетекчилердин аброюн көтөрө турган бирден бир көрсөткүчкө айланды да калды. Бара-бара жер шамал менен суу эрозиясына учурай тургандыгын, ал акырын арыктай тургандыгын өз көзүбүз менен көрдүк, бирок көңүл башка жакка бурулуп калган эле. Тез эле чарба өз күчү менен тоют даярдоого курпаты келбей калган акыбалга жеттик,

көп ойлонбой бул ишке айылдагы мекеме ишканалардан баштап студенттерди, шаардыктарды жылдан жылга активдүү катыштырууга өттүк.

Сентябрда жадырай шаттанып мектебине келген окууларды билимдин шарданына көндүрө койбой чөп жыюуга жөнөтүү, мектепти бүткөн соң аттестатын колуна бербей кашар курууга иштетүү өнөкөткө айланды. Районубуздун Кызыл-Суу совхозунун борборуна жакын жерде беш кашар ар кайсы мектептин окуучуларына дубалы өлчөнүп бөлүнүп берилип курулуп жаткан кезде барып калдым (азыр Беш-Кашар деп аталат). Күн бир кыйла салкын, катуу шамал жүрүп турат. Мотурайган, жоодур жүздүү, тетик кыймылдуу тогузунчу класстын окуучу кызы бир кыйла бийик көтөрүлүп калган дубалдын үстүндө пакса коюп жатат, алты жети окуучу цемент чылап ташып берүүдө, калгандары сайдан таш ташуу менен алек. Башкасынан да жанагы жаш кыздын дубал уруп жатышы көңүлгө оор дүпөйүл болуп аралап өттү — ушул күндө да элеси көз алдымда даана. Ушинтип электрондук эсептегич машиналарынын доорунун өкүлүнө таш дубал койдурганыбызга компоюп, уюштуруучулук тапкычтыгыбызга муюп, мугалимдер, чарба жетекчилери ары-бери басып,— «болгула, и-и, кана, азаматсыңар» — деп дем берип жаттык. Албетте, айыл чарбасында түзүлгөн татаал кырдаалды билген ар бир аң сезимдүү адам чарбага кол кабыш кылуунун зарылдыгына түшүнөт, ошентсе да, бул дагы бир проблемага кабылтты. Жерибиз тоолуу, жылдын жылуу мезгили үч айдан ашпайт. Маданий спорттук иштерди жандандыруунун эң сонун убагы сугат, кыркын, оруп жыюу сыяктуу көпчүлүктүн күчү менен бүтө турган жумуштар биринин артынан бири чыгып убагында эс алууга, коомдук иштерди уюштурууга мүмкүнчүлүк бербей, илгертен ата конушун кадырлоо салты канча күчтүү болсо да айыл жаштарынын шаарга кетүүсүнө себепчи болууда. Экинчи жагынан айыл чарба жумушуна катышуунун таасиринен, кээде ошонун шылтоосу менен мекеме — ишканалар өз

ишин бошоцдотуп жиберди. Буга мисал катары республикабыздагы тейлөө, курулуш, техникалык мекемелердин абалын, окуу жайларындагы түзүлгөн кырдаалды айтсак жетиштүү.

Арийне, биз үчүн өтө маанилүү болгон автомобиль жолдорунун сапаты боюнча бир кезде Орто Азия жана Казахстан республикаларында биринчи орунда болсок азыр акыркы орунда бекем олтурабыз. Сырткы жардамга каныккан чарба жетекчилери ички резервдерди издөөгө кызыкпай, илимий-техникалык прогресске үстүртөн мамиле кылууга өттү. Бир кездердеги «механизатор чечүүчү күч» деген ураан унутулуп, техниканы сактоо жана даярдык линейкасына коюу боюнча республикалык кароо-конкурсту өткөрүү солгундап, айыл чарбасында машиналардын комплексин кийирүүгө анча маани бербөөчүлүк башталды. Алдыңкы инженер-механиктин ремонтчунун, механизатордун эмгектик өрнөгү тууралу анда-санда гана үстүртөн айтылып калды, натыйжада бүгүнкү күндө мал чарбасында, талаачылыкта кол эмгегинин үлүшү кыйла жогору. Мына ушул сыяктуу мүчүлүштөр келип эле койдун үстүнө жүктөлүп анын продукциясынын наркын аша жогорулатып салды. Алсак, жетимишинчи жылдан сексенинчи жылга чейинки он жылдыкта кой этинин бир центнеринин өздүк наркы эки эседен ашык өскөн. Белгилей кетчү нерсе: айыл чарба жумушуна тартылган ишкана мекемелер, уюмдар, транспорт, шайман, тамак аш сыяктуу чыгымдарды негизинен өзүнө алат, эгер муну кошсо мал чарба продукциясынын наркы дагы жогорулашы бышык, демек чарбалык эсептин, ижаралык ыкманын кеңири жайылышы бир топ жагдайларды аныкташы ыктымал.

Буга жарыша кошуп жазуу деген балакет өнүктү, болгондо да шашылыш өнүктү. Мал чарбасында кошуп жазуу менен пландык көрсөткүчкө жетүү алгач, иштеги кемчиликти жылмалоо, кээ бир алдым-жуттумдардын буйтамасы катары акырындап башталган. «Жаман жабышкак» дегендей, ал тез эле туш-тушка тарап, жалпыга маалым

болуп жарыкка чыга баштайт. Ошол кезде бул мажес көрүнүшкө партиялык принципиалдуу баа берүү жөнүндө сөз болгон, кыясы колдо бар мүмкүнчүлүккө эң биринчи жайыттын мүмкүнчүлүгүнө таянып иштп оңдоого кыйын экендигине жогорку жетекчиликтин көзү жеткен болуу керек, эрктүү аракеттен жандын тынчы жагымдуулук кылган сыяктуу. Жандырмак катары «жергиликтүү шарт, айыл адамынын психологиясы» деген түшүндүрмө аныктоо ойлонуп чыгат да ана-мына дегенче тике эле жетекчилердин малчыга барып, «биз сага төлдөн мынчага жардам беребиз, сен менчигинден мынчаны кош, аны кийин сыйлыктын эсебинен кайтарып аласың» дегенге өтүлөт. Эбактан эле менчик чарба мамлекеттик планды аткарууга жардам берип келген, бирок аны коомдук малдын продуктуулугун жасалма жол менен жогорулатууга пайдаланууну өзү эле социалисттик принципке коошпойт. Үч эле жыл илгери жүз тубардан эки жүзгө жакын козу алып жатабыз деп жалпы жарыялап элдин ишенимин аралжы кылганга чейин жетпедикпи. Бул чуулган кантип мүдөөгө жетти: эсепте жок короо, кочкордун эсебинде жүргөн тубар кой, чарбанын малы менен багылган менчиктин козусу, дарылоо пунктуна караштуу койлордун төлү, ал да аз келсе кагаздагы козулар. Мына ушунун бардыгы информация каражаттарында, жайыт-тоют маселесин камтыган макалаларда, китептерде бапыраган курулай шаңдануучулуктун аракетинде ишке ашырылып, айыл чарбасындагы абалды начарлата берди.

Байыркынын даңктуу мурасы айыл аксакалынын ыймандык нурунан мээрим алган жаштар жагынуучунун, жандалбастын, эки жүздүүнүн өткүрлүгүнө кабылды. «Адал жашап ак сүйлө» деген насаат «жебеген жердин түбүндө» деген шумпай лакапка бастырылды, «чындык жер астында, актык көр ичинде» деген, адам атка доо кетирген ажына кепке ынанууга мажбур болдук, уннтин адеп-ахлактык парасаттын күүдүрөшүнө кабылдык, кереңдик мезгил өкүм сүрдү.

Эмне үчүн калпыстыкка көндүк? Эмне үчүн акыйкаттын өткүр деми басаңдап, аркандай ийменбес жеке керт башынын мартабасы үчүн мекендин келечегине «тиш салгандарга» жол ачылып арааны жүрүп кетти?

Инсандык бийиктигин, рухий залкарлыгын, идеялык бекемдигин эркиндикти, мекенди канкор баскынчыдан коргоого каны жанын аябай күрөшкөн ынтымак эл жеңишти желбирете колуна кармап, эл чарбасын калыбына келтирүү белесине киришип, күрдөөлдүү ийгиликтерди жаратып, эми ырыхаттана жадырап жашай баштаганда биздин ак пейилдик, боорукердик, аёчул сезимден пайдаланып, өзү жазган мүнөздөмөгө «баарыбызга кол койдуруп» бюрократ, жалпак тили менен элди муютуп, акылынын арам түпкүрүндө бай-манаптын, бектин, кор башынын чириген мүнөзүн бапестеп, эскинин чала жанчылган калдыгы жанданып келе жатканын учурунда, тороло элегинде аңдаган эмес турбайбызбы. Анан жойпулана жүрүп олтуруп ач көздүк, проекционизм деген «сок билекке» таянды да талтая кекирейип туруп калбаспы: жандоочусу, мактоочусу, колдоочусу теги кир жугузбай «а» дей элек «алтыным» деп акшыңдай баштады, алышып көр?! Бийлик тиер менен дароо эле чыргоолонуп канаат билбеген мүдөөсүн элдин эсебинен сайрандатууга оңой жолду издей баштады. А буга бир жол алып барат,— элди алдоо, мүмкүн болушунча алдоо. Трибунадан ак уруп ант берип, анын артынан эле кабинетке бекинип алып жек-жаатын, жасоокерлерди, «белек» сунгучтарды издөө. Ошентип, элдин-жердин ыйманын ыдыратып жата калып жалпаңдагандардын күнү тууду. Талантты, билимди кесипти өркүндөтүүгө кызыгууну жагынууга жан далпас уруу артка түрттү. Бара-бара алдымжуттум «экономикалык проблемаларды чечип жатам» деп, көкүрөгүн койгулап ачыктан ачык эле көпчүлүктү басмырлоого өттү. Кылыгын көзүнө көрсөткөндөрдү сүрмөлүк менен ушакчы деп жалаага бастырды. Кызмат орун деген түбү жок капчыктай кабыл алынып, кадимкидей эле соодага түшүп, баасы бычылып сатылып жатты. Ушинтип

мал жайыты бир эле учурда бюрократтын жайыты болду да калды. Чарба жетекчиси продукцияны өндүрүүгө кеткен чыгымды азайтып экономиканы көтөрүүгө көңүл бөлүүдөн, жогорудан келген «аксакалды» шаан-шөкөт менен тосуп узатууга көп көңүл бөлүп турду.

Бактыбыз чексиз экен Улуу Октябрдын жеңилбес деми апрель (1985) пленумун дүйнө жүзүн сергите жарыялады!

Жайыттын бүгүнкү күндөгү дараметин баамдаш үчүн атайын тоо-талааны аралап ары-бери өлчөп, эсеп-чотту какпай эле мезгилдүү басмада жарыяланган макалалардагы маалыматтарды анализдөө, жыл сайын чыгуучу статистикалык көрсөткүчтөрдү салыштыруу жетишет. Мисалы кийинки он жылда этке төгүлгөн койлордун орточо салмагы 48 килограммдан 38 килограммга төмөндөдү, ал эми уйдуку болсо 327 килограммдан ашпайт. 1986-жылы ошондон улам мамлекетке 12 миң тоннадан эт кем төгүлгөн. Коромжу 46 миллион сомду түздү. Бир кезекте 8—9 центнер тоют бирдеги менен беймарал кыштан чыккан мал азыр 21 центнерди талап кылып олтурат. Чарбаларыбыздын 15 проценти зыян тартуу менен иштеп жатат. Же болбосо жетимишинчи жылдан сексенинчи жылга чейинки, аралыкта республикабызда малдын саны 9 процентке өскөн да, тоют даярдоо 84 процентке көбөйгөн.

Чабандардын жайлоосуна барганда алардын турмуш-тиричилиги менен таанышкан соң адатта короону көздөй басабыз, назар салсаң жуушап жаткан койдун арасынан жөткүргөн үн чыгат, эмне себептен мындай деп, чабанга суроо бергенде, «такырая оттолгон жайыттан кайтканда алдыңкы жандыктын туягынан чыккан чаңды арткылары жутуп өпкө оорусуна чалдыгат» деп калышат. Мал чөптүн чиринди тамырын кошо жулуп жеп карын илдети менен жабыркарын да айтышат, буга кошумча булактардын соолушунан жана тоо жеринде бургулоо аркылуу суу чыгаруу кыйындыгынан малды жай мезгилинде ташкындаган ылай сууга сугарууга туура келет. Жегиликтүү чөптөрдүн азайышынан жыл сайын уулуу жана зыяндуу өсүм-

дуктор көбөйүүдө. Короолордун, өтөктөрдүн, дайыма пайдаланылуучу конуштардын айланасында акыр-чикир таштандылар додолонуп үйүлүп жатат. Мөңгүдө сызылып түшүп, жайлоонун ортосу менен короодон-короону жандай аккан майда суулардын кык аралаш кирчимектениши ойлонууга аргасыз кылат. Мына ушул кырдаалда жайыттын оттуулугунун төмөндөшү кулакка сиңген сөзгө айланып, анын гигиеналык абалынын начарлашы көңүлдү өйүтүүдө, малдын өлүм-житимине себепчи болууда. Бир кездерде Марко Полону таң калтырган аркар-кулжанын азыр Алай өрөөнүндө кездешпей калганына канча жыл болгонун ар кандай боолгоп жүрүшөт. Жылга-жыбыт, чер-токой, бел-ашуу, бийик сырттар тыгыз жайытка айландырылгандыктан кечээ эле биз Дароот-Коргондун бет маңдайында тоодон көрүп жүрүүчү кийиктердин калган-катканы эми бийиктиги жети миң метр ак мөңгүлөрдүн астына корголоп күн көрүшөт, териси баалуу атактуу алай кызыл сууру бирден-жарымдап калды. Бекинер бетегеси жок, шыбак-бадалы аз калган Алай тоолорунун улары да өтө сейрек үн катат. Минералдык жер семирткич чачып жайыттын түшүмдүүлүгүн жогорулатабыз деп, кекилик менен чилди, эчен түр чымчыкты кантип азайтканыбызды байкабай да калдык.

Мал чарбачылыгын ургаалдаштырууга арналган илимий эмгектер өз алдынча өкүм сүрүп, жайыт өз алдынча жашап келатат. Жайыт жана тоют институтунун түзүлгөндүгүнө он жылдан ашып, жайыттын айланасында корголгон илимий даражалар жакталып: монографиялар, китептер басылып чыкса да, бүгүнкү күндө жайыттын чыныгы аянты, оттуулугу, келечеги, экологиялык-гигиеналык абалы тууралуу канааттандырарлык даражада чындыкка жакындашкан маалымат жок. Китептен-китепке көчүп жүргөн көрсөткүчтөр эбак эскирген ага эч ким көңүл бөлбөйт, жайыттын түшүмдүүлүгү шартка жараша божомолдуу бааланат. Мисалы, Алай районунда 1976-жылы мал башына жылдык рацион түзүүдө колдо бар тоют ме-

нен жайыттын пропорциясын эсептегенде 1 га. жайыт жеринен 9 центнерден кесек тоют талап кылынган ошондуктан жайыттын орточо түшүмдүүлүгү тогуз центнер деп алынган. Ал эми 1986-жылы мал чарбасын жыл бою талапка ылайыктуу тоют менен камсыз кылыш үчүн жайыттын үлүшүнө 11 центнерден кесек тоют туура келгендиктен, жайыттын түшүмдүүлүгү он бир центнер деп кабыл алынган. Бирок, мындай түшүмдү жайыт тургай сугат жерлерден алуу кыйын.

Алай өрөөнүндө үч республиканын (Кыргыз, Өзбек, Тажик) төрт областынын малы жайлайт. Бизге келген окумуштуулар, илимпоздор жайытты рационалдуу пайдаланууга аракеттенбейсиңер деп калат. Бул белгилүү даражада туура, бирок негизинен жайыттын жетишсиздигинен, чөбүнүн суюктугунан мал багуунун алдыңкы ыкмаларын, илимий сунуштарды кеңири практикалоого мүмкүн болбой жатат. Ошондуктан, койлорду жайытта багуу көпчүлүк учурда бир эле ыкма менен, эркин жаюу ыкмасы менен жүргүзүлүүдө. Чабанга бөлүнүп берилген жайыттын жалпы аянтында койду кечке жайып келүү багыты кеминде тогуз болушу талап кылынса, иш жүзүндө үч-төрттөн ашпайт, натыйжада тез-тез кайталап жая берүүдөн улам бетегелүү бет такырайып, кыртышы тапталып жатат. Эгер мал сейрек жайылган бетти карасаңыз сөөлжандын уясындай көпшөк кыртышты, табигый майда жаракаларды көрөсүз, жаанда бул жерлер сууну шимирип алат. Ал эми мал такай оттогон жер тыгыз ныкталгандыктан жаан суусу жерге сиңбей, нук менен агып кетет. Бул биринчиден, экинчиден, жайлоого көчүп барган малчыларды отун (көмүр, газ) менен камсыз кылууга узак жылдар бою талаптагыдай көңүл бөлүнбөгөндүктөн малчылар шыбак оруп, бадал-тал менен арчаны кыйып жагууга мажбур болушууда. Мына ушунун кесепетинен бүгүнкү күндө көп колоттор, капчыгайлар, кенен даралар жылаңач калды. Алайда арчасынын бийиктиги он метрден ашкан Текелик аттуу жайлоонун беттери азыр аңызга айланды. Сандал

деген жайлоодо кирген адам адашып кетчү талдары бийик өскөн кокту болор эле, эми анын талын кыйып жагуудан улам дүмүрлөр гана мулуят. Таканчы болбогондуктан башка тынч жаткан беттерден майда көчкүлөрдүн кетиши жыл өткөн сайын көбөйүүдө. Бул кар калың жатып чөп бийик өскөн беттерде нымды азайтса, экинчиден, колоттордо кардын ашыкча топтолушуна алып келүүдө, ошондуктан кийинки жылдары суулардын ташкындашы өтө эле айнараңдуу боло баштады. Айылдагы карыялар да мындай болгону эсибизде жок деп айтышат, буга эч качан суу ташкынына кабылбаган жерлердин жарга айланып бара жатышы да күбө. Мына, беш-алты жылдан бери ири көлөмдөгү тосуу жумуштарына карабай Кызыл-Суу дарыясы Жекенди менен Кара-Мык кыштагынын ортосундагы кең түздүктү бузгандан бузуп, кичирейтип эле баратат. Өткөн жылы май айынын аягында Дароот-Коргон айлына чоң коркунуч туудуруп, эл эки жума тынымсыз иштеп, андан да күндүн салкын тартышынан улам гана мөңкүгөн дарыяны араң ооздукташты. Нөшөрлөп жааган жаандын суусу жерге сиңбей бир колотко жыйылып, Гүлчө, Сопу-Коргон айылдарын нечен курдай дүрбөлөңгө салды. Айрыкча жергебиздин нукура көркү, сүрдүү тоолордун бирден-бир ажары арчанын кескин суюлуп баратышы адамдын жүрөгүн сыздатпай койбойт. Окумуштуу Г. Просуряковдун малыматтарына карганда бир гектар аянтты ээлеген арча чоң шаардын абасын тазалоого жарап, ошондой эле тоо жеринде булактарды суу менен камсыз кылган, кыртышты кармап турган негизги өсүмдүк экен. Мына ушул жүздөгөн жылдарда гана жетилген баалуу даракты жоготуп алып, кийин эгип көбөйтүүгө жасалган аракет эч жерде жарытарлык жыйынтык бергени жок! Демек, жайлоону пайдаланган ар бир чарбага, малчыга, геология кызматкерлерине, туристке, альпинистке ошол жердин арчасын бирден эсептеп өткөрүп берип, кайрадан кабыл алууга чейинки чарага барсак ашыкчылык болбойт эле.

Күз айлары Кызыл-Суу дарыясы абдан азайып ат эмес

эшек менен кечип өткүдөй болуп калат, сансыз булактар соолуп малчылар үчүн татаал шарт түзүлөт. Буга, өзүм жашаган Дароот-Коргондогу мен бала кезде айылды аралап шаркырап агып турган Ооттун булагы жетпей соолуп каларын, биздин үйдүн тушундагы Байгара шаркыратма булагы такыр какшып каларын айтсам жетишер.

Албетте, жайытты жакшыртуу иштери жүргүзүлгөн эмес деп айтууга эч кимдин акысы жок. көптөгөн аракеттер жасалды, белгилүү жумуштар аткарылууда, бирок анын деңгээли малдын башынын өсүшү менен тең тайлаша албады. Азыр көп жылдардан бери эреже катары бааланып, күнүмдүк турмушубузда пайдаланылып келаткан сунуштарды жаңыча ой жүгүртүүнүн элегинен өткөрүүнүн зарылдыгы турат. Мисалы, мал чарбачылыгын изилдеген негизги эмгектерди иргөө менен түзүлгөн «Кой чарбасы боюнча справочникте» («Кыргызстан» басмасы, 1974-жыл, жазган-авторлор коллективи.) мындай сунуштар бар: «Жайытты жылдан жылга пайдаланбай коюш дагы зыян экендиги белгилүү...», «жайыттарды жана чөп чабындыларды химиялык заттар менен тазалоого болот...», «жайыт жана чөп чабынды аянттарды малга зыяндуу тикенектүү бадалдардан (ит мурундан, карагандан), отоо, уулуу чөптөрдөн тазалоо иштерин кечиктирбестен жүргүзүү, жайыттын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн минералдык жер семирткичтерди кеңири пайдалануу керек...» ж. б. у. с. Эми биз академиктер К. Кондратьев менен В. Зуевдин, техника илимдеринин кандидаты, Л. Солоьевдин «Гроза над биосферой» аттуу макаласына кайрылалычы («Правда» газ. № 192. 1987-жыл). «Айыл чарба өндүрүшүн интенсификациялоо жана азоттук жер семирткичтерди арбын пайдалануунун кесепетинен биздин өлкөнүн ар кайсы райондорунда ар кандай оорулардын пайда болушу байкалууда жана малдардын өлүм-житими да көбөйүүдө...», «Бүгүнкү күндөгү кайра куруу алдыбызда турган көп маселелерге жаңыча кароого муктаж кылууда. Эгер биз ядролук согушту болтурбай коюуга кудуретгибиз

кеткен күндө да, адам баласынын алдына андан да чоң, түбөлүктүү — биосфера жана табият проблемасы дайыма күн тартибинде турган болот...». Табиятта бардыгы өтмө катар байланыштуу: кыртышка түшкөн химикаттын бир бөлүгү андагы кычкылды көбөйтсө, бир бөлүгү жамгырдын суусу менен дарыяга кошулат. Дарыялардагы жанжаныбарларды кыргынды мындай кой, ал бууланып атмосферага көтөрүлүп чыгат, калган бөлүгү тоют аркылуу малдын денесине кирет да адамдын организмине өтөт. Алсак, Молдавияда пестициддерди ыксыз пайдалануудан адамдардын речтик мүмкүнчүлүгү начарлап кеткендиги тууралу жазуучу Ион Друце «Литературная газета» аркылуу кабарлады (№ 31, 1987-ж.).

Жайыттын абалын оңой турган негизги чара — жайытты кезеги менен эс алдыруу — чөп табигый түрдө уруктаганын, ым топтолсо, ал кайрадан ошончолук калыбына келе баштайт. Бул эрежени билбеген, маанисине түшүнбөгөн чабан, мал чарба адиси болбосо керек. Ошондуктан; бүгүн жайытты рационалдуу пайдалануу маселесине кеңири токтолгон атайын окууларды, семинар-кеңешмелерди уюштуруу, алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу, жайыттын паспортун түзүү, аны рационалду пайдалануунун — кайрадан калыбына келтирүүнүн илимий негиздеги чарасын иштеп чыгуу, ага карата ар бирибиздин жоопкерчилигибизди жогорулатуу алдыбызда турган кечиктирилгис бирден бир милдетибиз.

Негизинен арзан тоюттун булагы жайыттын жалпы начарлашынан бүгүнкү күндө мал чарбасына караганда айыл чарбасынын башка тармагы колхоз-совхоздор үчүн пайдалуу, алсак: районубуздун Чоң-Алай кой чарба совхозу канча гана эспарцеттин уругун өндүрүп мамлекетке сата баштаганда киреше алды.

Мындан төрт жыл илгери жайдын толуп турган кезинде бала күндөрдөн тааныш-катташ болуп жүргөн чабандын жайлоосуна барып калдым. Жайлоо Алай өрөөнүнүн эң кенен жеринде, тескей тарабындагы Бооке, Жибек деген

автомобиль менен адаша турган жайык талаанын түшүндагы күнгөй тоонун этегинде экен. Жур алайдын жайлоосу кандай экендигин мен сага көрсөтөйүн деп калды. Биз колубузга таяк кармап, дүрбү асынып, сейрек шалбаа чөп өскөн куюлма шагылдуу тик бет менен чокуну көздөй жөнөдүк. Тоонун жарым ченине көтөрүлгөндө ушунда токтойлу десем, — жок тээтиги борчуктун үстүнөн бардыгы көрүнөт деп макул болбоду. Уламдан-улам тыныгып акырында асканын чокусуна чыктык. Түздүккө көз жүгүртүп боз үй менен чатырдын, асманда көчүп жүргөн булуттай жайылган малдын көптүгүнө таң калдым, үйлөрдү эсептеп жүздөн аша барып адашып токтодум. Анан дүрбү сала баштадык: эки мотоциклчен чыйыр жолдо чаңытып бара жатышат, бир жерде беш-алты адам боз үй тигүү менен алек, үйүрдүн айгыры менен кажашкан казыгынан бошоп гон атты кубалап жылкычы жүрөт, кыздар-балдар колуна кап кармап тезек терип жүрүшөт, атка отун, шыбак арткан кишини эрчип бир топ бала флягага суу толтуруп эшектерге жүктөп келе жатышат, эки чабан аялдары, балдары болуп кошулуп кеткен койлорду бөлүүнүн аракетинде,— деги кечке олтурсаң эриккидей эмессиң, жалпы көрүнүш көңүлдү дымыткан маанайды тартуулап турду. «Алай өрөөнү деген мал жамырай жайылган түздүк, минтип жашыл көрүнгөнү менен, бирок мал чер жазып оттогудай көтөрүлгөн чөп жок, бир эки ай малды эптеп эле алаксытып турууга араң жарайт» — деди таанышым, ошондо Алайдын бир учурун эстеп зээн кейип кетти.

## II

Айыл чарбасындагы илимий иштердин эффективдүүлүгүн кескин жогорулатуу менен бүгүнкү малчынын кызыгуусу, ой-санаасы, турмуш тиричилиги да кечиктирилгис терең социологиялык изилдөөлөргө чаңкап турат, ошентсе да эртеңкиге калтырбай ишти илгерилете берүү максатында кээ бир ой-пикирлерди ортого салганым жөндүү болор.

Малчылык биздин баба кесип деп калабыз, аталарыбыз малчылыкты нечен кылымдар бою бел тутуп келген, кастарлап келген—эч качан башка өнөргө алмаштырган эмес, эмне үчүн? Мунун сыры кайда? Ооба, көчмөн эл болгонбуз көчүп-конуп жүрүүгө ыңгайлуу малдан башка кандай байлык бар. Бирок, көчмөндүк жер кыдырып эл аралап жүргөн калктын бара-бара бөтөн кесипти үйрөнүп олтуруктанын кетишине алып келгенин билебиз. Тарыхый жана көркөм адабиятка кайрылсак кыргыздын адыр-тоого ыктап мал багышы сабатсыздыгына жалпы эле караңгылыгына байланыштуу деген өжөр ойду даана туябыз. Бир топ жылдардан бери алайлык куйма кулак, ынтызарлуу, сезимчил кадырман карыялар менен баарлашуудан элибиздин мал күтүүдө мындай өзгөчөлүккө жетишкендиги айкын болду.

1. Кайберендин жана үй малынын касиетине ээ болгон «жайдары» (жайдары — дайыма шайыр-шаттуу, көңүлү куунак деген сөз) койдун тукумун толук калыптандырган— эл калың карды тепкилеп оттоого жөндөмдүү болгон, үстү ачык эле жайларда кыштан чыккан.

2. Койду жайытка баштап чыгып, кечүүдөн, жан-боордон, кыя таштан баштап өткөн, күн ысыкта ылаалай турган аска-жардын көлөкөсүнө баштаган, башка короонун коюн жолотпогон, жайыттан койлорду короого эрчитип келген үйрөтүлгөн эркечтерди кеңири пайдаланган.

3. Койлорду такай эрчип жүргөн, айлана чуркап короолоткон, карышкырдан коруган, конулда калганын үркүтүп айдап түшкөн, же болбосо үрүп белги берген жергиликтүү иттин тукумун генетикалык деңгээлге жеткирген.

4. Ушул эле багытта үйүрдүн айгыры, букалар малчынын түйшүгүн жеңилдеткен. (Эки көзүнөн айрылганча бөрүлөр менен кармашкан бука, көк жалдын артынан сая түшүп өчөп белестен ашырган айгыр жөнүндө уламыш аңыз да эл арасында көп айтылат).

5. Катаал шартка чыдамдуулугу, тоо-ташты аралап жүрүүгө устаттыгы, теңдешсиз күлүктүгү менен айырма-

ланган кыргыз тукумундагы жылкыны жан шеригиндей кадырлаган. (Бул тукум «кыргыз тукумундагы жылкы» деген наам менен жылкынын өнүгүшүнүн дүйнөлүк тарыхына кирүүгө татыктуу болгон).

6. Сүттүүлүгү төмөн бирок майлуу, аз эле тоютка канааттанган, чөптүн түрүн ылгабаган, ар кандай ылаңга туруктуу уйдун «жылаңач уй» деген түрүн күткөн.

7. Эти өзгөчө даамдуулукка ээ болгон шырбазды багып жетилтүүнүн ыкмасын чыгарган. Мисалы шырбаз козу (шырбаз — деликатес) негизинен кара болгондугу белгилүү, такай энесин эмип жүргөн да, бетеге, көөдө ж. б. чөптөргө оттотуу-сугаруу, ачка кармоо кандайдыр тартип менен жүргүзүлүп 6—8 айлыгында союшка пайдаланылган. Азыр бул байыркы ыкманын сырын көпчүлүгүбүз билбейбиз.

Илгери жайында да кышында да койчу койдун артында абдан сейрек жүргөн экен, туут мезгилинде гана козуларды ит-куштан сакташ үчүн караган, «Койчубай ит-куштан сак бол» деп кыйкырса «сакмын» деп жооп берген дешет, туулган козуга жардамдын кереги болгон эмес, «сакманчы» деген сөз кечээ кийин пайда болгон сөз. Алайда Ат-Жайлоо аттуу жайлоолор бар, мында жылкылар эч кандай кароосуз эле жылдын көпчүлүк учурунда багылган.

Демек, мындан чоң аталарыбыз малчылыкты аз түйшүк менен жогорку пайда алуу жагынан дүйнөдө теңдешсиз кесипке айландырган деген жыйынтыкка келебиз — кыргыздын Ала-Тоону ыйык тутушунун, аша меймандостугунун сыры мына ушунда! Жайлоонун берекесине эргиген кыргыздар элди ынтымакчылыкка бириктирген, шамдагайлыкты, тапкычтыкты, кыраакылыкты, эр жүрөктүүлүктү өрчүткөн сансыз түрдүү оюндарды уюштуруп, эчен жылдар бою эстен кеткис той-маарекелерди өткөргөн. Буга кызыккандар Г. Н. Симаковдун «Общественные функции киргизских народных развлечений» деген китебине («Наука» басмасы, 1984-ж.) кайрылса болот. Токуучулук, саймачылык, зергердик, устачылык айылдан-айылдын даңкын

чыгарып өзүнчө эле чебердиктин жарышына айланып турган. Атты тандай билүү, таптай билүү жагынанчы? Жылкыны бир караш менен нукура дараметин баамдап тубаса паркын айныбай бычкан не бир саяпкерлер жашап өткөн. Күлүктү кылоосуна жеткире таптоодо сан уйкусунан кечип, энчилдик менен эмгекчилдикти, өжөрлүк менен кылдаттыкты шаа жеткис бийиктикке көкөлөткөн да анан олтуруп:

Күлүктү кылдап кармаган,
Кыжабасы кайнаган
Мен кыргыздын жигити.
Түйшүктүгү ашыкча,
Түйшүгү баада алтынга
Мен кыргыздын жигити — деп,

комузун колуна алып ырдаган. Менин чоң атам «даанышмандыктын туу чокусу жөнөкөйлүк» деген, жакшы көргөн лакабын айтып туруп өткөн-кеткенди узун сабак кылып кечке түшөр эле: Казыкта байланып турган жерде оюн сала тыбырчылашы жигиттин кыялын дүргүткөн, атагы таш жарган не бир жылма жүрүш аттар, чайкама жорголор, шумкардай куушурулган жел жетпес тулпарлар килем сындуу төрлөрдү көркkө бөлөгөн. Алайдын күлүктөрү далай эл кайнаган маарекелерди чуулганга салып Орто Азиянын базарларын дүңгүрөтүп турган, мунун айкын далили Ташкент шаарында Алай базарынын бар экендиги.

Эми азыркы абалга кайрылсак, көп жылдардан бери тоют даярдоо компаниясына салакасы тиет деп улуттук оюндарды өткөрүүгө уруксат бербей коюу саяпкерден-саяпкер, чабендестен-чабендес, күлүктөн-күлүк тандалып чыгышын басаңдатып чарбада да, жеке менчикте да кайсы тукумга таандык экендиги белгисиз, аягын талпаң таштаган кашаңдардын дээрлик ээлешине алып келди. Эгерде ушул кезде кундуу бир күлүктүн баасы өлкөдө болобу, эл аралык базардагы (аукцион) болжол менен миң койго

татый тургандыгын белгилеп өтсөк эмнеден ажырап отургандыгыбыз даана болот. Тубаса короочу иттер кыргыз «кумайыгы» эбак эле тукум курут болгон. Жаамы-журт таарипи кылган бир да элдик саяпкерди атоого дарманыбыз жетпегендигине өкүнүүдөн не пайда! (Ал тургай бир кезде малдын терисин мизилдете сыйрыган малчы азыр аны эт-чели менен чыгарып, кесип-тешип мамлекетти миллиондогон сом зыянга учуратууда). Жок, жолдоштор! Бул эски заманды мактоого далаалаттануу эмес, феодализмдин жүзү курусун — таш капканына миң ирет шүгүрчүлүк! Мен, сансыз жылдарда чайкалып чыккан байыркынын «алтын данын» Октябрь революциясынын залкар жеңишинин деми менен бапестөөнүн ордуна аны жоготуп жибергенибизге зээним кейип жатат. Буга ким күнөөлүү? Албетте, негизсиз шаңдануунун айгакчысы, кошуп жазуунун кумарбазы, жеке мартабанын кулу, бүгүн кайра куруунун каскакка алып жойпуланып жаткан «биздеги эң жаман ички душман — бюрократ».

Мал чарбасын алдыңкы тармакка айландырууну ата салттын баалуу өзөгүн калыбына келтирүүдөн баштаганыбыз оң: Улуттук оюндардын күрдөөлдүү жанданышы, аны коңшулаш республикалар менен бирдикте спартакиадалык деңгээлге көтөрүп чыгуу малчылык кесипке сыймыктуу маанайды тартуулашы калетсиз: ага катышуу укугун белгилүү ийгиликти жараткан гана малчыга берүү, жетишилген эмгектик көрсөткүчтү упай катары кошуп эсептөө — мына даңктуу жөрөлгөнүн бир учу. Койлорду баштай билген «акылдуу» эркеч, жайытта малдын баш аламан оттошуна жол бербеген «кашабаны карыштыра баскан» короочу иттер, таза кандуу үйүрчүл айгыр менен букалар кандай зарыл болуп турат!

А. Н. Назаркуловдун «Ирилештирилген чабандык бригадалар» деген китебинде малчылык кесип жөнүндө «жыл өткөн сайын жаштардын кой чарбасына келиши азайып, башкы тармакты чабандар, өзгөчө жаштардан турган кадрлар менен толуктоо кыйын болуп бара жатат» деп

абдан туура белгилеген, бул төмөнкү себептерге байланыштуу: Биринчиси, бир кезде менчик мал күтүүгө катуу чек коюп ата кесибибизге кызыгууну кыйла солгундатып жибердик. Экинчиден, бүгүнкү илимий-техникалык прогрессинин деми менен тарбия алган жаштар үчүн малчылык мезгилден артта калуунун көрүнүшүндөй бааланат, мына ушундан улам ата-энелер балдарына «окуп диплом албасаң койчу болосуң» деп насаат айтып калат. Үчүнчүдөн, айыл жеринде эмгек ритмасынын сезондуу бир калыпта эместиги, маданий-спорттук иштердин солгундугу жаштардын шаарды көздөп кетишине түрткү болду. Төртүнчүдөн, ушул мезгилде муундардын алмашуусун баштан кечирип жатабыз.

Жаштар бүгүн кайсы себептер менен малчылык кесипти тандап алат? Эң негизги себеп ата кесибин улантуу, кайсы бир жетекчинин же кызматкердин үй-бүлөсүнөн чабан чыгыптыр дегенди уга элекмин, ал эми өз ишин мыкты билген, алгылыктуу ийгиликтерди жаратып жүргөн малчынын баласы мектепти бүткөндөн кийин, Советтик Армиянын катарынан бошотулган соң буйдалбай эле ата кесибин уланта баштайт, анткени мал чарбасында материалдык стимулдаштыруу башка тармакка салыштырганда бир топ жогору экендигин билет, малчылык кесиптин артыкчылыгын түшүнөт. Андан кийинки себептер: окуу жайына өтүш үчүн эмгек стажга ээ болуу, башка жумуш тапканча иштеп туруу, менчик малын багыш үчүн, үй-бүлөлүк бюджетин чыңаш үчүн ж. б. Ошондуктан, айыл чарбасында жаңы экономикалык саясаттын нукура деңгээлинде иш жүргүзүү айрыкча көңүл бөлө турган милдетибиз болуп турат. Толук чарбалык эсепке, ижаралык ыкмага, кооперативдик түзүлүшкө өтүү менен малчылыкты зооветеринардык, экономикалык, экологиялык атайын билими бар кесипке айландыруу, ар бир адамдын кызыкчылыгын жандандыруу аркылуу жаштардын ушул кесипке умтулуусуна жетишүү зарыл. Ал үчүн малчынын турмуш-тиричилик шартын, маданий-спорттук

муктаждыктарын канааттандырууну — сапаттуу жаңы баскычка көтөрүп чыгуу кечиктирилгис милдетибиз. «Советтик Кыргызстан» газетасына менин «Бүгүнкү малчынын тиричилиги жөнүндө» деген көлөмдүү макалам жарыялан ган болчу (21-июнь, 1986-ж.) анда малчынын кийими, үй буюмдары, тиричилик шарты ж. б. жөнүндө кеңири сөз козголгон, кийин окурмандар тарабынан айтылган пикирлер да газетага басылды, эки жылдан ашык убакыт өтсө да козголгон маселеге тиешеси бар министерстволор тарабынан сөз чыга элек — бул кайра куруу күрдөөлдүү жүрүп жаткан кезде!

Малчылыкты даңктуу кесипке айландыра турган жергиликтүү шартка карата ыктуу багыт менимче үй-бүлөлүк подряд, эмне үчүн? Себеби, малчылык сыртынан жөнөкөй көрүнгөнү менен жайыттын, малдын жыл өткөн сайын сапаттык өзгөрүүсүнө такай көңүл бөлүп ага жан күйгүзө кызыкканда гана туруктуу ийгиликти камсыз кыла турган жумуш. Бул үчүн кесиптин атадан балага өтүшү — династиялык уланышы кадырлуу жышаан. Экинчиден азыркы адамдын мүдөөсү — өз алдынча ишти уюштурууга, өзүнүн чыгармачылык жана эмгекчилдик мүмкүнчүлүгүн сыноого умтулуу, техникалык кылымдын ызы-чуусунан алыстап жаратылышка умтулуу мүнөздүү, бул келечекте малчылык жаштар сүйгөн кесипке айланарына белги берип турат. Ал эми өлкөдө жүрүп жаткан кайра куруу процесси бара-бара кимдин-ким экендигин анын алган дипломуна эмес иш билгилик жөндөмүнө карата аныктайт.— Анткени негизги жыйынтык болуп экономикалык жыйынтык болуп эсептелет.

Комсомолдун съездинде кабыл алынган чечимдерге таянып мал чарбасында өзүн-өзү толук финансылоочу жаштардын комплекстүү ижаралык бригадаларын түзүү жигердүү чыгармачылыктын, чарбачылыктын, эмгектин уюштуруунун күжүрмөн мектеби болмокчу, албетте ар кандай туурадан кийлигишүүнү токтотуп башкарууну жаштардын өзүнө бергенде гана. Дагы бир ой — мал чарба-

чылыгында эт, жүн төл сыяктуу көрсөткүчтөрдүн ордуна бир гана көрсөткүч — накта киреше калыш керек. Мындан баш аламандык болот деп чочулоонун кажети жок, чарбалык эсеп тез эле бир калыпка түшүрөт.

Кыркынчы жылдардын тегерегинде бөлүштүрүлгөн райондордун территориясы негизинен ошол чекте келе жатат. Андан бери бир топ маданий-экономикалык өзгөрүүлөр болду, айрыкча пландын жергиликтүү шартка эмес, шарттын планга баш ийдирилиши жер-жердеги кырдаалдын ар түрдүүлүгүнө алып келди. Азыр бир райондун, чарбанын жайытын тебелетип жүздөгөн километр аралыкка автожолдорду толтуруп, тоо-таш аралап мал айдоо түйшүктүү адат. Жайытты бир кылка пайдалануу максатында райондордун, колхоз-совхоздордун территориясын ыкташтырып кайрадан бөлүштүрүү эбак эле бышып жетилген маселе.

Жакын арада, чарбаларыбыз чалгы, тырмоок, айры көтөргөн «шефтик» жардамчыдан биротоло кутулууга мүмкүнчүлүгү барбы? Толугу менен. Буга караган-чердин арасында, жантайма беттерде иштөөгө ыңгайлаштырылган майда механизацияны өнүктүрүү,— атка чиркеле турган жаңы сапатка ээ чөп чапкычтарды, тырмоолорду, арабаны, чөп сүйрөгүчтөрдү (волокуша) кеңири чыгаруу, «мини» тракторлорду комплекстүү шайманы менен элге кеңири жеткирүү, баа системасын өркүндөтүү, аркылуу жетишүүгө болот.

Мекенди, өрнөктүү салтты, Ала-Тоонун ар бир тал чөбүн, шылдыр булагын, чырпыгын, чымчыгын ымыркай көдөн урматтоого, кумарлана сүйүүгө, табарик тутууга тарбиялоо сен-менди токтотуп жалпы киришүүнү мезгил талап кылып олтурат: Кеминде айына бир жолу мектептин окуу-тарбия ишине катышып, окуучуларга, студенттерге таалим берүү элдик депутаттын, партиялык-советтик жетекчинин, искусство адамынын, чыгармачылыктын өкүлүн, окумуштуунун ал кайсы даражадагы кызматты ээлебесин айтануусуз парзы болуу керек.— Кош көңүлдүүлүктү, эки

анжылыкты, жанбактылыкты, ылжырбай — эркеталтаңдыкты, принципсиздикти, бюрократтын бардык формасын коомубуздун жаркын идеалына берилген патриоттордун ынтызарлыгы менен турмушубуздан сүрүп таштоо күнүгүнү ойлонуп ишке ашыра турган милдетибиз.

Бул жерде айыл чарба адистерин даярдоочу институтубузга жана экономикалык-финансалык факультети бар окуу жайыбызга да дооматты айта кетсек: айрыкча экологиялык, психологиялык, социологиялык, методологиялык билими жетишсиз адистерди даярдайт, жайытты илимий негизде рационалдуу пайдалануу боюнча практикалык иш жүргүзүүнү үйрөнгөн эмес. Ал эми бул окуу жайынын сырттан окуу бөлүмүнө токтолсок, жөн эле «камгак» — наамдын ээлерин чыгарууда. Албетте, эл ичинен атайлап окубай туруп деле өз алдынча жогорку маалыматтуунун деңгээлине жетишкен адамдар болбой койбойт, ошентсе да, деги сырттан окуп диплом алгандардан кимдир бирөөсүнөн билимдүүлүктүн жышаанын байкай албай койдум.

Бүгүнкү күндө айыл жергесинин ажарын ачып көпчүлүктү кызыктыра турган, малчынын кадыр-баркын көтөрө турган, айрыкча өзүмдүк чарбага кызыгууну арттыра турган жакшы мүмкүнчүлүк түзүлүп олтурат. «Бул жеке иш аткаруу жана СССРдеги кооперация жөнүндө» закондордун кабыл алынышы. Айыл-кыштактарда жазында айыл чарба жумуштары кызыган мезгилде адам күчү жетишпесе, кыш айлары көп адамдар, айрыкча аялдар жарым жумушту кээде бекер кылат. Бул бир беткейликти жөнгө салыш үчүн кол өнөрчүлүктүн кароо конкурстарында жагымдуу маанайды тартуулаган, элге кеңири тарап бара жаткан улуттук буюмдарды жасоону, жүн, тери кийимдерди тигүүнү кеңири уюштуруу бүгүнкү күндүн кечиктирилгис милдети. Ошондуктан, килем, таар согуучу, тор токуучу, кийиз жасоочу, жүн ийрүүчү станокторду, шаймандарды жогорку сапаттуулукка массалуу түрдө жасап чыгарып, арзан баада (тез эле кайтарып берет) элге кеңири сатуу керек. Боёк, тери иштетүүчү химикаттардын магазинде

сатылышын кескин көбөйтүү зарыл. Ошол эле мезгилде айыл жеринде бычмачылардын, токуучулуктун, тери иштетүүнүн, жана кийим тигүүчүлөрдүн кечки курстарын ачып аял-эркекпи, жаш-карысына карабай окутууну уюштуруу айылдык советтердин, профессионалдык-техникалык окуу жайлардын чыныгы алгылыктуу иши болоор эле.

Эмне себептен мен бул маселени көтөрүп чыгуудамын? Алай өрөөнү көпчүлүктү өзүнө кызыктырган Бүткүл союздук туристтик маршруттардын бири. Мында Гималайдан кийинки дүйнөдөгү эң ири Эл аралык альпинисттик лагерь жайгашкан. Өзүбүздүн өлкөдөнбү же чет мамлекеттен келген меймандарбы баары бирдей эле улуттук буюмдарга абдан кызыгат. Синтетиканын ден соолукка тийгизген таасиринен улам табигый материалдын: пахтанын, жүндүн, теринин кадыр-баркы бүткүл жер шарында бара-бара өсүп жаткандыгын айтышат. Эмне үчүн бул буюмдар үйүнөрдө бар да дүкөндө жок, деп сурап калышат, айрыкча улуттук кечте салынып жүндөн токулган кийимдер өзгөчө жаккандыгын белгилешет. Демек «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинин ишин ар тараптан жандандыруу менен бирге жигердүү шыгынан жаралган, адамдык өзгөчөлүккө таандык түрдүү кийим, сайма, үй буюмдары, жабдык, белектер менен Союздук эмес, эл аралык масштабга чыгууга толук потенциалдык мүмкүнчүлүгүбүз бар. Мына ушундай сунуштарга келгенде эле көптөн бери арыла албай жүргөн бир көрүнүшкө кабылабыз. Ал ар кандай этияттанган чектөөлөрдү коюу, адамдын жеке абройун шылдыңдаганга чейин жеткен шартты сунуш кылуу, көрстөн болуп көпчүлүктү жалдыратууга ачык эле умтулуу. Мындай текеберчиликтен чечкиндүү арылып, кең пейил, ачык мүнөз болгонубуз жакшы го. Табияты жалкоо, жарытып иш кылбай «элдин арасында, көптүн карасында» жүргөн адамды, «ой, мунун үрүп чыгар ити жок, бир байкуш, буга жардам бериш керек» — деп, жан тартып, ал эми чарбада иштеп, бала бакырасы менен жазы-кышы, эртели кеч чымыркана түйшүктөнүп

менчик малын багып, мамлекетке этке да төгүп, заңгыраган үй салып машина алган адамды,— бул байып кетти деп, кечеки күндүн акылы.

Колдо бар баалуу сырьёну табарик салттын, элдик ыйык өнөрдүн көөнөрбөс көрөңгөсүнө ширетүүнүн ордуна даярдоо конторасына өткөрө салып кутулганды оңой көрүү аракетчилдиктин суздугу, мокопейилдигибиз. Ал гана эмес республикабыз даяр продукцияга айландыруу технологиясы анча татаал эмес мал чарба сырьёсун алыскы аймактарга жөнөтүп канча кирешеден куру кол калууда, анан өзүбүздүн темир кенибиз болбой туруп Айыл чарба машиналарын чыгаруучу заводубуз бар, ары ташуу, бери ташууга кеткен эле чыгымды эсептейличи. Ал эми мал чарбасын өнүктүрүүгө жумшалган сарптоолор дурус кайтарым бербегендиктен жайыттын оттуулугун калыбына келтирип сапатын жогорулатуу үчүн чечкиндүү чара көрүүгө зарыл каражат жетишпей жатат.

Бүгүн социализм кайра жаңгыс бийиктикте, ал дүйнөлүк саясатта өзүнүн өктөмдүүлүгүн күн сайын жогорулатууда, ошондуктан ар кандай негизсиз чочулоодон арылып жаңы, чечкиндүүлүксүз, тобокелсиз жаралбай тургандыгын партия ачык айтты, өкмөт закон менен бекемдеди. Адамдык рухий дүйнөнүн азоо фантазиясына кенен жол ачуу, улуттук өзгөчөлүктүн ажарын даңазалоо — жаңыча ойлонуунун нукура жышааны!

Айыл-кыштактардагы кырдаалды эске алып жеке өз алдынча ишти уюштуруу малычылык кесипке чындап кызыгууну — өзүмдүк мал күтүүнү өтө жандандырып, элет жеринде турмуш деңгээлдин дагы жогорулашына, адамдардын айылга ыкташына, кадр маселесинин иштиктүү чечилишине алып келери бышык.

Өлкөнүн Азык-түлүк программасын турмушка ашырууда өздүк жана көмөкчү чарбага зор роль таандык. Жайытты, тоютту, тамак-аш калдыктарын өнүмдүү пайдалануу менчикте бир топ жогору, мамлекеттик план-милдеттенмени аткарууда кошкон салымы жалпыга белгилүү. Эми,

өзүмдүк чарбанын келечегине көз чаптырсак муундардын алмашуу процессине байланыштуу улам солгундашы күтүлүүдө. Дыйканчылыктын, малчылыктын салт-өрнөгүн кастарлап келген аталарыбыздын ордун техникалык кылымдын шаңшөкөтүнө каныккан бейпил күндүн өкүлдөрү толук ээлөөгө жакындап калды — бул табигый процесс. Башканы коюп айылда жашаган мына мен деле мал караштын түйшүгүнөн колдон келишинче алыс болууну самаймын, деги эле мал күтүү мезгилден артта калуунун белгиси катары туюлуп баратат. «Өзүмдүк жана көмөкчү чарбаны мындан ары өнүктүрүү» маселеси республикабыздын Министрлер Советинде каралышы өкмөтүбүз тарабынан абалды туура баамдагандык. «Советтик Кыргызстан» газетасы өзүмдүк чарбаны калкка кеңири жайылтуунун алдыңкы ыкмасын даңзалап, кадырлуу иш кылууда. Эмки милдет өрнөктү кеңири жайылтууга чындап киришүүдө турат. Эгерде бул тууралу өзүмдүн айылдагы шартка карап айтсам — эң биринчи жайыт керек, деп баштоого туура келүүдө. Республикабыз боюнча өзүмдүк жана көмөкчү чарбанын малы жайыт менен 20 гана процент камсыз болушу такыр жол бергис абал, ансыз да бул алгылыктуу ишке көңүлдөнбөй турган жаштардын кызыгуусун басаңдата турган абал. Өзүмдүк чарбадагы малдын породалык сапаты да өтө төмөн, аны мыкты породаларга алмаштыруу маселесин чарбаларга жана селолук советтерге тикеден-тике милдеттендирүү керек.

Эми айыл чарбасында кеңири практикаланып келе жаткан сыйлык жөнүндө кеп козгосок, көпчүлүк учурда малчынын адеп-ахлактык демөөрүн чыйралтып, ыймандык жоболорун даңазалоонун ордуна анын көңүлүн жубатуу аракетинде жүрөбүз. Бул алгач жеңил машина ыйгаруудан башталды, кээде анча деле зарыл болбосо да, намыс үчүн акыркы улагына чейин сатып, машина алган соң шарты туура келбей кыштоодо же айылда дөңгөлөгү чирип дат баскандары, бузулгандары канча, мындай жалдырама сыйлыктар азыр малчыларда ондоп саналат. Анан

соң таңсык буюм деген чуулган журөт,— ай, бул буюмду тээ чоң кызматчылар таба албай жүрбөйбү, мына сага жазып койдум, дагы жакшылап иштей бер! Жетекчи менен малчыны ушинтип жакындаштырып калабыз. Айыл адамына эстетикалык канаат бере турган, үйдүн кадырлуу төрүнө жарашкан атайын жазуусу бар жөнөкөй эле жупуну белек толук жетишет, эгер колдон келсе өздөрү баккан койдун терисинен тигилген жарашыктуу жылуу тон чыныгы сыйлык болор эле.

III

...Казакстан биздин өлкөдөгү мал чарбасы күчтүү өнүккөн республикалардын бири, демек, анын көз жеткис талааларында кашар, короо деген жамгырдан кийинки козу карындай эле жайнайт болуш керек деген түшүнүктө жүрчүмүн. Өткөн жылы май айында Чимкент областында болдум. Ошондо укмуштай көрүнүшкө кабылдым: жап-жашыл түздүктөр менен жапыз адырлардын ар кайсы жеринде алыс-алыс жайгашкан андан-мындан кашар көрүнөт. Мал ээн-эркин жайылып, көзөмөлдөгөн адамы жок эле беймалал. А биздечи? Алакандай бир эле коктунун ичинде төрт-беш кашар. Ар бир кашарда беш жүз, алты жүздөн кой. Ал эми кашарларды болсо уламдан-улам куруп эле жатабыз, куруп эле жатабыз, качан чегине жетерибизди өзүбүз да билбейбиз. Ооба, балээнин баары мына ошондо жатат: жайыт жер менен мал башы шайкеш келишпей, мал көп да, жайыт аз.

Койдун жайыттагы жыштыгы боюнча дүйнөдө биринчи орунга чыкканыбызга он жылдан ашыптыр (КСЭ. Кырг. ССР. 216-бет). Албетте, буга мактанабыз! А жайытты начарлатуу жагынан канчанчы орунда болдук экен?! Кептин баары мына ошондо.

Кыскасы, республикабызда негизги тармак болгон мал чарбасында көп жылдар бою малдын башынын өсүшү жайытты илимий негизде пайдалануу, мал чарбасында, талаа-

чылыкта алдыңкы технологияны, илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин кийирүү, социалдык-демографиялык маселелерди чечүү менен тең салмакта жүргүзүлбөй бир беткей кеткендиктен бүгүнкү күндө өтө татаал кырдаал түзүлүп олтурат. Кырдаалдын татаалдыгын малчылар, айыл чарба адистери, партиялык-чарбалык жетекчилер өздөрүнүн күнүмдүк жумушунда баштан кечирүүдө.

Ооба, үч республиканын төрт областынын бир жарым миллионго жакын кой-эчкиси, үч жүз миңден ашуун бодо малы жайлап жаткан Алай жайлоосунда жайыттын тарып баратканынан улам азыркы күндө да малчы менен малчынын, чарба менен чарбанын, чарба менен менчиктин ортосунда жайыт талашып чырдашуу көндүм көрүнүш. Өткөн жылдын июнь айында Кашка-Суу асыл тукум кой заводу менен Чоң-Алай совхозунун жетекчилери Таш-Күңгөй жайытын талашып, бир нече курдай катуу сүр-сүргүнгө барышты.

Жайыт маселесин чечүү бул экономикалык, экологиялык жагдайды жөнгө салуу менен бирге инсандык алакаларды жөнгө салуу, бул айыл адамынын аброюн, ден соолугун коргоо.

Бүгүн биз, кайра куруунун революциялык деми менен ар кандай калпыстыкка чечкиндүү бөгөт коюп, экономикалык нукура принципти калыбына келтирип жатканыбызда, өлкөнүн Азык-түлүк программасын турмушка ашыруунун үстүндө белсенип иштеп жатканыбызда жайытыбыздын, жалпы эле айыл чарбабыздын абалын тактап аныкташыбыз, айкындыктын жана демократиянын залкар өбөлгөсү болмокчу.

## ТАБИГАТТЫН КӨРКҮ

Чөп чабык мезгил. Күн ысык. Алай МЖСинин Корумду жайлоосундагы шибердин сегиз адам чалгы менен оруп коромдоп калганбыз, чаңкагандан бирде калың өскөн

чөптүн арасына жашынып, бирде шылдыраган булак суусунан кочуштап жутуп отура кеттим. Чырылдаган чегирткелер кыйма-чийме секирип кээси сууга түшүп агып жөнөйт. Капысынан алты-жети кадамча жогору жагымдан шалп этип сууга чабылган үн чыгып, тынчып калды. Кулак түрүп күтүп турдум, үн дагы кайталанды. Кандайдыр бир жаныбардын бар экендиги калетсиз болду. Суу бойлой шыбырт чыгарбай жай жөрмөлөп чым астынан оргуп чыккан кичинекей иримге туш болдум. Этияттык менен чөптүн далдоосунан көлмөгө үңүлдүм, эчтеке көрүнбөй, тыптынч. Бир чегиртке агып келип көлмөнүн үстүндө айланып калды, аңгыча караңгылашкан түпкүрдөн кандайдыр караан пайда болду да октой атырылып чегирткени илгенче көтөрүлүп суунун бетине чабыла чумкуп кетти. Бир аздан соң караан кайра пайда болду. Бул жолу суунун бетине жакын жерде өз жемин күтүп куйругун кыймылдатып туруп калды, балык экен, болгондо да укмуштай сулуу балык, күмүш капталы күнгө чагылыша жалтырайт. Капталындагы кызыл тактар сымбаттуу түзүлүшүнө көрк кошуп, суктанарлык ийкемдүү кыймылына жарашып, табигаттын чексиз сулуулугун даңазалап жатты.

Бул форель балыгы, форель балыгы океанда жашоочу лосос балыгынын түрүнө кирет да көл форели, дарыя форели жана тоо сууларынын форели болуп айырмаланат. Чоң-Алай форелин жергиликтүү калк кызыл чаар балык деп айтат, бул тоо форели. 1965-жылы Ош областынын, Чүй жана Талас өрөөнүнүн сууларына ташылып барып таркатылган. Форель балыгы дүйнөдөгү эң кооз жана даамдуу балыктардын катарына кошулат. Балык сууда жашагандыктан этинин даамы мына ошол суунун составындагы минералдарга карата сезилерлик өзгөрүлүп турат. Чоң-Алайдагы туз кени чыккан жердеги шор суудан кармалган балыкты бышырган мезгилде туз кошуунун кажети жок.

Суу өмүрдүн негизи болсо, балык суунун көркү. «Балыктуу суу таттуу суу» деп бекеринен айтылбайт, балык

суунун таза болушуна жана адамдын организмине керектүү минералдардын кошулуп турушуна өбөлгө түзөт, сууда жашаган курттардын көбөйүшүн жөнгө салат.

Мына, ушул балыктын тагдыры азыр да начар абалда. Мындан эки жыл илгери Текелик суусуна кайырмак салып келдим, бул суу Чоң-Алайдагы балыгы эң көп суу. Айтылуу Сагымбай манасчы ырдагандай:

> Бакасы бала уктатпас,
> Балыгы атты сугартпас — деген

суулардын бири болчу. Күн жылуу суу бозомук болсо да балык жакшы тартпай жатты. Үч сааттан ашык жүрүп он үч балык кармадым, анын төртү жарадар болгон балык, биринин куйругу жанчылган, экинчисинин бир көзү жок, үчүнчүсүнүн бели ийри. Бул накидкечинин (этегине коргошун тагылган ыргытма тор таштоочу) кылмышынын натыйжасы болчу.

Оо, чиркин! Азыр бар болгону он-он беш жыл илгери кездешкен балыктын жүздөн бири да калбады го! Мына ушул накидка дегенди балыкты кармоодогу жаратылыштын душманы катары эсептесе болот. Себеби, накидка суу ылайланган мезгилде иримде канча балык болсо ошонун баарын кармоого мүмкүнчүлүк берет. Экинчиден көлмөнүн ичиндеги таштарды аңтарып балыктын негизги жеми болгон ташка жабышкан курттарды жоготот, үчүнчүдөн балык таштаган икраны козгоп сууга агызып жараксыз кылат, кыскасы ар тараптан бүлүк салат.

Браконьердин андан кийинки куралы тосмо тор. Бул куралды көбүнчө балыктар майда сууларга икра таштаганы ошол мезгилде колдонушат. Айрыкча мектеп окуучулары токойдун ичиндеги кичинекей сууларга тосуп икралуу балыктарды кармап жүргөн жерден кездешүүдө. Кээ бир ата-энелер, мектеп мугалимдери кой дештин ордуна кайра өздөрү балыкка жумшап жаратылыштын байлыгына кайдыгер кароого көндүрүүдө. Ушундай эле зыяндуу ишти агын сууга машинасын жууган шоферлор, трактористтер,

минералдык жер семирткичтер аралашкан сугат суусун дарыяга келип кошулушуна жол койгон адамдар, агын сууга кир жуугандар жасашат. Анткени, балык химиялык заттарга өтө сезгич келет, анын кичине эле дозасы болсо кача баштайт, икрадан чабак чыкпай калат.

Жакында советтерге шайлоолор болуп, эмгекте жана коомдук иштерде сыналган депутаттар шайланды, туруктуу комиссиялар түзүлдү. Демек, алардын алдында жаратылышты коргоо маселесин дурустап колго алуу милдети турат. Бул иште Чоң-Алай ички иштер бөлүмчөсүнүн кызматкерлери да кужүрмөндүүлүгүн күчөтүүсү зарыл. Ал эми жаратылышты коргоо өзүнүн кызматтык милдети болгон Чоң-Алай токой чарбасынын кызматкерлери суу байлыгын коргоо маселесине такыр кайдигерлик мëнен карап, кечиримсиз күнөө жасашууда.

Жаратылышты коргоо маселесин күчөтүү үчүн Кыргыз ССР Министрлер Советинин кабыл алган атайын токтому бар. Анда мергенчилер жана балыкчылар коомунун мүчөлөрү гана берилген уруксаттын негизинде белгилүү санда балык кармай алат деп көрсөтүлгөн. Коомдун мүчөсү болбогон адамдар балыкты кайырмак же кол менен кармаса да браконьер катары эсептелип, штраф салынат. Форель балыгынын бир даанасына 10 сомдон 40 сомго чейин, маринка балыгынын ар бирине 10 сомдон штраф белгиленген. Эгерде балыктын ичинен икрасы чыкса, анда даанасына эки тыйындан штраф салынат.

Накидка жана тосмо, торлорду пайдалангандар штрафтан сырткары кылмышкер катары жооп бериши каралган. Кыргынга салуучу курал менен колго түшкөндө ошол куралды жасаган жана таркаткан адамды табуу иштин негизги бөлүгү болушу керек. Айрыкча, форель балыгы икра таштай турган жана кыштай турган. Тикелик суусунун Кара-Сугур, Ак-Суунун Кара-Жылга куймасы. Дароот суусу өзгөчө корукка алынышы максатка ылайыктуу.

Күн жылып көк чыга баштагандан балыктар улам жогору көтөрүлүп агын сууларга көлмөлөргө келет. Жаратылыштуу

лышты коргоо ар бир ак ниеттүү гражданиндин ыйык милдети экендигин эстен чыгарбайлы!

## АДАМДЫҚ ПАРЗЫБЫЗ

Алай райондук «Қүжүрмөн эмгек» газетасына менин «Табигаттын көркү» аттуу, Алай өрөөнүндө форель балыгын коргоо маселесин көтөргөн макалам жарияланган эле. Макала көпчүлүктүн назарына илинип жандуу пикирлерди жараткан, ал гана эмес кат жүзүндө кайрылгандар да болгон. Чоң-Алай совхозунун парткомунун секретары Нуруллаев А, Қашка-Суу селолук советинин төрагасы Сапаралиев Т. ДЭУ-16нын начальниги Қойлубаев А. Ленин атындагы орто мектептин директору Маматкаимов Р, айыл аксакалдары Мурзаев Б, Тойгонбаев Н. жана башка адамдар негизинен бир пикирди: — жалпы эле жаратылышты коргоо, айрыкча катаал шарттуу, каардуу аба ырайлуу Алай өрөөнүн бир жагымдуу өзгөчөлүгү — эң баалуу балыктын түрү, күркүрөп аккан тоо суусунда жашоого ыңгайлашкан форель же болбосо кызылчаар балыгын чындап коргобосо жакынкы эле жылдарда тукумкурут болору даана байкалып калгандыгын айтышкан.

Илгери-илгери жайлоого көчүп чыкканда, келиндер кечинде жалгыз-жарым суу алууга баруудан коркушчу экен, анткени булактын көзүнөн төмөн качкан балыктар бир чочутуп, суу сузганда чакага түшүп калган балык чакадан ыргууга аракеттенип, суу көтөрүп келатканда алда не ойноп салгыч, — бул бизге байыркы жомоктой апыртмалуу угулат.

Жаратылышты коргоо маселеси мезгилдүү басмада, радио-телевидениеден такай эле айтылууда, ал эми жыйынтыгы кандай? — кептин маңызы ушунда.

Жандуу пикирлерди уккан соң мен макала менен Ош областык балыкчылар жана мергенчилер коомунун жетекчилерин тааныштырып алар менен бирдикте республика-

лык коомго жөнөткөнбүз. Андан кийин бул маселе бир нече жолу жаратылышты коргоого арналган жыйындарда айтылды, агитациялык-пропагандалык иштерде да жалпы талкууга салынды.

Акырындап проблема тиешелүү уюмдардын көңүлүн буруп, 1986-жылдын июнь айынан СССР Балык чарба министерствосунун Чыгыш-ортоазия башкы балыкчылык башкармасынын Ош областык балык коргоо инспекциясы Дароот-Коргон кыштагында жашоочу Абжапаров Мөнөкбайга коомдук инспекторлук күбөлүгүн берген болчу, ал эми 1987-жылдын башынан бул жигит штаттуу мамлекеттик инспектор болуп дайындалды.

Инспектордун негизги милдети балыкты ар кандай булгунчулардөн коргоо: — ал үчүн суулардын, көлмөлөрдүн таза тутулушуна көз салуу, минералдык жер семирткичтин, уулуу химикаттардын, нефтепродуктынын, таштандылардын агын сууга аралашып кетишине жол бербөө, суу жээгиндеги токой тилкелерин, саздарды, шагыл-кумдуу аймактарды корукка алуу.

Мындан сырткары коомдук инспекторлордун тобу түзүлүп ага балыктын өнүгүшүнө ыңгайлуу болгон Көк-Суу суусунун боюнда жайгашкан Чак кыштагынан Мамытов Келдибай, Жаш-Тилек кыштагынан Ысаков Абдразак, жана Дароот-Коргондон Эгембердиев Сүйүнбай, Исламов Мамаражапка күбөлүк берилген. Ошондой эле Кыргызстандын 40 жылдыгы орто мектебинде, СПТУ № 44тө окуучулардын жаратылышты коргоочу «Жашыл патрул» уюму уюштурулуп, график боюнча белгилүү маршруттарда иш жүргүзүп жатат.

Жашыл патрульдун мүчөлөрүнө балык кармоого чыккан адамдар менен, айрыкча ар кандай булгунчу куралдарды пайдалангандарга каршы, токойду кырккан же техника менен ысырапка учураткандарга каршы иш жүргүзүү, протокол түзүү болбосо тиешелүү органга кат жүзүндө билдирүү милдети жүктөлгөн.

Биздин тоолуу шартта эл, турмуш-тиричилик муктаж-

дыгына агын сууну пайдалангандыктан суунун тазалыгынө көз салуу, кир жууганга, күл таштаганга, техникаларды жууганга жол бербөө жалпы эле бардыгыбыздын милдетибиз деп эсептелинүүдө.

Ушул асыл максатты жүзөгө ашырууда балык коргоо инспекциясынын кужүрмөндөрү алгачкы эле кадамында татаал кырдаалга кабылды. Азыр бүткүл жер шарында жашаган адамзат табигаттын улам даана байкалып бараткан тээ байыркы ажарынын төмөндөшүнө кейиштүү назар салып, аны кайра калыбына келтирүү үчүн чымыркана жол издеп жаткан мезгилде «Жамандын жарты өнөрү анык» дегендей, өзүнүн убактылуу жеке туйтунушу үчүн бардыгына кол шилтеп басып кетчүлөр дагы эле арабызда бирге жашайт тура!

Мөкөнбай өз милдетин аткарууну Дароот-Коргондогу Дара суусунун боюнда техникасын жууп жаткан механизаторлор менен иш жүргүзүүдөн баштады. Бул окуя анын эсинен эч качан кетпейт.

— Бир коржойгон москоол жигит кекетип кетти,— дейт Мөкөнбай. — Ой, Сен кайсы жердин жаракасынан чыга калган немесиң? Сыйың менен жолго түш, болбосо азыр.?!

Ары кыжылдашты, бери кыжылдашты, бири жулунду, бири аны тосту, Мөкөнбайдын кебелбей турганына көзү жетип акыры ынанууга мажбур болду, белгилүү өлчөмдө штраф төлөштү. Анан тез эле бүлгүнчүлөрдүн арасында, «балыкты коруйт экен, штраф салат экен» деген сөздөр пайда болду, ал эми көпчүлүк эл, «азаматсың Мөкөнбай, сен туура иш кылып жатасың» деп алкады.

Акыркы эле эки-үч айдын ичинде жаратылышка тетири мамиле жасагандарды айталычы: Агын сууларды таза тутунун зарылдыгын алайлыктар ар бирибиз күн сайын өз башыбыздан кечирүүдөбүз, бирок ошого карабастан буга маани бербегендер арабызда арбын. Совхоздордун техникалык жетекчилери бир нече жолу кат жүзүндө эскертилгендигине карабастан механизаторлор агын сууга алпарып машиналарды жууганды токтотуша элек. Алсак: Каш-

ка-Суу совхозунун шоферу Адылов А, Алай автобазасынан Пиримкулов М, Дароот-Коргон ПМКсынан Ашыров А, Алай турмуш-тиричилик комбинатынан Токтогонов Т, Чоң-Алай совхозунан Эркинов Ч, жана башкалар техникаларын агын сууга жууп жаткан жерден кармалып штрафка кириптер болушту.

Ак-Суу каналынын гидротүйүнүн курабыз деп, гидротехник Апазов К. менен ОшУСМдин бульдозеристи Усенов А. суунун боюндагы токой тилкени сүрүп салышкан. Ал эми Дароот-Коргон ПМКсынын мастери Беккулов О. уруксат берилбеген жерден шагыл жүктөтүп Кызыл-Суу суусунун жээгиндеги майда суулардын нугун өзгөрткөн.

Ачы-Суу совхозунун жумушчулары Сариев П. Отунчиев А. отуз түп талды кыйган жерде протокол түзүлгөн.

Дароот-Коргондогу мектеп интернаттын тарбиячылары таштандыларды агын сууга сүрүп салышкан.

Коомдук инспектор Эгембердиев С. 1-май күнү Дароот-Коргон ПМКсынын жумушчулары Эшалиев И, Танакеев М. 64—54 ОШО номерлүү автобусту айдап алышып Ак-Кыя суусунан тосмо тор менен 20 даана форелди кармаган жерден колго түшүрүп штраф салган.

— Күндүз балык кармоого мүмкүнчүлүк жоктугуна көзү жетип азыр браконьерлер накидка (чачма тор) менен өзүнүн кара ниетин түнүндө ишке ашырууга өтө башташты,— дейт Мөнөкбай, 20— май күнү түнкү саат бир чамасында Көк-Суу суусунда накидка менен балык кармап жүргөн эки адамдын үстүнөн чыктым, мени көрөр менен чоң дайрага боюн таштап аркы өйүзгө өтүп токойго бекинип калышты.

Мына ушундай жанкечти браконьерлерди табышка Чоң-Алай селолук советинин участкалык инспектору милициянын капитаны Тагаев Ташмурза чыныгы чекисттик милдетин бийик өтөп жаткандыгын айтты.

Мөкөнбай экөөбүз макала туурасында аңгемелешип анын үйүнөн сыртка чыктык. Бизди көрөр менен бир аял, — ой, Мөкөнбай кайда жүрөсүң? Бул не деген укмуш!? —

деп кыйкырып калды, карасак Дарооттун борбордук көчөсүнүн эки жагындагы арыкта коймолжуп сасыктыгы мурунду жарган кереолин агып жатат. Арык боюнда ойноп жүргөн балдарды үйүнөргө кеткиле деп, эскертип жогору барсак кыркын пунктуна жүктөлгөн үч тонна кереолинди шалаакылыктын айынан автомашинадан аңтарып жиберип, анан идишин жүктөп эргулдар качып кетиптир. Дароо эле көчөдө эл жык-жыйма, огородуна кирген суюктукту тосконуо сүйлөнүп жүргөндөр да көп. Анан арык бойлой бул уулуу заттын Кызыл-Суу дайрасына кошулган жерине келсек, ондогон майда балыктар чалкасынан түшүп агып баратат, ыйлагың келет. Мынакей бирин-экин ач көздүн, уятсыз шалаакылардын азабын жүздөгөн, миңдеген адамдар тартат деген ушул турбайбы!

Табигатты, келечек муундардын бак-таалайын коргоо, адамзаттын түбөлүк жашоосун коргоо, ушул адамдык ыйык парзды аткарууга сөз жүзүндө эмес иш жүзүндө катышууга чын дили менен берилген адамдарга жолугуп аңгемелешкенде жаркын келечекке болгон ишенчиң чексиз артат тура. Бүгүнкү күндө отуздан ашык киши «бизге коомдук инспектор катары күбөлүк бер булгүнчүлөрдү кармоого жардамдашалы», деп кайрылган, алардын ичинде Кара-Мык кыштагынан бригадир Ыдырысов, Кара-Тенттен Кудайбердиев, Дароот-Коргондон Талипов, Кашка-Суудан Ниязалиев жана башкалар.

Албетте, жаратылышты коргоо маселеси Алай өрөөнүндө тиешелүү деңгээлге жетти деп айтуудан алыспыз. Бул ардактуу милдетти аткарууга инспектор Абжапаровго жана анын кужурмөн жардамчыларына чарба жетекчилери, селолук советтер, алардын туруктуу комиссиялары, депутаттар, юридикалык органдын кызматкерлери жалпы эле ак ниет адамдар жигердүү кол кабыш кыларына бекем ишеним бар.

# АЛАЙ КЕРЕМЕТИ

Жерден, суудан, абадан сан жеткис асыл заттарды бир түйүлдүккө топтоп, адамзатка ырыскы тартуулаган ажайып-береке жашылча-жемиш. «Эр эмгегин жер жебейт», ал эми ишбилгилик, көрөгөчтүккө айкалышкан куттуу эмгек муундардан-муундарга жетип жашоонун зоболосун даңазалайт.

## Корулдун алмасы

Ким кандай ойлойт анын эрки, ишенбөөчүлүктүн, ал гана эмес табалоонун арсыз бирок алдуу текеберчилигин жеңип чыгуу ар кимдин эле колунан келе берчү жумуш эмес. Каардуу согуштун азаптуу, ары кайгылуу запкысы көкүрөктөн али кете элек, өлкөдө күн сайын шыктуу демилгелер жаралып күжүрмөндүүлүктүн эпкини мухиттин күүлдөй жээкке урунган толкунун элестетет. Алай жергесинде да бейкуттуктун ырахатына көнгөн сайын турмуштун өрүшүнө умтулуу аң-сезимге желаргыдай аралай баштады, элүүнчү жыл жаңы эле босогону аттаган. Социализм колхозу, Корул айлы. Колхоздун жалпы жыйыны жүрүп жатат, тээ артта олтурган кимдир бирөө «алма экпейлиби» — деп, капилеттен сунуш киргизди эле, бирөөлөр «Корулга алма бышпайт» — деп кесе айтты, бышса керек дегендер да болду, кантсе да алма көчөттөрүн олтургузуп көрүүнү туура табышты. Кара-Суу районундагы питомниктен кадимки эле кыргыздын ак алмасынын көчөтүн алып келишип аз гана аянтка эгишти. Алайдын абасы бап келди бейм, көчөттөр ишенимдүү көтөрүлүп «канат» бутак байлай баштады, кийинки жылы алма эгүүнү каалоочулар көбөйүп Биринчи Майга, Тогуз-Булакка, Кең-Жылгага да алма көчөттөр олтургузулду.

«Кимдин-ким экендигин мезгил көрсөтөт го» дейт, элибизде. Дал ушундай болуп чыкты. Көрсө, аракеттенгендин

баары эле дыйкан эмес экен, көчөт эккендигин баары эле багбан эмес экен, эшиктин алдына жеткирип берген көчөттү эгип коюу оңой болгону менен аны бапестеп багып жетилтүү өжөрлүктү, шыкты талап кылат тура. «Алма десең эгип койсоң тал-теректей өсө берет» — деп үстүртөн карагандар, башталган ишти өтөсүнө жеткирүүдөн жалакайлаган бош мүнөздөр арадан арбын эле чыкты. Мезгил жараткан жаңы жагдайдын эми гана билинер-билинбес сого баштаган назик тамырынан бараандуу ийгиликтин жышаанын адашпай баамдаган азаматтар эл ичинен чыкпай койбойт тура, мына ушундайлардын бири тубаса дыйкан корулдук Жоро аке болду. Бул киши «Корулда алманын кандай болорун көрө жатарбыз» деген ыкшоо акылды четке какты да, белди бекем бууп, кеп-кеңеш угуп, акыл үйрөнүп, өнөр үйрөнүп келүүгө атактуу Фергана өрөөнүн көздөй бет алды... Ушинтип, Жоро акенин багы аппак гүлдөрү бажырая көркө келип, аңкыган жыты менен жолдон өткөндөрдүн көңүлүн өзүнө бура баштады. Жылдар өтө берди, билимге тажырыйба кошулду, Жоро аке уламдан-улам алманын жаңы, түшүмдүү сортторун өздөштүрүп олтуруп атактуу апорттон баштап: «кандил», «семеренко», «жаннаты» деген чөлдү мекендеген түрлөрүн да алайга «көндүрдү». Багбандын эмгегин баалап кадырын түшүнгөн айылдаштары көчөт алышып, насаат-кеңешин угуп алкышын айтып жатты. Арадан «ай, байыгың келсе Жородой алма эк» деген, турпаты жалкоо колунан иш келбеген ич күйдүлөр да болбой койбоду. Ал эми М. Алимов, Т. Маметумаров, А. Осмонов, А. Токтобаев, П. Салиев сыяктуу жакшынын шарапатынан таалим алгандардын бүгүнкү күндө дүпүйгөн мөмөлүү багы бар.

Аракеттен-берекет болуп Жоро акенин атагы алайдын Талдык ашуусунан ашып, өзү тарбия алып келген Фергана өрөөнүнө да жетти, мына эми ферганалык дыйкан дасторконунан даам татып суроо үстүнө суроо берип олтурат. Эмне үчүн дүр-дүйүм жер жемиштин мекенинен келген, көптү көргөн кылдат табиттүү багбан алайдын алма-

сына кызыгып калды? Аны таң калтырган алай жергесинин ажайып абасы, күмүш булагы, кереметтүү жер кыртышы жараткан өзгөчө даамдуулугу эле.

Жашы токсондон ашса да алдуу-күчтүү акылы даана Жоро чоң атаны, күндүн күлүк нурлары салаалай аралаган шаңдуу алма багында, дарактардын арасындагы алакандай жерди да көз жаздымдан калтырбай эккен картошка, сабиз, калемпир, шалгамды жөөктөй тыкан карап отоо чөптөн тазалап жүргөнүн көрүп «ушунчалык узун өмүрдүн өбөлгөсү ушул алма бак да» деген ой кылт этпей койбойт. Мындай карасаң абдан эле жөнөкөй сыяктуу: көчөттү өз маалында эксең, анан арадан анча деле көп жыл өтпөй жетилип жемиш бере баштайт, жыл өткөн сайын түшүмдүүлүгү артат, мал-жандан коруп күзүндө мөмөсүн жыйнап алганды билсең болду. А бирок корулга жанаша жайгашкан алда канча суусу мол Жошолуда эмне үчүн алманын асылдыгын даңктоочулар аз? Ал эми Корулда кишенеген аттын үнү угулуп турган Сабайда правдалыктар, корулдун алмасын базардан издейт. Жайлоо көрктүү Будалык жөнүндө айтсак, бул жерди табигат өзү кудум эле алма эгүүгө арнап түзгөндөй элес берет, эми ошол элес чындыкка айланса кандай сонун болор эле! Анча-мынча алма эгилген чарбагы бар Кызыл-Коргон, Мурдашты мындай коёлу ал тургай алманы Арчаты, Кызыл-Алайга чейинки бийиктикте өстүрүп жетилтүүгө боло тургандыгын турмуш далилдеп олтурат. Алайлык токойчулар тоо беттеринде жемиш бактарын өстүрүүгө бир топ эле аракеттенгендей болушту негедир жыйынтык «көзгө жугумдуу» эмес.

### Кара-Мыктын картошкасы

Кыясы, табигат өзүнүн каардуу сүрү менен кошо кайталангыс ажайып кереметин тартуулоону унутпайт окшойт. Отузунчу жылдардын башталышы, «жералма» анан «дөшкө» деген атка конуп алайдын экинчи бир Корулдан алыс аймагында, ак мөңгүлүү тоолордун ортосундагы кичине

кей айылда табышмактуу жер-жемиш пайда болду. Бирөөлөр жесе болот десе, бир даары буга каршы өзүнүн ойлон чыгарган далилин келтирип жатты, акырында бул жемиштин элге таралышына чыт курсак жаш балдар жол ачты. Беш-алтыны көйнөгүнүн этегине салып көтөрүп келет да очоктогу чокту жыйып ага көмүп коюшат, бышкан соң сыртындагы кабыгын сыйрыса ичинен быркырап майдаланган аппак күкүмдүү тамактын жыттуу илеби мурунду аралайт, «апа, ата жеп көрсөңүздөр, кандай ширин» деп тамшанат бала...

Азыр, Кара-Мыктын картошкасы деген сөз атактуу Ош базарында да жандуу кызыгууну жаратат. Эң калаты жери, Кара-Мыктан бар болгону кырк чакырымдай жогору жайгашкан Дароот-Коргондо же, айталы ошончо аралыкта төмөн жайгашкан коңшулаш Тажикстандын Жерге-Тал районунда да картошка эгилет, бирдей эле сорттогусу Кара-Мык картошкасындай даамдуулук сапатка, көпкө сакталуучу касиетке (үч жылга чейин) ээ бол албай тургандыгында,— мына жаратылыштын купуя сыры! Нукура Кара-Мык картошкасын чокко же жалаң сууга бышырсаң да ал кумдай майдаланып, эттей чыктуу даамданат — наарлуу. Азыр эми Кара-Мык картошкасы мына ушул ажайып касиеттен ажырай баштады, анын негизги себеби узак жылда жергиликтүүлүккө айланган уруктун башка жактан келген урук менен сүрүлүп чыгышында. Албетте, С. Гапаров, Ж. Эсенбаев, П. Жоробаев, М. Тагаев, А. Амиралиев сыяктуу Кара-Мык картошкасын кастарлоочулар бар, бирок, ал да Оштон келген уруктан өндүрүлгөн. Картошканын сапатына кедергисин тийгизген дагы бир жагдай минералдык жер семирткичти тура эмес пайдалануудан болуп олтурат. Минералдык жер семирткич түшүмдүүлүктү арттырганы менен жашылчанын даамын начарлатып сактоого чыдамдуулугун төмөндөтөт экен, ал эми даам адамдын организмине зарыл микроэлементтерден түзүлөт, демек даам тамактын сапаттык көрсөткүчү. Табигаттык өзгөчөлүктү ыйык тутуу менен карамык картошкасын

өзүнө таандык сапатка кайрадан көтөрүп чыгуу жашоонун кумарлуу ажатын табарик туткан ар бир инсандын атуулдук парзы болууда.

Алайдын Чоң-Алай аймагында да көп жылдык машакаттан соң алма, өрүк, гиластын мөмөсүнөн даам татууга жетишилди. Өзүнүн сабырдуу өжөрлүгү, тарипилүү тажрыйбасы менен элге кадыры сиңген карамыкчы Тагаев Мураттын үзүрлүү аракетинен жаралган Чоң-Алай совхозуна караштуу Мукур алма багы мына кийинки жылдары ишенимдүү эле түшүм бере баштады, алгачкы эгилген өрүк көчөттөрү да бириндеп жетилүүдө. Жемиш дарагы деңиз деңгээлинен улам жогорулап Жекенди, Сары-Булак кыштактарынан орун тапты, анан Дароот-Коргонго жакын жайгашкан Чак кыштагында да бой керди. Бул жерде Мажит акенин короосунан өрүктүн бышкан мөмөсүн көрдүк. Демек, деңиз деңгээлинен 2200—2500 метр бийиктикте деле жашылча менен кур дегенде өзүбүздү камсыз кылсак болчудай. Алибетте, климаттын катаалдыгы көчөттөрдү багып жетилтүүдө бир далай кылдаттыкты талап кылат. 7—12 жылдан кийин гана барып түшүм бере баштайт. Биз бүгүнкү күн менен эле жашап жаткан жерибиз жок да. Жакынкы келечекке гана эмес, небереден-чөбөрөгө чейинки тагдырдын үзүрүнө пайдубал коюу адамдык жигердин, аксакалдык даанышмандыктын тээ илгеритен келаткан мурасы.

* * *

Айтылуу Алай жергебизди жалаң эле төрт түлүк малдын эмес, мөмө-жемиштин мекенине айландырууга толук шарт бар экендиги калетсиз, маселе, ар бирибиз алдыбыздагы максатты айкын сезип бул ишти чындап колго алышыбызда турат.

## БҮГҮНКҮ МАЛЧЫНЫН ТИРИЧИЛИГИ ЖӨНҮНДӨ

Чыгыш тарап улам агарып келип, күндүн алгачкы нурлары Ала-Тоонун ак чокусун күмүш түргө боеп, балык жондуу төрлөрдө күрдөөлдүү кыймыл башталат. Мал киндиктүү жергебиз дейбиз, төрт түлүк малсыз кыргыз тоосун элестетүүгө болобу? Эч мүмкүн эмес. табигаттын кооз монументи тоо, анын жандуулугу анын көркү — жайылган кой-эчки, шамалга жалын сапырган жылкы, желинин чайпала баскан уй. Мал чарбасы бүгүнкү күндө Кыргызстандын сыймыгы эмеспи...

Мындан он эки — он үч жыл илгери республикалык басма сөздө чабандык кийимдин жаны түрү жөнүндө кызуу маселе козголгону эсимде. Кийимдин бычымы, өзгөчөлүгү айтылып, сүрөтү көрсөтүлүп, артыкчылыгы тууралу кеңири маалымат берилген болчу. Убакыт өтө берди, ал эми каарман малчыларыбыз алыскы кыштоолордо, ызгаардуу жайыттарда, коюлма шагыл-таштуу тик беттерде баягы эле керзадан жасалган резинка тамандуу өтүк, шырылган фуфайке — шым, узун плащ, башына тумак кийип, эмгектенип келатат. Мына ушул кийимдер азыркы күндүн эстетикалык талабына жооп береби? Биз жетишкен жалпы турмуштук деңгээлге айкалышабы? Плащтын этеги узун, жаан-чачындан, шамалдан коргойт, бирок тоону көздөй тике бараткан адам улам аны басып алып жүдөйт, негизинен брезенттен жасалгандыктан суукта катып калса, күн ачылар менен ысыкты тез тарта баштайт. Ал эми кеңири чыгарылып жаткан фуфайке — шымдар жаңысында гана бир аз дурус, тез эле ичине шырылган кебези тыгыздалып жылуулукту жакшы кармабай калат, айрыкча белди жылытпайт, түймөлөнүшү начар, кийип жүрүшкө ыңгайсыз. Ал эми керза өтүгүнүн негизги кемчилиги — шагыл таштуу жерде бир нече күндө эле таманындагы бүдүрлары жоюлуп калат да, бетегелүү беттерге келгенде токтобой тая берет. Малчылар үчүн чыгарылган башка атайын жумушчу кийимдер да ушул сыяктуу кемчиликтер-

ге ээ, өтө эле жупуну, көрксүз, модели эчак эскирип бүткөн.

Ошондуктан, кийген кийиминин көрүнүшү эле ар бирибизге мал баккан адам маданий жана рухий жактан караманча артта калгандай элес берет.

Мындан улам, анда малчынын кийими кандай болуш керек деген суроо туулат. Ал биринчи кезекте азыркы жаштар модасы менен айкалышып турушу максатка ылайыктуу деп ойлойбуз. Бул үчүн бизде узак убакыттан бери сыноодон өткөн айкын мисалдар бар эмеспи. Ал — шарт өзгөчөлүгү менен чабандык кесипке жакындашып кеткен геологдор жана альпинисттер үчүн чыгарылган кийимдер.

Геологиялык чалгындоо отряддары бүгүнкү күндө кең Мекенибиздин эң алыскы булуң-бурчтарына барып, тоо-талааларда ысыкка чыдап, суукка көнүп эмгектенишет, ошого карабастан бул чөйрөдө эмгектенүү жаштар үчүн сыймыктуу. Эмнеси менен кызыктырат? Ириде романтикалуу, улан-кыздардын делебесин козгогон атайын тигилген жарашыктуу формасы да тиешелүү даражада себепкер эмеспи. Демек, малчыларга арналган кийимдин моделин он жылдап иштеп чыгуунун эч кандай зарылдыгы жок — ылайыктуусун тандап алып аны даярдоону тездетүү гана керек.

Мылчынын турмушу жайытты пайдалануу зарылдыгы менен шартталат. Мал чарба комплекстерин түзүү социалдык бир топ проблемаларды чечип жатат. Ошентсе да көпчүлүк учурда ар бир отор, ар бир короо өзүнчө жерди ээлеп жалгыз жүрүүгө туура келет. Бул малчыларды турмуш-тиричилик жактан тейлөөнү татаалдаштырат. Алсак, чабанга жазгы жайытта башкача турмуш шарт керек болсо, кышкысын жашаган үйдүн жылуу болушу негизги талап.

Мындайча талдап карасаң, фантастикалык деңгээлге жеткен техникалык прогресс бизди, турмуштун карапайым маселелеринен алаксытып койгонун байкайсың. Андай болбосо, эмне үчүн ушул бүгүн малчылар, айыл кыштакта

жашагандар кеңири пайдаланып келе жаткан темир печтер, заводдор тарабынанбы, турмуш-тиричилик комбинаттары тарабынан чыгарылганы болобу, мындан канча жыл илгери кандай формада болсо, ошол калыпта өзгөрүүсүз калууда. Албетте, маселе мында эмес, азыр бүткүл өлкөнүн масштабында коюлуп жаткан огун энергиялык үнөм талабына такыр жооп бербегендигинде. Турмуштук практика бул мештердин 30—50 процент жылуулукту керней аркылуу асманга кетирерин аныктады. Экинчиден от өчөрү менен муздап калат, үчүнчүдөн тамак бышырууга (айрыкча нан бышырууга) начар ыңгайлашкан. Ал эми бүгүнкү күндө турмуш бир эле меш менен эки үч бөлмөнү жылытуучу (негизинен ысык түтүн менен, суу менен жылытуу маселеси да тоолуу шартта өзүнүн анча актабады), жылуулукту бир нече саатка кармап туруучу, көмүр, жыгач, көң, ал гана эмес зарыл болгондо электр энергиясын пайдаланууга ыңгайлашкан универсалдуу түрүн талап кылып олтурат.

Электр жылыткычтары боюнча да өнөр жайыбызга доомат бар. Алсак биздин райондо жердин катаал шарты эске алынып, электр кубаты менен үйдү жылытууга уруксат берилген. Бирок, талапка жооп бергидей электр жылыткычтарын көрө элекпиз, дүкөндөрдө сатылып жаткандардын эң кубаттуусу 24—26 градус суукта бар болгону 10—12 чарчы метр аянттагы бөлмөнү бир жарым киловаттка чейин электр кубатын сарптап 8—10 градуска араң жылытат. Ошондуктан, колдо жасалган, техникалык коопсуздуктун талабына жооп бербеген ар түрдүү жылыткычтар бир гана биздин райондо эмес, башка жерлерде да кеңири пайдаланып жаткандыгы көпчүлүккө маалым.

Эгер, Сиз Алайга келип, кайсы гана малчыга жолугуп, эмне жетишпейт деп сурасаңыз, анда токтолбой туруп чырактын пилтеси деп айтары бышык. Ошол буюмдун «чыр-чатагы» мына көп жылдардан бери басылбай келе жатат. Ана ошол алайлыктар коңшулаш Өзбекстан жана Тажикстандын далай жерлерин кыдырышты, маселе убактылуу

чечилет, бирок проблема калууда. Ал эми кокус учурай калган шишенин сапатсызыдыгы — сынарга шылтоо таппай эле турганы түзүк эмес. Анысы аз келгенсип, кичирейтип, кыска жасай башташты. Буга кошумча керосин маселеси. Ал жетишсиз деп айтууга негиз жок, бирок анын керектөөчүгө жеткенче дизелдик майга (соляркага) айланып кеткендиги таң каларлык. Солярка кара түтүн чыгарып күйгөндүктөн, үйдүн ичин тез эле ыштап салат, керогаздардын да бузулушуна алып келет. Азыр биз аракечтикке каршы катуу чабуул коюп, чечкиндүү иш жүргүзүп жатабыз. Алкоголдук ичимдиктерди чыгаруу кескин азайды — миллиондогон бөтөлкөлөр бош калууда, демек чырак шише жасап чыгаруу үчүн материал белен. Маселе ишти колго алууда турат.

Өткөн жылдан бери жумурткадай жумуру чырагдан кеңири сатыла баштады. Карап туруп таң каласың, дубалга же боз үйдүн керегесине орнотууга мүмкүн эмес, асууга болбойт, бир гана столдун үстүнө коюу керек, малчынын турмушунда буга дайыма эле мүмкүнчүлүк боло бербейт да. Жарыкты чагылдыруучу калканчы бар асма чырактарды качан табат экенбиз?

Мал чарбасынан алынган продукциянын сапаты жөнүндө сөз болгондо биринчи кезекте теринин сапаты начар болуп жаткандыгын мезгилдүү басма бетинде кеңири айтылып жүрөт, жылыштар бар бирок маселе толук чечиле элек. Эми мындай караганда жөнөкөй көрүнгөн бул жагдайды териштирсек. Албетте, тажрыйбалуу чабан, өздүк чарбанын ээси малды кантип союуну — терисин сыйрууну билет, бирок ошого карабастан терини сыйрыган мезгилде бир нече жерден кесилет, май, челкабык кошо чыгат, анан ал ошол бойдон жыгачка илинет же үйдүн чатырчасына жайылат. Качан тери чогултуу башталганда каткан тери өздүк наркынан 30—50% арзан баада даярдоо конторасына барып түшөт. Ал жерде терини сууга салып жибитип, туздап жайып дурустоого аракет жасалат, ага карабастан сапаты начар болуп чыгат. Эмне үчүн? Анткени, тери-

ин сыйруу жана консервациялоо технологиясы сакталган жок. Буга кедерги болгон негизги кемчилик — бычактын сапатсыздыгы. Азыркы дүкөндөрдө сатылып жаткан бычактын бири да конструктивдик түзүлүшү, темиринин сапаты жагынан мал союуга ылайык келбейт. Ошондуктан Ош, Андижан, Кара-Суунун усталары жасаган бычактын баасы бир козу болуп жатпайбы, анын да мизи ашыкча узун, сабы ичке — бирок жоктон көрө жогору. «Мергенчилик жана мергенчилтик чарбасы» журналында (1977 ж. № 9, 10.) айбанаттарды сойгон бычак жөнүндө кеңири сөз козголуп бычактын сапаты бир жолу бүлөп курчутуу менен чоң малдын терисин сыйрып этин толук майдалаганга чейин экинчи курчутууну талап кылбаш керек деп айтылат. Кооз жана ыңгайлуу жасалган мына ушундай бычак ар бир мал чарбасына аралашкан адамда болуу керек. Терини сыйрыгандан кийинки жумуш челин ажыратуу (мездрение), туздоо, керип жаюу, кургатуу, ал эми бул максатка пайдалануучу шаймандарды али бери эч жерден көрө элекпиз. Дагы бир учкай сөз, тапшырылган теринин сапаты үчүн эмгек акы төлөөнү өркүндөтүү, окуу семинарларды өткөрүп туруу, мезгилдин талабы.

Анан боз үйдү жасап чыгарууга дурус көңүл бөлүнүп жатат. Эл арасында кайрадан анын баркы көтөрүлө баштады. Боз үйлөрдү жабдыгы менен чыгарууну дагы кеңейтүү керек.

Эми малчынын кыштоодогу үйү жөнүндө айтсак. Республикабыздагы бул жагдай бир топ жакшы деңгээлде, ошентсе да келечекке карай көз чаптырганыбыз ашыкчалык кылбас. Мен малчыларга, жалпы эле айыл-кыштакта жашагандарга күндүн кубаты менен жылытуучу үйлөрдү кеңири түрдө курууга өтүүнү сунуш кылмакмын. Анткени, бул күнөстүү республикабыз үчүн өтө ыңгайлуу. Отун жа-[illegible] 3—4 эсе кыскартып, чоң экономикалык эффект берет, курулушу анча деле татаал эмес. Кышында [illegible] гүл эксе, теплица жасаса болот. Бул багытта өлкөбүздүн көп жерлеринде бир нече жылдан бери изилдөө-

лөр жана өндүрүшкө кийирүү иштери ийгиликтүү жүргүзүлүп келе жатпайбы.

«Кедей болсоң көчүп көр» деген кыргыздын ылакабы бар, көчкөндө үй эмеректери урунат, сынат, сапаты кетет. Ошондуктан, малчылар жайлоого стол, олтургуч, шкаф ж. б. маданияттуу жашоого өбөлгө түзгөн мебелдик буюмдарды алышпайт. Демек, оңой ажырап, кайра тез чогултуучу, көчүп-конууга ыңгайлашкан бышык, курама буюмдарды жасап чыгаруу зарылчылыгы турат.

Малдын саны көбөйгөн сайын улам алыскы төрлөрдү, тоонун бийик чокусунун жака белиндеги жайыттарды пайдалануу зарылдыгы келип чыгууда, ошондуктан малды отор багууга туура келет, мындайча айтканда, малчы үй-бүлөсүн калтырып, бир нече жума чатырда түнөп мал багат. Бийик тоодо жылдын кайсы мезгилинде болбосун, түнүндө күн суук, кээде кар жаайт. Азыркы чарбаларда пайдаланып жүргөн чатырлардын да чоң кемчилиги бар, ичине печ орнотуп жылытууга ыңгайлашкан эмес, бир кабат материалдан тигилгендиктен жакшы жылыбайт, жарык түшчү айнекчеси жок. Ал эми чатырга тирөөч — таяктарды кошо чыгарбаса малчы арча, кайың, талды кыркууга мажбур болот.

Кээде бир орчундуу маселелерге токтолсок — республикабыздын радиоуктуруу жана телекөрсөтүү Комитетине кайрыла турган себеп бар. Эгерде шаардыктарды, айыл кыштакта жашоочуларды телекөрүүчүлөр десек жайлоодогу малчы негизги радиоугуучу, шаардыктар деле радио угат — качан концерт берилгенде. Демек, радио берүү өз программасын бул өзгөчөлүктү эске алуу менен түзсө. Биз эфирден малчынын күнүмдүк түйшүгүн өз учурунда оперативдүүлүк менен бөлүшкөн, анын аң-сезимин, маанайын көтөргөн берүүлөрдү күтөбүз. Дагы бир сөз, кыргыз радиотранссилациялык станциясынын кубатынын өтө эле төмөндүгү. Алыскы жайлоолордо II-класстагы «ВЭФ», «Океан» тибиндеги приемниктер батарейкасы жаңы болсо гана канааттандырарлык тартат, ал да кечинде. Ал эми III класс-

тагы чөнтөк приемниктер деп аталган, малчылар үчүн алып жүрүүгө ыңгайлуусу такыр тартпайт, Алма-Ата, Ташкенттен уга аласын, кыргызстандын программасын издеп убараланып таппай олтуруп каласың.

Малчыларды радио аркылуу метеорологиялык тейлөө да ойдогудай эмес. Алай өрөөнүндө бир жарым миллиондон ашык кой-эчки, үч жүз миңдей кара мал жайлоодо багылат, өрөөндүн аба ырайы жөнүндө жылына болсо, эки үч курдай учкай айтылат. Ал тургай башка аймактар жөнүндө айтылган маалыматтардан да кайсы территорияны камтый тургандыгын ажырата албайсың. Маселени, республикабыздын территориясынын климаттык бөлүнүшүн айкындаган картаны калктын калың катмарына жеткирүүдөн баштап, белгилүү убакта ырааттуу маалымат берүүгө өтүү ылайыктуу. Ошондо гана биз да аба ырайы жөнүндөгү алдын ала маалымдоого таянып иш жүргүзүүнү үйрөнөбүз.

Бүгүнкү күндө мал чарбачылыгынын кадыр-баркын көтөрүү үчүн көп иштер жасалып жатат. Тейлөөдө, социалдык маселелерди чечүүдө биринчи кезекте малчыларга көңүл бөлүнөт. Өндүрүштүн башка тармактарына салыштырганда, мал чарбасында жетишилген ийгилик көп кечиликтей татыктуу бааланып, алкоого алынат. Ошондо да кадр маселеси курч бойдон кала берүүдө. Эгер айылдык жаштардын шаарга кетүүсү улам көбөйүп жаткандыгын эске салсак, маселенин олуттуулугу дагы айкын болот. Алайдын бийик тоолоруна чыгуу үчүн жыл сайын көптөгөн мамлекеттен альпинисттер келет, ал эми жайында Москвадан, Ленинграддан, Украинадан, Прибалтикадан, өлкөнүн башка борбордук райондорунан келген (отпусканын эсебинен) жөө, велосипедчен, автотуристтерде жол тийбейт, биз болсо тескерисинче өзүбүз шаарга кеткибиз келет. Мунун башкы себеби эмнеде? — кыскасы, ойлоно турган маселе көп.

Революциялык каарман традицияны улантып, күжүрмөн ветерандарыбыздын ордун улам кийинки бейпил күн-

дүн өкүлдөрү ээлеп жатат. Муундардын алмашуусу — бул закондуу процесс. Мына, ушул баатырдык духту, улуу муундардын ишине берилгендикти улантууда жаштардын ролун күчөтүү маселеси турат. Ал эми ыйык демди салтка айландыруу, аны улам күчөтүү жалпыбыздын парзыбыз. Ушул милдетти аткарууда, жаштарды малчылык кесипке кеңири тартууда аларды кабинетке чакырып курулай акыл-насаат айтуу менен эмес, өздөрү кызыгып, жеке демилгеси менен келе турган деңгээлге жеткирүү — негизги максат деп ойлойбуз. Бул жагынан комсомолдук уюмдар мурдагыдай кур кыйкырыкты токтотуп, ишке чындап киришип, маселени чечүүнү өз колдоруна талаптагыдай алса, кандай сонун болор эле!

## ЖАЙЫТТЫН КУТУ КЕТТИБИ?

Килем кѳрктүү жайлоолордун жыл өткөн сайын оттуулугу төмөндөп, кунары кетип баратканы тууралу ачык айтып, сарамжалдуу пайдаланууну калыбына келтирүү жолун талдап, ийри олтуруп түз кеңешип, ой-тажрыйбаны ортого салып масилет курсакпы дейм. Көп жылдар бою жайыт жетишпейт деп айтып эле келатабыз, эми тартыштыктан тыкандык, жетишпестиктен барктоочул, аздыктан аздектөөчүл пейлибиз күчөп «жер кадырын эр кадырындай» урматтап пайдаланып жатабызбы? Же болбосо эртең менен малды короодон чыгарып тоо баштантып коюп, анан шашкеден кийин артынан барып «жамбаштап жатсаң сонун да» деп, четтен көзөмөлдөп кечинде чогултуп баса берүүдөбүзбү? Бүгүнкү күндө жайытка болгон мындай бир өңчөй мамиледен чечкиндүү арылып, натыйжалуу ыкмаларга кеңири өтүү — эртеңкиге калтырууга жол бергис талап. Анткени, жайыт маселеси бул жаратылыш маселеси — экономикалык маселе, эгер кенен көз жүгүртсөк жалпы эле адамзат, жан-жаныбардын бүгүнкү жана түбөлүктүү жашоо тиричилигине байланышкан биосфера маселеси.

Демек, жайытты рационалдуу пайдаланууну чындап колго алуу мал чарбачылыгынын продуктуулугун арттырып, өздүк наркын төмөндөтсө, ошол эле мезгилде табигат проблемасын чечүүгө өбөлгө түзөт.

Жайыттын жетишсиздиги тууралу сөз болгондо жайытты жегирдүү дыкаттык менен пайдалануу жагдайында да ашып оолак сунуштарды ортого салсак. Жайлоого көчүп баруудан мурда чарбанын адиси малчы менен бирдикте жайытты тыкан карап чыгып, малчыга атайын документ түзүү менен өткөрүп берет. Документте: жайыттын аянты, түшүмдүүлүгү, жештүү жана уулуу чөптөрдүн түрү, табигый өзгөчөлүгү, малды жаюу маршруттары, сугаруу шарты толук чагылдырылып, ага жайыттын картасы тиркелет. Жайлоого көчүп баргандан кийин малчы жайытты дагы бир жолу кыдырып чыгып, жарлуу жерлердеги мал кыйын өтүүчү жолдорду оңдоп, булактардын көзүн тазалайт да мал суу иче турган көлчүктөрдү жасайт, коңшу малчынын жайыты менен чекке моло коюп белгилейт. Жай айлары тоо суулары ташкындап ылайлуу агат, малды кирген суудан ичишине жол бербөө керек, тунук суудан сугаруу мүмкүнчүлүгү болбогон учурда өзөндүн боюна суу шыгыл, кум аркылуу сарыгып өтүп тунуй турган бетондолгон көлмө жасоо зарыл. Андан соң малды күн сайын жайып келүүчү багыттарды тактап, ар бирине мерчемдүү жерлерге номерлүү казык орнотот, бул тилкени кезектештирип пайдаланууда боолгоо үчүн керек. Жайытка малды түш келди жая бербей күн сайын алмаштырып оттотууга чоң маани берилет, анткени жайыттын тез-тез кайталанып тепселишинен кыртыш ныкталып жаандын суусу сиңбей турган жана аба өткүс болуп калат, ушундан-улам оттуулугу төмөндөп кетет. Эгер мүмкүнчүлүк жетишсе чөптүн түрүнө карата үч-төрт жерге 9—12 чарчы метр аянтты эрте жазда эле мал кирбегендей кылып кашаа менен тосуп коюу жакшы болот, муну менен жайыттын максималдуу түшүм берүү мүмкүнчүлүгү аныкталат да, келерки жылга карата жайытты пайдалануу ыкмасына толуктоо

киргизилет, ал эми кийинки жылы тосмолорду мал оттогон жерлерге жылдыруу аркылуу жайыттын жыл сайын өзгөрүүсү байкоого алынат. Жаан-чачындуу күндөрү, бетегелүү беттерге, чөп калың өскөн түздүктөргө малды жаюуга болбойт, анткени, жумшак чөптү мал туягы менен уйпалап нымдуу кыртышка матыра тебелеп салат. Мындай учурда жер кургаганча каксоо, шагыл-таштуу беттерди пайдалануу максатка ылайыктуу. Аптаптуу ысык күндөрү малды айлуу түндөрдө, таң заарда күүгүмдө жайган жакшы, мал чогуу баш көтөрбөй оттойт. Күндүз малды көлөкөдө жушатат.

Малчылыкты айрыкча чабандык кесиптин зоболосун даңазалоого чындап ниеттенген атуулдар тарабынан тээ атам замандан бери элибизде кеңири колдонулуп келген, тилекке каршы акыркы жылдары унутулган, малды үйрөтүлгөн эркечтин жана короочу иттердин жардамы менен багууга өзгөчө көңүл бөлүшүн сунуш кылар элем. Албетте, бул көөнө ыкманы калыбына келтирүү оңой-олтоң иш эмес, бирок, азыркы абалда жайытты маданияттуу пайдаланууну ишке ашыруунун негизги реалдуу жана ыңгайлуу жолу. Эркеч үчүн, улакты туулгандан бир жума өтпөй малдан бөлүп колдо багат да, жөнөкөй буйруктарды аткарууга үйрөтө баштайт, анын негизгиси — койду жайытка баштап чыгуу, кыя жолдон, кечүүдөн баштап өтүү ж. б. Айрыкча эркечтин койду тоо сууларынан баштап өтүүдө пайдасы чоң. Мисалы, Алай өрөөнүнө жайлоого көчүп келүүдө Кара-Суу, Фрунзе, Алай райондорунун малчылары кеминде жети-сегиз жолу малды жазында кукуктөп кирген тоо сууларынан кечирип өтүшөт, көп кыйынчылыктарга дуушар болушуп, негизинен ушул машакаттын кесепетинен малдан чыгаша тартышат. Анткени, ташбиштүү аракеттен соң кечүүгө кирген койдун артынан калгандары баш аламан сууга секире баштайт, кээси агат... Ал эми кечүү тандоого үйрөтүлгөн эркеч тайыз жерди издеп койлорду бирден чубатып баштап өтөт. Короочу иттердин жардамы менен мал багуу Алай аймагында мындан жыйырма жылча илгери

кенири тараган эле, буга кызыгуу улам солгундоого учурап азыркы тапта такыр унут болгон. Жакшы үйрөтүлгөн короочу иттер чабандын түйшүгүн алда канча жеңилдетет, мал менен дайыма кошо жүрүп чабан белги берген чектен өткөрбөй тосуп ирееттүү оттоого көндүрөт. Республикабызда дале болсо карышкырлардын малга кансалаңдуу тийиши бир топ чыгымга учуратууда, малды карышкырдан коруууда да короочу иттердин пайдасы чоң.

Бүгүнкү күндө жаратылыш байлыктарын пайдаланууда өтө жоопкерчилик менен мамиле кылуу абзелдиги ар бир ак-сезимдүү инсан үчүн калетсиз чындык, демек бүгүнкү малчы активдүү жаратылышты коргоочу, аны өнүктүрүүчү. Жайытты малдын, техниканын туш келди тебеленишине жол бербөө, «көңүл ачып, сайран куруучулардын» жашыл шиберди, бадал-черди, бүлгүнгө учуратышынан коруу, кыкты, таштандыларды өз убагында иретке келтирүү жайлоону пайдаланган адамдын айныбас мүнөзү болуу керек.

## МАЛ АЙДОО

Жыл сайын жазында, күзүндө республикабыздын автожолдорунда, тоо аралаган чыйырларда, ак мөңгүлүү бел ашууларда чымыркана жол жүрүүнүн түйшүгү мал айдоо жүргүзүлөт.

Жайлоо алыста, өтө эле алыста. Жазгы ысыкта мал айдаган чабан жаак беттен ылдай куюлган терин арчып, аркадан, бет маңдайдан өчөшкөндөй биринин артынан бири демитип келген сан түрлүү жүк тарткан автомашиналардын ышкырык-чуусунан жедеп бүтүп колундагы узун камчысын булгай «кош-кош», деп, алга жылуунун аракетинде. Мал жаныбар да тебелеткидей демиткен дөңгөлөктөргө кош кыял карап туягын шилтейт. Аңгыча, аркадан ЗИЛ-130 автомашинасына «Белорусь» тракторун жүктөгөн шофер жетип келди да сигналын бипилдетип-бипилдетип,

койлорду бир аз аралатып барып аргасы түгөнгөндө чабанга кайрылды.

— Эй, тууган! Койлоруңду жолдун бир четине ыктатып айдасаң, өтүп кетейин.

— Канча бириңе айдап жол бошотушум керек! Сөзүн чала бүткөн чабан андан кийинки кайрылууга жооп да берген жок. Аңгыча бир УАЗик келип койду эрчиген машинанын алдына өттү, кабинадан шляпачан толмоч, салабаттуу киши башын чыгарып өктөм сүйлөдү.

— Эй! Тезинен жолду бошот, бюрого шашып баратам, кечигип калбайын... Бул 1988-жылдын июль айы эле. Мен Ош — Сары-Таш жолунун Гүлчө-Арчаты участогунан гана (90 км) кыштоодон жайлоого айдалган 67 короо койду, 8 үйүр жылкыны кездештирдим. «Бүгүн жолдо мал анча деле көп эмес экен» дешти, жолуккан шофёрлор.

Ош шаарындагы 2902 автоколоннага келип эксплуатациялоо бөлүмүнүн начальниги А. Вахидов менен автожолдор аркылуу жайытка мал айдоо автобазанын ишине кандай таасир берери тууралу сүйлөшүп олтурдук. «Рейстеги машиналар өз убагында кайтпай кечигип калат, шофёрлордун арасында наарazылыктар көбөйөт, автомашиналардын ремонтко токтошу да тездейт. Машинасы ремонтто турган шофёрлор менен бир катар сүйлөшүп келгиле анан маселени жыйынтыктайлы»,— деди, Ахмеджан Вахидович. Эксплуатациялоо бөлүмүнүн начальнигинин орун басары П. Апсатаров менен ремонттоо участогуна барып иштин жайын айтканда эле айдоочулар К. Сабиров, Ж. Каримов, Р. Мамасатаров, А. Усманов, М. Ташибековдор болуп он бештей адам дароо бизди курчап калды да, бирин-бири озо мал айдоо мезгилиндеги жолдогу кыйынчылыктарды айтып кирди... Айдоочулардын айтканынан, эксплуатациялоо бөлүмүнөн алынган маалыматтардан мал айдоо жүргүзүлгөн мезгилде (жазында бир жарым ай, күзүндө бир айдан ашык) Оштон Арчатыга чейинки аралыкта (180 км) мал айдалган багытты көздөй жүргөндө төрт саатка жакын убакыт, ал эми каршы багытта

жүргөндө эки жарым саат убакыт ашыкча убарагерчилик болорун, ошонун кесепетинен орточо 30 литрден күйүүчү май нормадан көп жагылары аныкталды.

Эртеси Памир автотрестине келдим. Булар негизинен Оштон Гүлчө-Арчаты аркылуу Тоолуу Бадахшан автономиялуу областына жүк ташыйт. Диспедчердик пунктта ст. диспедчер И. Сабуржанов айдоочулар Х. Разыков, К. Нарынбаев, Х. Азимжанов менен тааныштырды.

— Биз эртең менен саат сегизде келип Мургаб районуна барууга путевка алганбыз, бирок рейске чыга албай олтурабыз, анткени жолдо кой көп, жол жүрүү өтө татаал, чарчап каласың,— деди Хасылжан аке.

— Эң жаманы, күндүз ысыксыраган кой машинанын астына кирип көлөкөлөөгө аракеттенет, бирөө-жарымды тебелетип кетишиң мүмкүн — деп сөзгө кошулду Кочкор аке.

— Качан рейске чыгасыздар?

— Кечки саат сегизден кийин.

— Демек он эки саат убакыт теке кетет экен да?

— Ошондой. Башка айла жок.

Андан соң тресттин эксплуатациялоо бөлүмүнүн начальниги Г. А. Атаевге кирип кептин жөн жайын айтканда «чындап көңүл бөлө турган маселе»,— деп сөзүн баштады. «Жайлоого мал айдоо мезгили биз үчүн анык машакат. Бензиндин ашыкча сарпталышы, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшү, автомашиналардын майда ремонтунун көбөйүшү дегендей түйшүктөрдү алып келүүдө. Айдалган койлорду айланып жолдун боюндагы көбөт (арык) аркылуу өтөрдө машиналардын борту кыйшайып, жүктөлгөн жүктүн жыларылып түшкөн учуру да аз эмес».

— Кандай чара көрсө болот?

— Мал айдоо үчүн такыр башка жол салынса шоферго да, малчыга да жеңил болмок...

Жыйынтыкта, бир сутканын ичинде Ош — Сары-Таш маршруту боюнча ары-бери каттаган автобазалардын, мекемелердин, чарба-мекемелердин автомашиналарынын жал-

пы санын нормадан ашыкча чыгымдалган жагылгычка көбөйткөндө сумма эки миң сомдон ашарын жөнөкөй эле эсептөө көрсөттү. Ал эми эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнөн, автомобилдин трансмиссиялык бөлүгүнө күч келүүдөн келип чыккан короможуну аныкташ үчүн атайын изилдөө ишин жүргүзүү керек. Бул бир гана багытта, ал эми республикабызда Суусамыр — Кара Балта, Нарын — Ысык-Көл, Токтогул — Талас, Кара-Көл—Жалал-Абад сыяктуу автомобиль канча шайма-шай каттаса, кой да ошончо көп айдалган жолдор бардык аймагыбызда кездешет. Деги жыл бою кеминде үч-төрт короо кой жолдон үзүлбөйт.

Бул маселенин бир жагы. Эми жайлоого малын айдаган малчынын абал-шартына көңүл буралычы: «Жолдо жүрүүнүн эрежесинде» (Правила дорожного движения) § 24,6— малды, күндүн жарык мезгилинде гана мүмкүн болушунча жолдун оң жак бөлүгү менен айдоо керек экендигин талап кылат. Ал эми § 24,9— жакшыртылган жолдор менен (асфальт) мал айдоого тыюу салат, бирок, бул эржелерди сактоого азыркы күндө иш жүзүндө мүмкүнчүлүк жок. Ал үчүн атайын жол салуу керек, а бул чоң каражатты талап кылары белгилүү. Ошондой болсо да автожолдун ар бир он километр участогунда кеминде эки километр айланып өтчү жанаша жол салуу, жаңы курула турган жолдордун проектисин түзүүдө бул эрежени эске алуу зарыл. Автомобиль жолдорун реконструкциялоодо анын эски бөлүгүн курулуш жумуштары жүрүп жаткан мезгилде эле эч кандай негизсиз бузуп салышат. Ал участокторду жол эксплуатациялоо мекемесине (ДЭУ) өткөрүп даяр абалда кармоого милдеттендирсе жакшы болор эле. Зооветеринардык эреже малды шартка карата 8—15 километр гана аралыкка кеминде эки жолу тойгуза оттотуп айдоону сунуш кылат, бул талапты аткарууга да мүмкүнчүлүк болбой жатат. Мисалы, Кара-Суу районунун Алай өрөөнүнө жайлоого чыккан чарбалары 230—260 километр жол басышат, Фрунзе районунун чарбалары 180—240 километр аралыкка көпчүлүк учурда тоо-ташты аралап, мөң-

гүлүү ашуу менен сансыз ташкындаган сууларды кечирип малын айдап келет. Ушундай эле татаал шартка алайды жайлоологон Өзбек ССРинин Андижан жана Фергана облыстарынын малчылары кабылат.

Кара-Суу районунун Фрунзе колхозунун чабандары К. Калматов, Ф. Лапинов, М. Аташев, А. Самидинов, Б. Орунбаевдер райондун Тээке кыштагынан алайдагы жайлоосуна төрт беш күндө жеткен. Алай районунун Правда совхозунун чабандары К. Абеков, К. Рыскулов, Т. Капаров, Ш. Маматовдор төрт күндө келишкен, демек, чабандар күнүнө 40—45 километр аралыкка мал айдаган. Бир сөз менен айтканда зооветеринардык талап аткарылбайт. Эмне себептен? Биринчиден мал айдалып өткөн жерлер башка чарбанын жайлоосу, демек алар коруйт. Чабандардын айтуусуна караганда ушундай шартта дайыма малчылар менен корукчулардын ортосунда чыр-чатактар болуп турат. «Түнүндө гана жашырынып малды жая коюп өзөк жалгатабыз»,— дейт чабандар. Ошондуктан, мүмкүн болушунча тез арадан өз жайлоосуна жетүүнүн зарылчылыгы келип чыгат. Экинчиден мал айдалган жолдун жака белинде малды жуушаткыдай жердин жоктугунда. «Гүлчөдөн Арчатыга чейинки аралыкта башта койлорду камап токтото турган жарлардын астын кийинки жылдары суу жайкап кеткендиктен такыр ыңгайсыз абалда калуудабыз, жолдо жаан-чачынга кабылсаң анык азап»— дешти малчылар. Үчүнчүдөн конуп-түнөө, эс алуу, ысык тамак, ат жеми жана башка тиричилик шартынын тартыштыгы түйшүктөн тез кутулууга арга издетет. Ушундан-улам мал жайлоого салмагын төмөндөтүп, караган бутакты аралап өткөндө кыркыла элек койлордун (жазында козусу менен кошо айдалат) жүнү түлөп, сезилерлик начарлап жетет. Чабандардын айтуусуна караганда деги эле жайлоого туягы түгөл жеткен короо чанда болот экен. Башта ылаңдап жүргөн мал чыгашага учурайт, кээде жолдо адашып жоголот. Кысталыш бурулуштарда, караңгыталашта биринэкин козу койду илип кетип кабинага баскан, адашкан

малды чогулткан арам тамактар да бутташып-чатташып турат.

Автожел түгөнгөндөн кийин мал капчыгай менен ашууну көздөй өрдөп жөнөйт. Тынымсыз эрип турган туңгуюк мөңгүлөрдөн чогулуп ташкындап аккан тоо суусу бирде аска-жарга такалып, бирде жайыкка чыгып койчуну уламдан-улам малды кечирип өтүүгө мажбурлайт, мына ашык машакат ушунда башталат. Кой кечүүдөн өтпөй туруп алат, чабан бирде койду атка өңөрүп, же жөө көтөрүп барып суунун ортосуна таштайт. (Аркы өйүзгө биротоло өткөрүп койсо калган мал ээрчибейт). Ушинтип беш-алты койду өйүзгө өткөргөндөн кийин калган койлор сууга баш аламан секире баштайт, кээси агат, үлгүрүп кармап калбасаң таш агызып чамынган суу алып да кетет. Илгери короону баштаган эркеч кечүүнүн тайызын тандап туруп суудан койлорду чубатып ээрчитип өтөр эле, азыр каранкалгыр эркеч деген да такыр жоюлду.

Мисалы, Алай тоолорун аралатып ашуудан-ашуу «арытып» жүздөгөн чакырым жол басып жайлоого малын айдап келген Фрунзе районунун малчылары үчүн тоо суулары көп кыйынчылыктарга дуушар кылууда. Бир эле Текелик суусунун төрт-беш жерине малчылар өз аракети менен солкулдаган арчаны кыйып (арчаны кыюуга такыр уруксат эмес, бирок арга жок) көпүрө салат, аны суу ташкындаганда алып кеткендиктен ташбиш жыл сайын кайталанат. Же болбосо Теңизбай ашуусунан агып чыккан Дара суусуна элдин өз демилгеси менен салынган он бир көпүрөнү былтыркы жылы ташкындаган суу дээрлик сыйпап кеткендиктен, кээ бир суу шар аккан кысыктардан өтүү үчүн Достук жана Ленин колхозунун малчылары, бир нече курдай малды өзөндүн боюнан чокуга чейин айдап чыгып асканын үстүнөн ашырууга аргасыз болушкан. Алтын-Дара суусунан чыгарылган Көк-Жар каналынан койду өткөрүү бул чарбанын малчылары үчүн жыл сайын «чоң окуя». Кырдаалды Фрунзе районунун жетекчилери билет бирок, убада, көпүрө боло элек. Алай районун Алай

совхозу Кызыл-Суу дарыясынын Тар-Булуң участогуна салган, узундугу 30 метрге жакын темир көпүрөнү эчен курдай сууга алдырган соң чарчашты окшойт кайрадан курбай калышты. Арга түгөнгөндө трактордук прицептерди катар коюп көпүрө иретинде пайдаланууга да туура келет. Мына ушундай абалдан улам, жаз айлары тоо сууларынан бутак-ташка илешкен малдын өлүгүн кездештиресин. Малчылар улам тазалап турат, бирок малдын жыштыгынан — тынымсыз кыймылдан көрүнүш кайталана берет. Эгерде, Алай өрөөнүнө жайлоого көчкөн ар-бир короодон мал айдоодо бирден гана баш чыгаша болот деп эсептесек анда бул бир нече миңге жетет. Малды жайлоодон кайра кыштоого айдоодо чарбалар канча зыян тарта турганын иликтегенде мындай маалыматты өзүбүздүн малчарба адистерибизден эч кимиси бере алган жок. Бир гана Өзбек ССРинин Фергана областынын адистери мындан алты жыл илгери Алай өрөөнүнөн айдалган контролдук короолорду кыштоосуна барганда (230 км) текшерген мезгилде ар бир кой орто эсеп менен 3,1 кг салмагын төмөндөткөндүгү аныкталган, бир нече баш мал жолдо чыгаша болгон, орточо зыян ар бир короодон үч миң сомдон ашкан. Ал эми малды транспорт менен ташууга жасалган аракет жазында жазгы-талаа жумуштарына, урук, шайман ташууга күзүндө тоют даярдоого, короолорго ташып жеткирүүгө туш келип массалуу мүнөзгө ээ боло албай жатат. Бул жерде белгилей кетчү жагдай: тоо сууларына көпүрө салуу, малчылардын жайлоодо өз ара катташып турушуна, турмуш-тиричилик маселелердин ыңгайлуу чечилишине, эки өйүздүн жайытын бирдей пайдаланууга өбөлгө түзөт.

Кара-Суу районун Алай өрөөндөгү Кара-Киндик жайлоосундагы маданий борборунда, жыйырма алты жылдан бери ушул райондун Учкун совхозунда башкы ветврач болуп иштеген М. Тоголоков, экинчи бөлүмдүн зоотехниги Ө. Эргешалиев менен көпкө чейин аңгемелештик. Турмушта көптү көрүп, көптү түшүнгөн Мамарасул аке маселеге

чыныгы жан күйгүзө кызыгып, ар-бир сөзүн ары жүйөлүү, ары далилдүү сүйлөп олтурду. Ош — Хорог жолунун мал эң жыш айдалган Гүлчө — Арчаты участогуна салбай тоо аралап өтө турган жагы бар, бул Чыйырчык. Кум-Бел, Калла-Мазар, Кара-Колдун дабаны аркылуу Арчатыга келүү. Ушул багыттын эң татаал жери Кара-Колдун дабаны. Ашууга бульдозер менен жол салуу жөнүндө көп сөз болду негедир ишке ашпай келатат. Ушундай эле мүмкүнчүлүктү Гүлчө — Арчаты жолунун экинчи тарабында Шарт, Сөгөт жайлоолору аркылуу түзүүгө болорун айтты. Демек, малды жайлоолор аркылуу айдап өтүү мүмкүнчүлүгүн изилдөө менен республикабыздын автожолдорундагы малдын кыймылын бир топ жеңилдетүүгө болот. Кара-Казык, Теңизбай, Ашуу-Кабык, Теке-Салды, Сары-Могол, Талдык сыяктуу ашуулардан кар кете электе малды айдап өтүүгө туура келет. Көбүнчө ашуулардын жака белинде бороон-чапкынга кабылган малчылар малдан көп чыгашага учуроодо, анын негизги себеби малды корголоткудай башпаананын жоктугунда. Ошондуктан, ашууларга атайын жол салуу, белдин эки жагындагы өтөктөргө короо сарайларды, бастырмаларды куруу зарыл болуп турат. Демек малды кыштоодон жайлоого, жайлоодон кыштоого ийгиликтүү айдап жеткирүүгө өбөлгө түзүү максатында төмөнкүдөй иш чараларды турмуш талап кылууда:

Биринчиден жайытты ыкташтырып бөлүштүрүү менен мал айдалуучу аралыкты мүмкүн болушунча кыскартуу.

Экинчиден малды транспорт менен ташуу маселесине көңүл бөлүү, кой-эчки жүктөөгө ыңгайлашкан эки кабаттуу прицептерди чыгаруу.

Үчүнчүдөн мал массалуу түрдө айдалып өткөн жолдордун боюна мерчемдүү жерлерге короолорду, бастырмаларды, акырларды куруу ошол жердин жайытын мал айдап өткөн чарбаларга бекитип берүү.

Төртүнчү: Ар бир областтын борборунда чарбалардын заказы боюнча жайлоодогу суулар үчүн курама темир көпүрөлөрдү жасай турган ишкана ачуу керек, бул мак-

сатта вторчерметтин базаларында үйүлүп жаткан жешилген темир жол рельстерин пайдаланса болот.

Дагы бир мүнөздүү абал. Жайыттын тартыштыгынанбы? Кийинки жылдары чарбалардын ортосундагы ынтымакчылык деген начарлап баратат, болбосо көп маселелерди өз ара макулдашуу менен эле чечсе болмок.

Ички резерв дегенди көп айтабыз, ал кайдан чыгат деп баш катырып да калабыз. Экономисттерге кайрылсак ал китепти, бул китепти ачып, «электрониканын» түймөчөсүн сансыз ирет басып тыйынды-тыйынга кошуп сомго айландыра баштайт. Ал эми күнүмдүк малчылык турмушта «байлык жолдо эле жатпайбы» деген тамашалуу лакап өзүн катаал чындык деңгээлинде кашкайта көрсөтүп келүүдө.

...Жанагы жоопту кызматкерибиз УАЗикке орнотулган автомагнитофондон кубулжуган чет өлкөлүк музыкага магдырай эсинеп, кыйынчылык менен коюн айдап бараткан чабанга корстоно буйрук берип, жердин токсон катмарынан сызылып чыккан байлык менен ак мөңгүлүү жайлоолордогу улам кадыры алтындан кымбат болуп бараткан жайыттын бетегесинин ширеси карама-каршы беттешип текке короп жаткандыгын ойлонор бекен? Жетишет го кыясы!?

## БУРГАНАКТУУ ОЙЛОР

Мен баш калаабыз Фрунзеге ар кандай себептер менен жылына бир-эки жолу барып калам. Алай өрөөнүндөгү Дароот-Коргон айылы борборго салыштырмалуу республикабыздын аймагынын эң четинде, Ош шаарына үч жүз чакырым аралыкта бийик тоолордун арасында жайгашкан. Жүк тарткан машиналардын биринин кабинасына олтуруп Ошко жеткен соң, жыл өткөн сайын ташбиштүү болуп бараткан авиабилетти кассада көпкө акыя кезек күтүп, төртбеш күн кийинкиге сатып алам да... убакыттын текке кет-

кенине өзүмчө кыжалаттанып, аралаш ойлордун туткунунда «Манас» аэропортуна барып түшөм. Салабаттуулугу менен тейлөөсү коошпогон, заңгыраган ушул курулуш каадалуулукту жана мейман кадырын түшүнгөндүктүн белгисиндей заңкайып турат. Сырты көгүш мрамор, ичи жайдары боз таш менен капталган. Чемоданды ыкчам алып, шаарды көздөй шашылам.

Фрунзе шаары — студенттик жаштык жылдарымдын шаары. Ал кезде «Ала-Тоого» баралы, досторго жолугалы, ден соолукту сурашалы деген сөз көп айтылчу. Ошондон улам бир кезде борбор шаарыбыздагы мыкты курулуштардын бири, азыр ак мрамор капталган кабаттуу үйлөрдүн ортосунда көзгө жугумсуз болуп бараткан «Ала-Тоо» кинотеатрынын айланасындагы Дзержинский бульвары, драмтеатр жана «Спартак» стадионунун аймагы аркылуу элестетем, борборго барганда ушул жайларды бир кыдырып чыкмайын көңүлүм жайына келбейт. Көлөкөлүү бак ичиндеги чарпаяларда маашырлана эс алып олтурган карыялар менен аңгемелешип калам, албетте, сөөлөттүү ак тамдар тууралу да сөз болбой койбойт. «Тээтиги курулуштун мрамору Токтогулдан алынып келинген, а мунуку, дал сен жашаган Алайдан, тээтиги болсо Өзгөндүн Жалпак-Ташынан» деп узун сабак аңгеме куруп беришет. Ушундай куму да сулуу, ташы да сулуу, топурагы топуктуу Ала-Тоонун кулуну экендигине сыймыктана бир эргип аласың! Эл деген эл да, анан жай сүйлөшсөң кандай гана имиштерди укпайсың, угушума караганда кимдир бүрөө, кыясы чоң кызматта болсо керек, өзүнүн аброюн көкөлөтүш үчүн ушул жалтырак таш капталган кооз үйлөрдү салдырган имиш. Чынбы, төгүнбү? Алыскы аркайган тоолордун арасында жашаган алайлык үчүн аки-чүкүсүнө жетиш кыйын, бирок, кандай болсо да жыйынтык туура чыгып калган. Мрамор таш капталган дубал кеминде эки жүз жылга чейин эч кандай шыбап-актоону талап кылбайт экен. Демек, алгач кымбат түшкөнү менен бара-бара өзүн толук актайт. Анан биздин колдон да татыктуу иш келерин тас-

тыктап, куунак маанайды жараткан кереметин кандай акча менен өлчөөгө болот? Азыркы тапта үйлөрдү мрамор менен каптоо, акак таштуу коолдуктарды жасоо кандайдыр бир деңгээлде кескин солгундап калыптыр, мен ушуга түшүнө албаймын, байлык колубузда турса, анан эмнеге уялыңкырайбыз дейм да?

Азыркы шашкалак турмушта сейрек боло калчу беймаал учурларда кечээки-бүгүнкүнү жашоо-өмүрдүн чегиндеги мезгилге салыштырып ойго батасың. Деги эле биз кандайдыр жомок менен чындыктын ортосундагы жыргалдуу идеалдын артынан сая түшүп келипбиз. Курулай чечендикти коюп, ачык эле айтайын: азыр жер үстүндө мдырай тирүү жүргөндөр ошол ыракаттуу, топуктуу турмушту өз көзүбүз менен көрүп, колубуз менен кармагыбыз келет.

Далай ниети таза, максаты бийик, көңүлгө төп чечимдерди кабыл алдык, далай дүңгүрөгөн ураан чакырыктарды жер-жерлерге илип, сүрөөн сөздөрдү айттык, жогорку проценттүү көрсөткүчкө көңүл бурдук. Бирок да, сөзүбүз турмуш чындыгынын көктүгүнө кабылып, ал-ахыбалыбыз бир орунда тыбырап туруп калган экен. «Акыры, барар жериң чындык» деп тээ көөнө замандын бир эрке тентегине ак сакалы жайкалган даанышман карыянын айткан сөзү бүгүнкү кайра куруу мезгилине бап келип турат.

Жашоо чындыгы жаңыча ой жүгүртүүнү калыптандырып, кайра курууну тастыктады, ошентип, таза абадан кериле дем алып, кенен көз караштa кебелбес дүйнөгө татыктуу салам айтуунун жолуна түшүп, өлкөдө чыныгы революциялык кайра куруу жүрүп жатат, өтө татаал кырдаалда өтмө катар өз ара шартташкан өксүктөрдү турмуштан четтетүүгө белсенип кириштик. Башта биз ийгиликти да, кемчиликти да жогору жактан тескеп, буйрук берип турган жетекчилерге байланыштуу деп келсек, эми жыйынтык өзүбүзгө — конкреттүү ар бирибизге байланыштуу экендигине көзүбүз жете баштады. Ооба! Биз бардыгын кайра куруп жатабыз, алга жылуубузга бөгөт болгон чылгый жагдайларды талкалап, дүнүйөлүк алдыңкы жетиш-

кендиктерге карай чечкиндүү умтула баштадык. Ой, тобо-о! Кечээ эле, жогору жактан кандайдыр бир ири кызматтагы жетекчи келерде күнү-түнү чакырык жазып, анан клубга толо элдин жарымы ал чакырыктарды колуна көтөрүп, ошол трибунада олтурган адам үчүн жандуу «окуу тактайына» айланчу, бири-бирибиздин алдыбызды чакырык менен тосуп келген кишинин жүзүн да көрбөй калчубуз.

Мына, кийинки эки-үч жылда, маалында алынбай бозоруп барып жыртылып жок болчу көчө толо кызыл-тазыл жазуулар кескин азайды. Эң туура! Бирок, биз эскини чанып эле тим болбостон, анын ордуна жаңыны кайра куруубуз керек. Ураан-чакырык, үндөө да кырдаалга маашиси шайкеш келсе пайдалуу нерсе.

«Дүнүйө ар түрдүүлүгү менен кызыктуу, ар бир эл өз гөчөлүгү менен куттуу» дейт элибизде, улуттук өзгөчөлүктү сактай билүү, өрчүтүү — кайра куруунун, демократиянын жаныча ой жүгүртүү аркылуу калыптандырган мыйзамы. Жер шарынын эң алыскы бурчунан келген меймап биздин калаага түшөр менен бир да адамдан сурабай туруп, бир да жарнакты окубай туруп, меймандос Кыргызстанга келгендигин даана түшүнсө, демек, улуттук өзгөчөлүк бар. Ал үчүн курулуш улуттук мүнөздө болуш керек, күнүмдүк кийим улуттук өзгөчөлүктө болуш керек, улуттук тилибизде таза сүйлөй билишибиз керек, мейманды улуттук каада-салт менен тосуп-узатууну кайрадан үйрөнүшүбүз керек. Мына, ушуга байланыштуу улуттук аң-сезим тууралу кеп козгосок. Азыр улуттук аң-сезимдин ойгоно башташына байланыштуу мезгилдүү басма бетинде кызуу пикир алмашуулар жүрүп жатат. Арийне, маданияттын даңктуу өкүлдөрү академик Д. Лихачев, жазуучу А. Адамович, драматург В. Розов жана башкалар элдин калың катмарынын пикирине төп келген ойлорду айтып чыгышты. «Өз элин сыйлабаган өзгөнү сыйлап жарытпайт» дейт, демек, биз, башка элдин алака катнашына дайыма өзүбүз аркылуу сарасеп салганыбыз абзел. Кимдир бирөөлөрдүн

мамиле, көз карашына баа берүүдө өзүбүздүн нукуралыгыбыз аркылуу териштирсек, улуттук өзгөчөлүгүбүздү кастарлай билебизби?

Кээ-кээде улуттук маселе абдан назик маселе, этият болуу керек, караштырып сөз козгоо керек деп чечкиндүү пикир алмашууну басмырлоого аракеттенгендер да чыга калат. Ошондон улам улуттук маселеден кеп козгогондо жалпылап сүйлөөгө, болжолдуу талдоого алууга ыктап жүрөбүз. Арийне, улуттук жагдай конкреттүү адам менен жашайт жана өнүгөт. Күнүмдүк турмушта, жумуш үстүндө, жалпы эле баскан-турганында элдин назарын бурган коомдук катмарды кимдер түзөт? Албетте, жетекчи кызматтагылар. Эл башкаруучу деген наамдын өзү эле көп нерсеге милдеттендирет. Ооба, көптүн арасынан кимдир бирөө жекече инсандык бийик сапаты менен жетекчилик ишенимге ээ болот деп айтып калабыз, демек, жетекчинин турмуш образы көпчүлүккө таасир берерлик абройлуу нукта болуу керек, арийне улуттук нукта, улуттук маанайды көкөлөтө турган дараметте болуу керек. Эми ушул бараандуу жана катардагы жетекчилерден кимдир бирөөнү жаамы кыргыз журтчулугуна белгилүү улуттук сыймыктын мүнөздүү өкүлү катары мисал келтире алабызбы? Менимче өтө кыйын. Тескерисинче, бир аз кызматка көтөрүлө баштагандан эле кыргызча, орусча аралаштыра өрөскөл сүйлөп, мектепте тил сабагын экиге өздөштүргөндөй таасир калтыргандарга байма-бай бетме-бет чыгабыз. Жетекчиге таандык кыраат, ойдун тактыгы, сөздүн көркөмдүгү дегенден караманча жок. Фрунзе, Ошту коё туруп, ыркайган тоонун койнундагы Алайдын айылдарына келсеңиз, мекеме-ишканалардагы кеңсенин дубалына илинген ураан-чакырыктан баштап, дубал гезит, жердин аты «аралаш токмо», Дароот-Коргон — Дараут-Курган болот да Жошолу — Дюшалы болуп калат. Кыргызчаны орусчалаткыла деп кимдир бирөө көрсөтмө бердиби? Албетте, жок. Жөнөкөй эле кайдигерликтен келип чыккан алашемдик.

Тилден кийинки маанилүү маселе — улуттук кийим.

Эмне, тээ илгери кыргыздын калпактан башка кийими болгон эмеспи? Анан ушул калпактын да жарытарлык өтөөсүнөн чыга албай жатабыз. Өткөн жылы «Планета» басмасы «Памир» аттуу түстүү сүрөттүү, көлөмдүү эң сонун китепти жакшынакай кагазга басып чыгарды, анда мургабдык кыргыздардын турмушуна да бир топ орун берилген. Ушул китептеги даана тартылган сүрөттөрдөн ылайыктуу размери табылбагандыктан чоң адамдардын калпагын көзүнө түшүрө кийип сүрөткө түшкөн балдарды көрүп, оңтойсуз абалда каласың. Калпак маселесин козгоп, канча кагазды «карала» кылдык, бирок маселе ордунан былк эте элек, эмне үчүн деген суроо көмөкөйгө такалып эле турат. Мен бир эле калпак жөнүндө айткым келип жаткан жок: тебетей, такыя, тон, кемер, кемсел, чапан, өтүк, маасы, көйнөк, көлөч, сөйкө, мончок жөнүндө да сөз козгосок. Алыска барбай эле коңшулаш өзбек, түркмөн, тажик элине назар салалычы, улуттук кийимди азыркы мода менен айкалыштырууга боло тургандыгын кандайдыр бир даражада көрсөтө алышты. Биз мал чарбалуу республикасы болуп туруп, терини узун-туура «тебелеп» жүрүп, булгаары өтүк, маасы тигүү колубуздан келбей жатат. Бул жагынан да өзбек туугандар алдыда, жазгы гана эмес ичи жылууланган өтүк, маасыны Алайга чейин жеткире башташты.

Биз улуттук кийим десе, сахнада кийип жүрүүгө да комсоо, этеги сүйрөлгөн кийимди мисал катары көрсөтөбүз, коомдун өнүгүшүнө карата улуттук кийим да ыңгайлашары эсибизге келе элек.

Айлана-чөйрөбүзгө кунт коюп сарасеп салсак, не бир пейли таза, ыймандуу адамдарды жолуктурасың. Арийне, адамдык сапаты туруктуу, достукка ишенимдүү инсанды карапайым эмгекчинин, малчынын, механизатордун, жумушчунун арасынан байма-бай жолуктуруп жүрөм. А бирок, жагдайды долу өктөмүн эрдик менен кабыл алган замандашыбызды өз маалында жамы журтка татыктуу жарыя кыла албай жатабыз, жаштарыбызга үлгү болорлук идеалды ошол эле жаштардын арасынан издөөгө

шыныбыз. Кайра куруунун төртүнчү жылында да мен, сиз жана башкаларыбыз дале мажирөө жылдардын пейилинен арыла элекпиз, биздин жүлүнгө сиңген адат-мүнөз — сандык көрсөткүчтү, мартабаны мактоо, шаңдануу. Орден, медалдын ээси болсо мактоо керек, кызматына карап мактоо керек... Айрыкча санактоо аркылуу мактоону жакшы көрөбүз. Планды мынча процентке аткарды, мынча жолу сыйланган, мынча жолу кызматка көтөрүлгөн, мынча китеп чыгарган. Ошондуктан, адамдарды туулган күнүнө, юбилейине байланыштуу жарыша мактайбыз, мына ошондуктан бүгүнкү күндө жаштарга таарипи адам (кумир) катары мисал келтиргидей отуз жаштын тегерегиндегилерден эч кимди атай элекпиз.

Элдин чыныгы уулдары тууралу кеп козгоодо дайыма кечигебиз: атактуу хирург И. Ахунбаевди, балерина Б. Бейшеналиеваны көзү өткөн соң, бир топ жылдан кийин гана журтка «тааныштырдык». Кыргыздын бир сыймыктуу уулу С. Чокморовду юбилейине карата эстеп жарыша мактадык. Башка мисалдар канча? Ушундан-улам биздин мактоо ишенимсиз, жасалмалуу болуп калууда, бир беткейликтен улам эл ичинде мактоого маани бербөөчүлүк бекем орноп алган. Адамзат деген баары бир элдин белгилүү өкүлдөрүнүн өмүр баянына кызыгат эмеспи, анан буга «кунуя кырдаал» көзүнчө мактап, артынан ар кандай кашкаар кеп чыгарган ич күйдүлөрдүн күнүн туудурат.

Улутубузда, чын пейилден даңктай турган кыздарынан саналуу эле, ошолордун бири — Мыскал Өмүрканова. Алайлык абышка-кемпирлер Мыскалдын эл аралап коңгуроо добушу менен ырдаганын эскерсе, көзүнө жаш албай кое албайт. Мыскал — өзүнчө эле легенда жомок. Анткени, Мыскал тубаса талант болгон, убакыт улам алга жылган сайын анын кайталангыс нукуралыгын далилдей бермекчи. Анан, Мыскал ырдабай калды, сахнага чыкпай калды, дароо эле Алайда ар кандай имиш-имиштер башталды: Мыскал ичип кетиптир... «Эл кандай болсо эркеси ошондой» дейт алайлыктар, болсо болгондур, кеп башкада.

Кеп — Мыскалдын ыры аркылуу образын демоор тутуп жүргөндөрдүн көңүлүнө доо кеткендигинде. Демек, мындан чыгарчу тыянагыбыз: элдин көзүнө көрүнө башталыңбы, эмгекте да үй-бүлөндө да назарга татыктуу бол, татыктуу жүрө албай баратасыңбы, эмне себептен экенүгөнүнү суракжылоого, талдоого алууга коомчулуктун толук акысы бар, демек кайра куруу жарыяланган маалымдуулук анык шыпа берер зарылдык. Демек, информация каражаттары аркылуу көрүнүктүү адамдарыбыздын, жетекчилердин жеке турмушу, кулк-мүнөзү тууралу калайык калкка баяндап турганыбыз абзел.

«Саясий портрет» деген аныктама бар, бул — мамлекеттик ири жетекчилердин инсандык көрөңгөсүн талдоого алуу, мындай «саясий портрет» ириде бригаданын, чарбанын, райондун, областтын, республиканын жетекчилерине, илимдин, искусствонун, адабияттын өкүлдөрүнө, эмгектин алдыңкыларына карата да маалымдоону үйрөнүшүбүз зарыл болуп турат, мына ошондо гана биз, кызматтын, наамдын, сыйлыктын, ийгиликтин өзөгүндө ким тургандыгын билебиз, канчалык даражада нагыздыгына көзүбүз жетип, урматтоодо, сыйлоодо, шайлоодо туура мамиле жасоого үйрөнөбүз.

Улуттук өң, улуттук мүнөз деген түшүнүк бар, ушул кезге дейре бул тууралу батынып, ачык айта элекпиз. Өткөн жылы кыргыз кызы Жаңыл Төлбашиеванын Англиянын борбору Лондон шаарына өткөрүлгөн «Мисс Азия-88» сулуулар конкурсуна катышканын гезиттен окудук. Күтүлбөгөн жагымдуу жаңылык! «Сулуулар жарышы» десе эле бушуркөй кабыл алабыз, «кимдир бирөө эмгеги менен эмес, табигат берген турпаты аркылуу атак-даңкка, жыргалдуу жашоого жетет, ушул да адилеттүүбү» деп жактырбоочулукту билдиребиз. Эгерде, Батыш өлкөлөрүнө таандык коммерциялык-бизнестик чүмбөтүн алып салса, чынында бул алгылыктуу иш. Мезгил өткөн сайын элдин, улуттук кылымдарда калыптанган турпаты өзгөрүлө тургандыгы закон ченемдүүлүк, ал эми сулуулар конкурсунда

дан ушул улуттук өңгөчөлүктүн модели аныкталат, мына ошол модель жалпыга пропагандаланат. Конкурстун максаты бир эле өң-түзүлүшкө карата жыйынтык чыгаруу эмес, арийне, аялзаттык пакиза табигый шык-жөндөмдүүлүктү сынакка алуу менен эволюциялык генетикалык өнүгүүнүн кандайдыр бир сересин баамдоочу жагдай. Мына ошондуктан, кийинки жылдары бир далай өлкөлөрдө өткөрүлгөн сулуулар конкурсунда баш байге «чүрөктөргө» караганда, негизинен типтүү эле өң-түстүү кыз-келиндерге ыйгарылды.

«Бакытты башталарда куттукта» дейт элибизде, азыр өнүккөн өлкөлөрдө, наристени, эгер ал татаал оюнчуктарды башкарууну, сүрөт тартууну, сууга сүзүүнү өздөштүрө баштаса, бир жашынан эле бүт өлкөгө дүңгүрөтө жайып чыгууда. Анткени, азыркы адамдык жөндөмдүүлүктү кычырата сыноого алган электрондук-компьютердик кылымда инсандык көрөңгүнү эң жогорку чегине чейин ишке кийирбей, ийгилик жаратуу кыйын. Илимпоздордун аныктоосуна караганда баланын 3—5 жашынын аралыгында эле акылдык заболосуна негиз түзүлүп бүтөт. Демек, мектепке келгенде баланын жөндөмдүүлүгүнө көңүл бөлүп, кубаттоо кечеңдей баштайт. Бизде окуучулардын арасында республикага, ал гана эмес Бүткүл союзга белгилүү аракетчилдерибиз, шыктууларыбыз, эрктүүлөрүбүз, таланттууларыбыз болуш керек. Тилекке каршы, ушул күндө мындай дем тутар атуулдарды мектеп эмес жогорку окуу жайынын студенттеринин арасынан атай албайбыз. Өтө өкүнүчтүү! Эмне, биздин элде азаматтар жокпу? Албетте, бар... Кээде протекциялык жол менен көтөрмөлөнгөн студенттердин аты акыс-кокус чыга түшөт. Мактоо турмуш чындыгына төп келбегендиктен жасалма жылдыз тез эле өчүп, дымдарек болот. «Жигитти мактоо оздурат, күлүктү жандоо оздурат» дейт эмеспи. Албетте, адилеттүү даңазалоо эстүүнү эргитип, алга сүрөйт, бирок, ошол эле учурда көөнө элмандын «мактоо эрктүүнү жарыштырат, эрксизди майыштырат» дегени тез-тез эле төп чыгып калат. Буга конкрет-

түү мисал издесек огеле көп, улуттук искусствонун озүнчө бир багытын калыптандырган белгилүү обончубуз Р. Абдыкадыров баш болгон орто жана жаш муундун бир далай өкүлдөрү союздук тургай дүйнөлүк аренага чыга турган потенциалдык тубаса шыгы барлар «майда айылдын той-тамашасынан» колу бошобой мезгилин өткөрүп жиберишүүдө.

Сенектик жылдарда тарамыштай чыңалган бюрократия элдин-жердин, улуттун сыймыгы болуучуларды жеке кызыкчылыктын, кызмат үчүн бөжүрөөчүлүктүн, дүйнө жыйып, керт башын эркелетүүчүлүктүн пендесине айландырып жибергендиги кайра куруунун күрдөөлдүү ишке ашышына каскак болуп жатпайбы. Дал ушунун кесепетинен айылда уруу-урууга бөлүнүп, райондо кыштак-зонага бөлүнүп, областта районго бөлүнүп, республикада оштук, көлдүк, чүйлүк, нарындык болуп сөз талаша; үстөл талаша, ыңгай-шарт талаша кетмейибиз бар, турмуш чындыгына адилеттүү көз жүгүртүп, каниет кылуунун ордуна. Бул тууралу ачык айтпай, кырдаалды каргышка кабылтпай, абакабыз жөндөлбөйт. А бул улуттук интеллигенция деген маселеге келип такалат.

Мына шаарда, айрыкча техникалык касиптерде жергиликтүү улуттун өкүлдөрү ондон бирге эми жетти деп айтып жатабыз, айткан менен маселени чечүүгө конкреттүү аракеттер жасала элек. Абалды чындап өзгөртүүгөниетибиз болсо кур дегенде бир иштиктүү чечим кабыл албайлыбы. Алыскы айылдарда жашагандарга Фрунзе, Ысык-Көл, Ош шаарларына копепативдик жол менен үй салууга уруксат берсек. Анткени, ижаралык ыкманын кеңири жайылышынан жумушчу орундар кыскарып, азыр айылда иш таппагандар бир далай, шаарда болсо ишканаларды эки-үч нөөмөткө өткөрүүгө болот. Экинчиден, окуу жайын бүткөн жаштар шаардан иш тапса да, турак-жай шартынын татаалдыгынан айылга келип, «ишсиздердин» катарын көбөйтө баштады. Себеби, биринчи кезекте башкаруу аппараты кыскарууда. Бул чечим менен бир далай ата-

энелер балдарын шаарга жайгаштырууга мүмкүндүк алмак.

Дагы бир мисал. Жакында Фрунзе политехникалык институтунун жаш илимпозу, техникалык илимдердин кандидаты Үсөнбек Осмоновдун бир топ жылдардан бери жука тунке темирдин сапатын арттырууда алгылыктуу ийгилик жаратып, бирок, аны өндүрүшкө киййирүүнүн далай азаптозогун баштан кечиргендиги тууралу арыз-муңун борбордук гезиттен окудук. Жанагы, илимдин техникалык тармагында улуттук өкүлдөр абдан аз дегендер каякта жүрүшкөн? Деги эле кийинки кезде бабаларга таандык таңдануу, назарчылдык, көрөгөчтүк туюмубуз бөксөрүп кеткендиги ойлоно турган акыбал.

Ар бир революциянын мүнөзүн аныктаган урааны болгон, кайра куруу революциясынын урааны: «Өзүңдөн башта!» Демек, үстөл кучактаган кайсы бир «чиновниктерден» көп деле жакшылык күтө берүүнүн кажети жок, тез арада шаардык, айылдык интеллигенциянын «Баарлашуу клубун» түзүп анын илимий-техникалык, маданий-адабий, өндүрүштүк-экономикалык, айыл чарба секцияларын уюштуруп, иш-планын түзүп, алгылыктуу идеяларды талдоого алып, акылды ортого салып, шыктуу-ирдүүлөрдү алга сүрөп, колдоп, коомдук аң-сезимди өнүктүрүү мектебине айландырып, жаныча ой жүгүртүүнү турмушка ашырууга белсенип киришүү учурдун талабы.

Токтогул, Ак-Талаа, Алай, Манас, Жети-Өгүз райондорун улуттук салттын аймагы деп жарыялап, улуттук типтеги жеке жана коомдук курулуштарды көбөйтүп, улуттук кийимдин моделин кеңири жайылтып, улуттук салт-каада, майрамдарды, улуттук оюндардын спартакиадасын өткөрүү менен улуттук салтты пропагандалоону баштасак. Тээ, алыскы доордон бери карай кыргыздар жашап келген аймактардын этнографиялык жагдайын терең изилдеп, кандай өзгөрүүгө кабылганын аныктасак, союздук республикаларда, чет өлкөлөрдө жашаган кыргыздар тууралу алардын социалдык маданий, абалын даана сүрөттөгөн адабий

китептерди чыгарууну колго алсак. Кыргыз советтик энциклопедиясынын Кыргыз ССРи томдугун мезгилдин талабына ылайыктап кайрадан иштеп чыгып, ага улуттук салт-каада, үрп-адат, улуттук кийим, улуттук мүнөз, улуттук оюндар деген бөлүмдөрдү киргизсек. Албетте, байыркыны эски салт деп, улуттукту улутчулдук деп, беш-алты адам чогулуп талаша-тартыша ой бөлүшсө, саясий уюмдашуу деп шабазан көтөрүүчүлөр болору бышык. Шүгүрчүлүк, буга каршы турууга дараметтүү айкындыктын, маалыматтуулуктун шартында жашап жатабыз.

Научно-популярное издание

**Муса Сапаев**

ЭКОЛОГИЯ СОВЕСТИ

Публицистики

Художник Т. Исамадыров

Фрунзе Издательство «Кыргызстан»

На киргизском языке

Илимий-түшүндүрмөлүү басылма

**Муса Сапаев**

ЫЙМАН ОТУ

Публицистикалар

Редактору А. Жунушев
Сүрөтчүсү Т. Исамадыров
Көркөм редактору Ч. Абдраимов
Тех. редактору Л. Шевченко
Корректору М. Кожалиева

ИБ № 4752

Терүүгө 10. 10. 89. берилди. Басууга 25. 04. 90. кол коюлду. Д—00456. Форматы 70×108 1/32. № 1 басмаканалык кагаз. Адабий арипи. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 4,0 физ. басма табак. 6,72 шарттуу басма табак. 5,996 учеттук басма табак. 7,044 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 2500. Заказ № 226. Баасы 25 т.

«Кыргызстан» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

25 т.